# ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР

## МЕН ЖАНА ДҮЙНӨ

Мугалимдер үчүн колдонмо



www.bilim.edu.kg

# Программа жөнүндө

## Marshall Cavendish Education Cambridge Primary Science сериясы менен таанышуу

Marshall Cavendish Cambridge Primary Science (Маршалл Кавендиш Кембридж башталгыч класстар үчүн табият таануу) сериясы Cambridge Primary Science (Кембридж башталгыч класстар үчүн табият таануу) окуу программасынын (0097) максаттарын толук жана деталдаштырылган түрдө камтыйт. Бул серия окуучулардын илимий билимдерин жана түшүнүгүн калыптандыруу менен гана чектелбестен, алардын илимий ой жүгүртүү көндүмдөрүн жана илимге болгон туура мамилени өнүктүрүүнү да көздөйт.

Мугалимдер окуучуларында өнүктүрүүнү көздөгөн **негизги ой жүгүртүү жөндөмдөрү** төмөнкүлөр:

- *ой жүгүртүү талдоосу (кандайдыр бир ойду колдогон же ага каршы болгон пикир кантип түзүлгөнүн түшүнүү; Бул процесс ошол пикирде колдонулган алдын ала кабыл алынган ишенимдерди (божомолдорду) аныктоону да камтыйт;*
- *ой жүгүртүүгө баа берүү (чыгарылган тыянактардын негиздүү экендигин кароо)*
- *далилдердин жана мисалдардын колдонулушун баалоо – пикирди бекемдөөдө кандай далилдер жана мисалдар пайдаланылганын талдоо;*
- *далилдерди чечмелөө жана терминдерди колдонуу (Бул далил эмнени билдириши мүмкүн? Биз "x" дегенде эмнени түшүнөбүз? [эгер "x" ар кандай мааниге ээ болушу мүмкүн болсо]);*
- *түшүндүрмөлөрдү түзүү жана аларды баалоо (Белгилүү бир көрүнүштү кантип түшүндүрсө болот? Бул жакшы түшүндүрмөбү?*
- *Жүйөөнү (пикирди) негиздөө – так жана жүйөлүү пикирди логикалык тартипте курастыруу*

**Диспозицияларды ой жүгүртүү жүрүм-туруму катары кароого болот.**

Окуучуларда мындай жүрүм-турумдар болгондо, алар:

- ***кызыкдар болушат:*** *алар актуалдуу суроолорду бергиси келет (тиешелүү суроолорду гана эмес, кээде байланышы жоктой сезилген суроолорду да изилдөөгө аракет кылышат);*
- *жакшы кабардар болууга умтулушат (анткени жакшы кабардар болуунун маанисин түшүнүшөт)*
- *акылга таянган ой жүгүртүүгө ишенишет (алар рационалдуу ой жүгүртүү дооматтарды пайдалуу байланыштырып, түшүнүктү тактап, өнүктүрүүгө алып келерин, пайдалуу жыйынтыктарды чыгарууга жана туура эмес ой жүгүртүүнүн көйгөйлөрүн аныктоого жардам берерин көрүшөт);*
- *ачык-айрым: альтернативдүү көз караштарды кабыл алууга даяр болушат (мисалы, башка түшүндүрмөлөр болушу мүмкүн экенин билишет);*
- *ийкемдүү: Билдирүүлөргө жана алардын чечмелөөлөрүнө ар кандай көз караш менен карай алышат (мисалы, божомолдорду өзгөртүп);*
- *адилеттүү: жүйөлөрдү жана далилдерди баалоодо жеке кызыкчылыктын таасиринен качып, адилеттүү ыкмаларды колдонушат;*
- *жөндүү чечим кабыл алышат: колдонгон далилдерге же мисалдарга таянып, так жана туура жыйынтыктарды чыгарууга аракет кылышат;*
- *кайра карап чыгууга даяр (жаңы же кошумча далилдерди жана/же түшүндүрмөлөрдү эске алуу үчүн ачык болушат)*
- *маселелер боюнча так болгусу келет: алар изилденген, ырасталган, аргументтелген жана далилденген нерселерди так көрө алышат;*
- *татаал маселелерде уюшкандык менен иштешет: маанилүү мыйзамдуулуктарды издешет жана түшүндүрмөлөрдү логикалык этаптар менен түзүшөт;*
- *тиешелүү маалыматты тапкысы келет: берилген маалыматтын жетишсиз болушу мүмкүн экенин түшүнүп, тиешелүү маалыматты табууга умтулушат;*
- *изилдөөдө максаттуу: дооматтарды (билдирүүлөрдү) карап чыкканда же изилдегенде тиешелүү, маанилүү багытты сактай алышат;*
- *натыйжаларды издөөдө өжөр: алар өздөрүнүн алгачкы ой-пикири көп учурда кошумча маалыматка же ой жүгүртүүгө муктаж экенин көрүүгө даяр.*



kitep.edu.kg

## Суроо берүү ыкмасын колдонуу

Мазмунду жеткирүү (жана ошону менен билим жана көндүмдөрдү өнүктүрүү) суроо берүү ыкмасын тынымсыз колдонуу аркылуу ишке ашат. Бул ыкма окуучуларга түшүнүктү тереңдетүүгө, маанини издеп табууга жана жаратууга, түшүндүрмөлөрдү түзүп жана баалап көрүүгө, маселелерди коюп жана чечүүгө, ой жүгүртүүнү жаратууга жана баалоого мүмкүндүк берет. Окуу китебинде колдонулган «Ой жүгүртүп көрчү» тапшырмасы ушул суроо берүү ыкмасынын жакшы мисалы болуп саналат.

Мындай суроолорго мисалдар төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

- Бул эмнени билдирет же билдириши мүмкүн?
- Бул жерде эмне түшүндүрүлүп жатат?
- Муну кантип түшүндүрө алам? (Түшүндүрө аламбы?)
- Муну дагы кандайча түшүндүрсө болот?
- Бул маселени кантип чечсе болот? (Кайсы ыкма жакшыраак/эң жакшы иштеши мүмкүн?)
- Дагы эмнени билишим керек?
- Эгер бул маалыматка ээ боло албасам эмне болот?
- Эмнени билбешим же эске албашым мүмкүн?
- Бул жерде эмне үчүн же эмнеге каршы пикир айтылып жатат?
- Бул жерде эмнелер баштапкыдан эле туура деп кабыл алынууда? (Бул божомолдор туурабы? Суроо коюуга болобу? Башка божомолдор болсо эмне болот?)
- Бул ой жүгүртүү пайдалуубу? (Мен ынандымбы? Эгер ооба болсо, эмне үчүн? Жок болсо, эмне үчүн?)
- Бул ой жүгүртүүнү кантип бекемдесе/жокко чыгарса болот? (Кошумча далилдердин таасири кандай?)
- Мен башка мүмкүн болгон көз караштарды да эске алышым керекпи?
- Дагы кандай башка көз караштар болушу мүмкүн?

Бул суроо берүү ыкмасынын баалуулугу көптөгөн изилдөөлөр аркылуу далилденген. Ал окуучуларга төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөрдү берет:

- мазмунду терең жана туруктуу деңгээлде өздөштүрүү;
- үйрөнгөндөрүн түшүндүрүү жана колдонуу;
- көбүрөөк жана сапаттуу суроолорду берүү;
- берилген маалыматты кеңири түшүнүү;
- окууга болгон мотивациясын жогорулатуу.

## Окутуу стратегиялары

### 1. 1. Моделдерди жана көрсөтмөлөрдү колдонуу

Моделдер жана көрсөтмөлөр илимий билимди үйрөнүүдө, өзгөчө абстрактуу түшүнүктөрдү түшүнүүдө абдан пайдалуу болушу мүмкүн. Моделдер окуучуларга кандайдыр бир объект, система же процесс кандай иштээрин көрсөтүүгө жардам берет. Физикалык моделди жасап жана колдонуу — окуучуларга реалдуу турмуштагы маселелер жана көйгөйлөр боюнча терең ойлонууга мүмкүнчүлүк түзөт. Бул өзгөчө маанилүү, анткени изилдөөлөр көрсөткөндөй, окуучуларга ойлонуунун таамай жана натыйжалуу жолдору ачык көрсөтүлгөндө, алар жакшыраак үйрөнүшөт.

Ошондой эле Моделдер окуучуларга төмөнкүдөй суроолорду берип, маселе же жагдай жөнүндө терең ойлонууга көмөктөшөт: «Бул эмнени билдириши мүмкүн?», «Эмнени билишим керек?», «Эгерде ... болсо эмне болот?». Моделдөө окуучуларга кээде жөнөкөй же даяр жооп болбошу мүмкүн экенин, ал эми ой жүгүртүү убакытты талап кылаарын көрсөтөт. Мугалим моделдерди окуучулардын жөндөмдөрүн жана тил деңгээлин эске алуу менен түшүндүрмө берүүчү натыйжалуу курал катары колдоно алат.

### 2. Кадам-кадам колдоо (Scaffolding)

Кадам-кадам колдоо — бул маалыматты бөлүктөргө бөлүп, этап-этабы менен үйрөтүү процесси. Ал мугалимдин класска маселени чечүү жолун «куруп» көрсөтүүсүн жана ыкманы бирге түзүүсүн камтыйт. Негизги идея — сабактар өтө берген сайын бул колдоонун көлөмү акырындык менен азайып, жыйынтыгында окуучулар маселени өз алдынча ойлонуп, чечүү жолдорун таба алышат.

Колдоо берүүдө багыт берүүчү белгилерди (cueing) жана түрткү болуучу суроолорду (prompting)

ktep.edu.kg

айкалыштырып колдонуу зарыл. Экөө тең түшүнүктү өнүктүрүүгө жардам берүүчү суроолорго негизделет. Окуучулар маалыматты топтоо, тандоо жана талдоо сыяктуу иштерди жакшы өздөштүрө баштаганда, мугалим берген колдоону акырындап азайтууга болот.

### 3. Изилдөө аркылуу үйрөнүү

Бул программадагы материалдарды колдонууда мугалимдер “ачык” иш-аракеттерди (окуучулар көнүгүү боюнча кантип иштей тургандыктарын чечет), “багытталган” иш-аракеттерди (мында окуучуларга иштөө ыкмалары боюнча сунуштар, кеңири көрсөтмөлөр жана тиешелүү маалыматтардын мисалдары берилет) же “структуралаланган” иш-аракеттерди (мында мугалим конкреттүү суроолорду, маалыматтарды, методдор жана структуралаланган негиз боюнча көрсөтмөлөрдү берет) тандай алат.

Мугалим сабакта изилдөөнүн ар кандай ыкмаларын кандай колдонорун алдын ала пландашы керек. Бул пландаштырууда сабак программанын кайсы этабында экени жана окуучулардын түшүнүү деңгээли менен жөндөмдөрү эске алынууга тийиш.

### 4. Диалог

Бул программанын ресурстары диалогду колдонууга мүмкүнчүлүк түзөт, аны колдойт жана өнүктүрөт. Бул программалык материалдарга дал келет, анткени алар суроо берүү ыкмасына негизделген.

**Мисалдарга төмөнкү суроолор кирет:**

- Бул нерсени кантип түшүндүрө алам?
- Дагы эмнени билишим керек?
- Бул жакшы түшүндүрмөбү?

Диалог окуучуларга мазмунду так түшүнүүгө, ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү карап чыгууга, белгилүү бир позицияны жактоого, альтернативдүү көз караштарды эске алууга, далилдерди баалоого, аналогияларды колдонууга жана критерийлерди иштеп чыгып колдонууга жардам берет. Ушундай жолдор менен диалог окуучуларга башкалардын көз караштарын карап чыгууга жана өз көз караштарын түшүндүрүүгө шарт түзөт. Өз көз карашын түшүндүрүү үчүн окуучулар өз ойлорун активдүү түрдө карап чыгып, аларды кантип негиздеп бере аларын ойлонушу керек. Ошондуктан, диалогдун баалуу жактарынын бири — ал максаттуу ойлонууга түрткү берет.

Диалог ар түрдүү формада болушу мүмкүн: мугалим менен окуучулардын ортосундагы, ошондой эле окуучулардын өз ара баарлашуусу. Ушул себептен улам, төмөнкү окутуу ыкмаларынын ар биринде диалог колдонулат:

- Мугалим бүт класска суроо берип, жооп берүүгө чакырат.
- Окуучулар жуп болуп же чакан топтордо мугалим берген тапшырма боюнча иштешет. Бул, мисалы, ар кандай көз караштар камтылган концепциялык комикстер менен иштөөнү камтышы мүмкүн.
- Чакан топтор ичиндеги талкуудан кийин бири-бири менен сүйлөшүүнү улантышат.
- Окуучулар чакан топтордо талкуулаган ойлорун бүт класска билдиришип, өз баяндоолору боюнча талкуу баштоого түрткү берип, башкаларды да активдүү катышууга чакырышат.

Кызыгы, диалог метакогниция процессинде да байкалат — бул өз ой жүгүртүүсү жөнүндө ойлонуу дегенди түшүндүрөт. Бул процесс активдүү болгондо, ички диалог пайда болот: «Менин оюмча, жооп x болушу мүмкүн, бирок балким муну дагы тереңирээк ойлонушум керек, анткени...»

Суроолор диалог жаратат. Суроолордун ар кандай колдонулушу төмөндө кенен каралат.

### 5. Суроолорду колдонуу

Жогоруда көрүнүп тургандай, суроо берүү — үйрөнүүнүн негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири. Суроолор ар кандай ыкмалар менен колдонулушу мүмкүн.

- **Ачык суроолор**

‘Жабык’ суроолордун да өз мааниси бар, мисалы, мугалимдер окуучулардын түшүнгөн-жаттаганын текшерүү үчүн колдонушат. Бирок үйрөнүү үчүн ачык суроолор өтө маанилүү. Себеби суроо берүү ыкмасы “мүмкүнчүлүктөрдү ойлонуу” (көптөгөн мүмкүн болгон жоопторду карап чыгуу) үчүн чакырат. Ачык суроолор көбүнчө “Эмне үчүн?” жана “Кантип?” деген суроолор түрүндө берилет, бирок “Эмне?” деген суроолорго да тиешелүү болушу мүмкүн, мисалы: “Биз ‘чөйрө жөнүндө’, көп угабыз бирок сен анын эмне экенин кантип түшүнөсүң?”.

kitep.edu.kg

Ачык суроолор түшүндүрмө сураганга ылайыктуу, мисалы: “Буга мисал келтире аласыңбы?” Ошондой эле ой жүгүртүүнү негиздөөгө да туура келет, “Эмне үчүн мындай болду деп ойлойсуң?”, ошондой эле башка мүмкүн болгон көз караштарды карап чыгууга да ыңгайлуу, “Муну башкача кандай карасак болот?” деген сыяктуу. Суроонун өзүнө да кызыктуу суроо бар: “Бул суроону берүү эмнеге пайдалуу болушу мүмкүн?”. Албетте, “Бул жерде кайсы суроону берсек жакшы болот?” деген суроо дагы окуучулардын ой жүгүртүүсүн тереңдетүүдө жакшы ыкма.

- **Маанилүү чекиттеги суроолор**

Бул ыкма мугалимге окуучулардын сабакта берилген материалды канчалык деңгээлде түшүнгөнүн текшерүүгө мүмкүнчүлүк берет. Айрыкча, бул түшүнүк кийинки темаларды ийгиликтүү өздөштүрүү үчүн негиз болуп саналганда, мындай текшерүү өзгөчө мааниге ээ.

Маанилүү чекиттеги суроолорго тез жооп берүүгө мүмкүн болушу керек (эгер керек болсо, мугалим сабакты уланта алышы үчүн). Бул суроолорду бардык окуучулардын жоопторун көрө тургандай кылып берүү керек (мисалы, бир нече варианттуу жөнөкөй суроо аркылуу). Мүмкүн болушунча мындай суроолордун туура жообуна кокустан жетүүгө жол бербеш керек — окуучу туура жообун ойлонуп табууга тийиш. Кээде ушул суроолорду жалпы ката түшүнүктөрдү же жаңылыштыктарды текшерүү үчүн колдонуу пайдалуу болот.

- **Жооп берүү үчүн убакыт берүү**

Суроо берилгенден кийин мугалим бир нече секунд күтүп туруп гана жооп сурашы керек, ошондо бардык окуучулар өз жообун ойлонууга мүмкүнчүлүк алышат. Ар бир окуучунун суроо же маселе жөнүндө ойлонуу ылдамдыгы ар башка боloорун эске алуу маанилүү. Бул өзгөчө “Ой жүгүртүп көрчү” (Thinking Cap) бөлүмдөрүндө берилген "чоң" суроолор үчүн актуалдуу.

- **Өзүнө болгон ишенимди баалоо**

Окуучулардан суроо берилгенде, айрыкча ачык суроолордо, өз жообунун туура же жакшы экенине ишеними боюнча баа суралышы мүмкүн. Муну жылдызчалар, күлкүлүү жүздөр же сан менен берсе болот. Бул окуучуларга жооп берүүгө шашпоону жана өз сунуштарын ойлонуп берүүнү үйрөтөт.

### 6. Илимий түшүнүктү тереңдетүү үчүн окуучулардын тилдик түшүнүгүн жана сөз байлыгын кеңейтүү

Окуучулардын мазмунду түшүнүшү — абдан маанилүү маселе. Эске алуу керек болгон негизги аспектилердин бири — бул сөздөрдү үйрөнүү. Бул жаңы сөздөрдү (мисалы, "байкоо", "айырмалоо") жана илимий терминдерди (мисалы, "фотосинтез", "күч") өздөштүрүүнү камтыйт. Бул маселе бир нече ыкмалар аркылуу чечилет:

- **Сөз куржуну:** Бул бөлүмдө темада колдонулган жалпы тилдеги илимий эмес сөздөргө көңүл бурулат. Мугалим бул сөздөрдү окуучулар менен чогуу карап чыгып, тил окууга тоскоол болбошу үчүн иш алып барат.
- **Илимий сөздүк:** Бул бөлүмдө колдонулган илимий терминдердин так маанилери берилет.
- **Сөз оюндары:** Сөздөрдү табуу, бош жерлерди толтуруу, тамгаларды иретке келтирүү сыяктуу тапшырмалар илимий терминдерди жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.
- **Кел, картага түшүрөлү!:** Берилген сөздөр менен акыл картасын толтуруу окуучуларга түшүнүктөрдү бекемдөөгө жардам берет.
- **Билимиңди текшер:** Бул бөлүмдө окуучуларга суроолор берилип, алардын түшүнүктү канчалык өздөштүргөнү текшерилет. Мугалим моделдөө жана кадам-кадам колдоо аркылуу окуучуларга тилди туура жана маанисине жараша, контекстке ылайык колдонууга көмөктөшөт. Моделдөөдө да, кадам-кадам колдоодо да мугалим тилди оозеки да, жазма түрүндө да колдонот. Бул процесстер аркылуу мугалим колдонулган сөздөргө ачык жана так басым жасай алат.

Мындан тышкары, бул окуу куралында диалог, жуп менен иштөө жана топтук иштер системалуу түрдө колдонулат жана булар тилди өздөштүрүүгө, колдонууга жана бекемдөөгө өбөлгө түзөт. Окуучулар керектүү жана ылайыктуу тилди угуп, колдонууга мүмкүнчүлүк алышат. Топ менен иштөөнүн түрлөрүнө «тыңшоо үчилтиги» (үч окуучунун бири – сүйлөөчү, бири – суроо берүүчү, үчүнчүсү – жазуучу болуп кезектешет) жана «топ өкүлү» (топтун бир мүчөсү өзүнүн тобунун талкуусун башка топко түшүндүрөт) сыяктуу ыкмалар кирет. Бул ыкмалар тилди туура жана ойлонуп колдонууга түрткү берет жана натыйжалуу контекстте тилди өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

kitep.edu.kg

## 7. Жаңылыш түшүнүктөр менен иштөө

Балдар ар дайым дүйнөнү түшүнүүгө аракет кылгандыктан, алар байкоолор, баарлашуулар жана башкалар (анын ичинде чоңдор) берген маалыматтардын негизинде өздөрүнүн дүйнө жөнүндө «теориясын» түзүп алышат. Кээде бул «теориялар» туура эмес түшүндүрмөлөрдү же жалпы кабыл алынган, бирок чындыгында туура эмес болгон жаңылыш түшүнүктөрдү камтышы мүмкүн.

Жаңылыш түшүнүктөр менен иштөөдө мугалимдер окуучуларга туура түшүнүктү калыптандырууга жардам бериүүсү керек. Бул үчүн төмөнкү ыкмалар колдонулат:

- Окуучулардан бир нерсени өз сөзү менен түшүндүрүп берүүсүн өтүнүп, алардын жоопторун тактага жазуу. Андан соң алардан кайсы жооп менен макул же макул эместигин аныктап берүүсүн сурануу. Талкуунун жүрүшүндө (зарыл болсо, мугалимдин кошумча түшүндүрмөсү менен) туура түшүнүк калыптанат.
- Мугалим илимде көп кездешүүчү жаңылыш түшүнүктөр жана алардын келип чыгуу себептери тууралуу кабардар болушу керек. Бул билим тиешелүү темалар өтүлүп жатканда ошол жаңылыш түшүнүктөргө өз убагында кайрылып, туура түшүнүктөрдү берүү мүмкүнчүлүгүн түзөт. Мугалимдерге арналган колдонмодо ар бир бөлүмдүн башында кеңири таралган жаңылыш түшүнүктөр көрсөтүлгөн — буларды сабак учурунда эске алуу сунушталат.
- Сабактын башында атайын ката түшүнүктү айтып берип, кийин аны четке кагып, туура түшүнүктү сунуштоо натыйжалуу ыкма болуп эсептелбейт. Анткени окуучулар кээде туура эмес түшүнүктү эсинде көбүрөөк сактап калышы мүмкүн.
- Эксперимент жүргүзүүдөн мурда окуучулардан алдын ала божомолун сурамжылоо жаңылыш түшүнүктөрдү аныктоого жардам берет. Эгер эксперимент жыйынтыгы күтүлгөндөн башкача чыкса, анда ал божомолду кайра карап чыгып, "эмнени туура эмес кабыл алганбыз?" деген сыяктуу суроолор менен талдоо жүргүзүү керек. Бул окуучуларга ойлонууга жана жыйынтык чыгарууга түрткү берет.

Жаңылыш түшүнүктөр менен иштөө суроо-жооп ыкмасынын баалуулугун айкын көрсөтөт. Бул өзгөчө «Эмне үчүн?» жана «Кантип?» деген суроолордун маанисин даана түшүндүрөт. Окуучуларга илимпоздордун өздөрү да кээде жаңылыш түшүнүктөргө ээ болору айтылып, аларды эркин суроо берип, ойлонууга шыктандыруу керек.

kitep.edu.kg

# Бул китепти кантип колдонуу керек

Бул Мугалимдер үчүн колдонмо Marshall Cavendish Education (MCE) тарабынан даярдалган Cambridge Primary Science (Кембридж башталгыч класстар үчүн табият таануу) ресурстарынын курамына кирет жана сизге Cambridge Primary Science (0097) окуу программасы боюнча сабак өтүүдө көмөк көрсөтүү үчүн иштелип чыккан.

Бул колдонмо мугалимдерге сабак өтүүдө жеңилдик жаратып, сабактарды пландаштыруу жана уюштурууда кеңири жардам берет. Ар бир сабак үчүн этап-этабы менен жазылган сабак пландары берилип, ар түрдүү иш-чаралар жана идеялар менен толукталган. Колдонмодогу тил мүмкүн болушунча жөнөкөй жана так жазылган. Бул колдонмонун негизги максаты — мугалимдерге ар тараптуу колдоо көрсөтүү аркылуу окуучулар үчүн кызыктуу, мазмундуу жана сапаттуу билим берүү чөйрөсүн түзүү.

Бул колдонмо төмөнкү өзгөчөлүктөрдү камтыйт:

**Негизги бөлүмдөрдүн окуу максаттары**
Ар бир бөлүмдүн башында берилген окуу максаттары — ошол бөлүмдүн аягында окуучулар кайсы билимдерди жана көндүмдөрдү өздөштүрүүгө тийиш экенин так көрсөтүп турат. Бул максаттар Cambridge Primary Science программасынын талаптарына ылайык түзүлгөн жана аларга туура келген коддор менен коштолгон. Бул коддор мазмунду Cambridge окуу программасы менен дал келтирип, сабакты так пландаштырууга жардам берет.

**Окуучулардан алдын ала күтүлгөн билими**
Бул бөлүмдө окуучулар темага чейин билиши мүмкүн болгон негизги түшүнүктөр жана маалыматтар көрсөтүлөт. Бул мугалимге окуучулардын даярдык деңгээлин баалоого жана сабакты туура деңгээлде өткөрүүгө жардам берет.

**Бөлүмдөр боюнча окутуу планы** ар бир бөлүм боюнча кыскача мазмунду сунуштайт. Ал сизге сабакты алдын ала пландаштырууда жана керектүү материалдарды даярдоодо жардам берет.

## 1-БӨЛҮМ ЖАНЫБАРЛАР

### *Бөлүмдүн окуу максаттары

| | |
|---|---|
| **2Бс.О1** | Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, сырткы дене мүчөлөрү жана терисинин жабылышы боюнча окшоштуктарын жана айырмачылыктарын салыштыруу. |
| **2Бп.О3** | Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, тукумдары чоңойгон сайын кандай өзгөрөрүн сүрөттөө. |
| **2Бп.О4** | Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, ата-энесинин өзгөчөлүктөрүнүн айкалышына ээ болгон тукумдарды чыгарарын билүү. |
| **2ИОЖИм.О3** | Схема менен сүрөттүн айырмасын сүрөттөө. |
| **2ИОЖИб.О1** | Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо. |
| **2ИОЖИи.О1** | Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо. |
| **2ИОЖИи.02** | Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу. |
| **2ИОЖИи.О3** | Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү. |
| **2ИОЖИи.О5** | Суроого жооп табуу үчүн берилген экинчилик маалымат булагын колдонуу. |
| **2ИОЖИи.О6** | Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу. |
| **2ИОЖИс.О2** | Жыйынтыктардагы жөнөкөй мыйзамченемдүүлүктөрдү аныктайт (мисалы, көбөйүү же азайуу багытындагы). |
| **2КИ.03** | Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү. |

### Окуучулардан күтүлгөн алдын ала билими

Бул бөлүмдү баштоодон мурун, окуучулар төмөнкү нерселерди билиши күтүлөт:

- Адамдын негизги сырткы дене мүчөлөрүн тааныйт жана атайт.
- Адамдар бири-бирине эмнеси менен окшош экенин жана эмнеси менен айырмаланаарын сүрөттөйт (мисалы, дене мүчөлөрү боюнча).
- Тирүү жандыктар менен эч качан тирүү болбогон нерселерди айырмалай билет.
- Жаныбарлар да, өсүмдүктөр да тирүү жандыктар экенин билет.

** Бул маалымат 2020-жылы чыккан Cambridge Primary Science окуу программасынын (0097) негизинде түзүлгөн. Окуучулардын экзамен тапшыруучу жылына ылайык тиешелүү окуу программасынын расмий документине кайрылып, мазмунду тактоо сунушталат. Кошумча маалымат алуу үчүн www.cambridgeinternational.org/primary сайтына кириңиз.*

### Бөлүмдөр боюнча окутуу планы

**Сунушталган окутуу мөөнөтү:** 11 сабак (Ар бир сабак 1 же 2 окуу саатын камтышы мүмкүн.)

| Кичи бөлүмдөр | Сабак-тардын саны | Окуу максаттары: биология, химия, физика, Жер жана космос | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө | Контексттеги илим | Керектелүүчү ресурстар жана материалдар |
|---|---|---|---|---|---|
| **А** Биздин денебизге кам көрүү | 3 | **2Бп.О1** Дени сак болуу үчүн адам туура тамактануу, гигиенаны сактоо жана үзгүлтүксүз көнүгүү жасоо керек экенин билүү. | **2ИОЖИм.О1** Модель объектти же идеяны так, түшүнүктүү түрдө көрсөтөрүн билүү<br>**2ИОЖИм.О2** Тааныш болгон система же идеянын физикалык моделин жасоо жана колдонуу.<br>**2ИОЖИб.О1** Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо.<br>**2ИОЖИб.О2** Эмне болору тууралуу божомолдорду жасоо.<br>**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.<br>**2ИОЖИи.02** Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу.<br>**2ИОЖИи.О3** Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү.<br>**2ИОЖИи.О4** Практикалык иштерди аткарууда көрсөтмөлөрдү коопсуздук эрежелерин сактоо менен так аткаруу.<br>**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.<br>**2ИОЖИс.О1** Изилдөө учурунда эмне болгонун жана ал күтүлгөн божомолдорго шайкеш келген-келбегенин сүрөттөө. | | • **Окуу китеби:** 22–30-беттер<br>• **Иш дептери:** 12–15-беттер<br>Окуу китеби, 24-бет:<br>• Кагаз жана ручка<br>Окуу китеби, 27-бет:<br>• Ар түрдүү түстөгү моделдөөчү пластилин<br>Окуу китеби, 28-бет:<br>• Май, салфетка, самын, суу<br>Иш дептери, 12–13-беттер:<br>• Түшкү тамак кутусу, ар кандай тамак-аш азыктары, таңгак, кагаз, ручка<br>Иш дептери, 14–15-беттер:<br>• Секундомер<br>Кошумча:<br>• Ой жүгүртүү түзүмү 4-Тегерек модели (Мугалимдин колдонмосунун артында) |

kitep.edu.kg

**Кичи бөлүмдөрдүн окуу максаттары** ар бир кичи бөлүмдүн башында берилет.

**Белгиленүүгө тийиш болгон илимий сөздөр**
Бул бөлүмдө Окуу китебиндеги бөлүмдө пайдаланылган жаңы илимий терминдер көрсөтүлөт.

**Сабактын планы** – бул бөлүмдө сабакты кызыктуу өткөрүүгө жардам берген этап-этабы менен уюштурулган окутуу идеялары сунушталат. Эгерде сиз тажрыйбалуу мугалим болсоңуз, өзгөртүүгө мүмкүн болгон бул план сизге окуу процессин өзүңүзгө ыңгайлаштырып түзүүгө, Мугалимге арналган колдонмонун керектүү бөлүктөрүн колдонууга жана өз окутуу ыкмаларыңызды кошууга шарт түзөт.

Кичи бөлүм Б **Биздин тиштерибиз** **Сабактардын саны: 3**

***Кичи бөлүмдүн окуу максаттары**
**2Бс.О2** Адамдын тиштеринин ар кандай түрлөрүн аныктоо, алардын функцияларына кандайча ылайыктуу экенин түшүндүрүү жана тиштерге кам көрүү жолдорун сүрөттөө
**2ИОЖИм.О1** Модель объектти же идеяны так, түшүнүктүү түрдө көрсөтөрүн билүү
**2ИОЖИм.О2** Тааныш болгон система же идеянын физикалык моделин жасоо жана колдонуу.
**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.
**2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү.

**Негизги терминдер**
- сүт тиштер, кылкыйма тиштер, кашка тиш, азуу тиштер, туруктуу тиштер, кичи азуу тиштер, тиштин кариеси

**Көп кездешкен жаңылыштыктар**
**1-жаңылыштык:** Биз чоңойгондо чыккан тиштерди жоготсок, кийин дагы жаңы чоң адамдардыкындай тиштер өсүп чыгат.
**Туура түшүнүк:** Адамдын жашоосу бою болгону эки топ тиши болот.
**Кантип түшүндүрүү керек:**
**Суроо бериңиз: Жалпысынан адамда канча топ тиш болот?**
Кээ бир окуучулар биринчи тиштерин жоготуп, азыр чоң адамдардыкындай тиштер чыгып жатканын байкашкан. Ошондуктан алар бул процесстин кайра кайталанып, жаңы тиштер дагы чыгат деп ойлошу мүмкүн.
Окуучуларга адамдын өмүр бою болгону эки топ тиши болорун баса белгилеңиз — сүт тиштери жана туруктуу тиштер.
Окуучулардан чоң ата-чоң энелеринин тиштеринин ортосунда боштуктар бар экенин байкап-байкабаганын сураңыз.
Окуучуларга тиштерибизге кам көрүү өтө маанилүү экенин эскертиңиз, анткени алар түшүп калса, жаңы тиштер кайра чыкпайт.

**Сабактын планы**
Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 3 (80 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү жана Диагностикалык баалоо **(10 мүнөт)** | • Окуу китебинин 31-бетиндеги "Ой жүгүртүп көрчү! " бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан баарынын тиштеринин саны бирдейби деп сураңыз. (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн.)<br>• **Суроо бериңиз: Силердин тишиңердин саны ата-энеңирдикиндейби?** (Күтүлгөн жооп: Жок.) |
| Көнүгүү **(20 мүнөт)** | • Окуу китебинин 31-бетиндеги "Кел, изилдейли" бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучуларды бештен турган топторго бөлүңүз.<br>• Окуучулардан топтордо суроолорун талкуулап, жоопторун таблицага жазуусун сураңыз.<br>• Алардан таблицадагы маалыматтын негизинде 3-суроого жооп берүүсүн сураңыз.<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучулардын ар бири өзүнчө адам экенин жана ар кимдин тажрыйбасы ар кандай болорун белгилеңиз. Алар классташтары сүйлөп жатканда аларды урматтоо менен угушу керектигин баса белгилеңиз. |
| Түшүндүрүү (45 мүнөт): | • Окуу китебинин 32-беттен 35-бетке чейинки "Кел, үйрөнөлү!" бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Сүт тиштер деген эмне?** (Күтүлгөн жооп: Сүт тиштер – биздин биринчи тиш топтомубуз. Алар ошондой эле бала тиштер деп да аталат.)<br>• Көпчүлүк балдардын болжол менен 20 сүт тиши болорун жана алар беш же алты жашка чыкканда сүт тиштерин жогото баштаарын түшүндүрүңүз.<br>• Мурунку иш-чарадагы окуучулардын жоопторун колдонуп, алардын сүт тиштери бир убакта түшпөй турганын көрүүгө жардам бериңиз.<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** "Сөз куржуну" бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.<br>түзүм – окшош нерселердин тобу<br>тиш чыгуу – көрүнө баштоо<br>• **Суроо бериңиз: Сүт тиштерибиз түшкөндө эмне болот?** (Күтүлгөн жооп: Жаңы тиштер өсө баштайт.)<br>• Сүт тиштерибиз түшкөндө, бир гана жолу туруктуу тиштердин жаңы топтому өсөөрү түшүндүрүңүз. Бул туруктуу тиштердин топтому эгер кандайдыр бир тиштер түшүпн<br>• **Суроо бериңиз: Туруктуу тиштер канча убакытка чейин сакталат?** (Күтүлгөн жооп: Туруктуу тиштер ден соолугу чың болсо, өмүр бою сакталышы мүмкүн.) Окуучулардын жооптору 1-жаңылыштык аныктоого жардам берет (бөлүмдүн башындагы "Көп кездешкен жаңылыштыктар" бөлүмүн караңыз). |

**Көп кездешкен жаңылыштыктар** бөлүмү туура эмес түшүнүлгөн концепцияларды баса белгилеп, оңдоого жардам берет.

**Альтернативдүү сабакты баштоо ыкмалары, сабактын негизги бөлүгүнө альтернативдүү иш-чаралар** жана **сабакты жыйынтыктоого альтернативдүү идеялар** сизге окуучулардын кызыгуусун арттыруу үчүн чыгармачыл жолдор менен кошумча жардам көрсөтөт.

**Ата-энелер менен иштөө бөлүмү ата-энелерге** балдарынын окуусуна колдоо көрсөтүүгө жардам бере турган үй шартында аткарылуучу иш-чаралардын идеяларын сунуштайт.

| | |
|---|---|
| Сабакты жыйынтыктоо **(5 мүнөт):** | • Окуучулар Окуу китебинин 48-бетиндеги "Билимиңди текшер" бөлүмүндөгү суроого жооп беришсин. (Күтүлгөн жооп: Тамак, суу, орун, баш калкалоочу жай)<br>• Окуучулар 48-беттеги "Мен билем" кутучаларын белгилеп, бөлүм аягында өздөрүнүн жетишкендиктерин өз алдынча баалашсын.<br>• Сабактын аягына чейин бардык туура эмес түшүнүктөр оңдолгондугуна ынаныңыз. |
| Үй тапшырма | • Кийинки сабакка жумуртканын картон салынуучу кутусун (лотогун) алып келүүсүн тапшырыңыз. |

**Сабакка киришүүнүн альтернативдүү жолдору**
- Окуучуларды топторго бөлүңүз. Окуучуларды белгилүү бир жаныбар экенин элестетүүгө чакырыңыз. Алардан үй-бүлөсү жана өзү үчүн үй куруусун сураңыз. Алар кайсы жерде жашагысы келет? Үйүндө эмнелер болуусун каалашат?
- Окуучуларга төмөнкү суроолор боюнча сүйлөшүүнү сунуштаңыз:
  - канаттуулар кайда жашайт
  - чычкандар кайда жашайт
  - таракандар кайда жашайт
- Бул жаныбарлар эмне үчүн дал ошол жерде жашай турганын окуучулардан сураңыз.

**Негизги сабак үчүн альтернативдик иш-аракеттердин идеялары**
- Окуучуларды топторго бөлүңүз. Ар бир топко жаныбарлардын ар кандай түрлөрү жана алардын жашоо чөйрөлөрү жөнүндө китептерди бериңиз. Топторду китептерди изилдеп, китептерден көргөн жаныбарлары жана алардын жашоо чөйрөсү жөнүндө үйрөнгөндөрүн бөлүшүүсүн сураңыз.

**Сабакты жыйынтыктоонун альтернативдүү идеялары**
- Окуучуларга ар түрдүү жашоо чөйрөлөрүнүн сүрөт карталарын көрсөтүңүз. Алардан бул чөйрөлөрдө кандай өсүмдүктөр жана жаныбарлар жашашы мүмкүн экенин айтып беришин сураныңыз.

**Тереңдетилген окуу үчүн идеялар**
- Окуучулардан ар кандай жашоо чөйрөлөрүн жана ошол жашоо чөйрөлөрүнүн чөйрөсүн изилдөөсүн сураңыз. Окуучуларга бул жашоо чөйрөлөрүнүн сүрөттөрүн тартып, жаныбарлар бул жашоо чөйрөлөрүндө кайда жашаарын белгилөөсүн айтыңыз.

**Ата-энелер менен иштөө**
- Ата-энелерди үй-бүлөсүн бакчага же паркка алып чыгууга үндөңүз. Алар балдары менен бирге жашоо чөйрөсүн байкап, ал чөйрөдө эмнелер бар экенин аныктап сүйлөшүшсүн.

**Дифференциация**
**Кыйынчылык жараткан тапшырмалар:**
Окуучулардан Интернетти же илимий китептерди колдонуп, жер астындагы жашоо чөйрөсү жөнүндө көбүрөөк билүүсүн сураңыз. Алар жер астында кандай чөйрө бар экенин, аба жана суу бар же жок экенин изилдешсин.

**Колдоо көрсөткөн тапшырмалар:**
Окуучуларга көлмөнүн схемасын көрсөтүңүз. Алар көлмөдө кандай жаныбарлар жашайт деп ойлогондорун тартуусун же жазуусун сураңыз.

**Сабактын планы**
Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 3 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү **(5 мүнөт)** | • **Суроо бериңиз: Өсүмдүктөр чөйрөсүнөн эмнеге муктаж?** (Күтүлгөн жооптор: Суу, топурак, күн нуру, тамак-аш.)<br>• Окуучуларга өсүмдүктөр — тирүү организмдер экенин белгилеп өтүңүз.<br>• **Суроо бериңиз: Тирүү жандыктарга жашоо үчүн эмне керек?**<br>(Күтүлгөн жооптор: Тамак-аш, суу, аба.)<br>• Окуучуларды тирүү жандыктар болгон өсүмдүктөргө да жашоо үчүн аба керек экенин түшүнүүгө алып келиңиз. |
| Көнүгүү **(30 мүнөт)** | • Иш дептеринин 24–25-беттериндеги 3А тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуучуларды 1–3-кадамдарды аткарууга жетектеңиз. Ар бир окуучуга 20 даана жашыл буурчактын уругун жана топурак бериңиз. Эгерде жумуртка табагы (лотоктору) жок болсо, пластик стакан же тамак куюучу идиштерди колдоно алышат.<br>• 7 жана 8-кадамдарды аткарууда кошумча колдоо керек болгон окуучуларга жардам көрсөтүңүз.<br>• Окуучуларга өз орнотууларын байкоого жана Иш дептеринин 24-бетиндеги 4-суроону талкуулоого убакыт бериңиз. Окуучулардан жоопторун бөлүшүүсүн сураңыз. (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Жумуртка лотогу, топурак, суу.) |

**Кеңейтилген окуу идеялары** окуучуларга реалдуу дүйнө менен байланыш түзүү аркылуу класстан тышкары билимдерин тереңдетүүгө мүмкүндүк берет.

**Дифференциация (же жекелештирүү)** окуучулардын деңгээлин эске алуу менен аларга ылайыктуу колдоо көрсөтүү же татаал тапшырмаларды берүү үчүн идеялар менен сунуштарды берет.

kitep.edu.kg

**Сунушталган жооптор —** Окуу китебиндеги жана Иш дептериндеги суроолорго берилген жооптор болуп, мугалимдерге сабакты өткөрүүдө жардам көрсөтөт.

### Сунушталган жооптор

#### Окуу китеби

**Көнүгүү барагы, 61-62-беттер**

1. Туура эмес, Туура эмес, Туура, Туура эмес, Туура
2. ал жерде жашаган жаныбарлардын саны аз
3. Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы, суудагы жашоо чөйрөсү жана балык, чөл жана төө
4. суу чөйрөсү
   чөл
   муздуу аймак
   чөптүү талаа

#### Иш дептери

**Сөз оюну, 30-бет:**

1. чөптүү талаа
2. ысык
3. муздуу
4. чөйрө
5. баш калкалоочу жай
6. суу
7. маймылдар
8. тропикалык жамгырлуу токой
9. өсүмдүктөр
10. ак илбирс

Жашыруун сөз: ЖАШОО ЧӨЙРӨ

**Кел, картага түшүрөлү – 31-бет:**

Жашоо чөйрө — бул өсүмдүк же жаныбар табигый кездешкен жери.
Тропикалык жамгырлуу токойдун айлана-чөйрөсү нымдуу жана жылуу.
Чөптүү талаанын айлана-чөйрөсү – ачык жана ысык.
Муздуу жашоо чөйрөсү – суук жана шамалдуу.
Чөл айлана-чөйрөсү — ысык жана кургак.
Суу жашоо чөйрөсүнүн айлана-чөйрөсүндө суу көп болот.
Айлана-чөйрө жаныбарларга, тамак, баш калкалоочу жай, суу жана алардын жашоосу үчүн мейкиндик берет.

**Кел, кайра карап чыгалы – 32–34-беттер:**

1. Муздуу – суук жана шамалдуу
   чөл – ысык жана кургак
   тропикалык жамгырлуу токой – нымдуу жана жылуу
   чөптүү талаа – ысык жана жарык
2. тамак-аш, баш калкалоочу жай, суу
3. 1-жооп: чөл
   2-жооп: муздуу
   3-жооп: суу чөйрөсү
   4-жооп: чөптүү талаа
4. Адил жана Мээрим

**4-Ойлонуу алкагы – Тегерек модель**


**Аты-жөнү:** ______________________

**Күнү:** ______________________

*(Бул моделде жалпысынан ортосунда тема жазылган чоң тегерек болот. Тегеректи кагаз бетине өзүңүз тартып же алдын ала даярдап пайдаланасыз.)*

Тегеректи төрт секторго бөлүп, ар бирине төмөнкүдөй жазуу үчүн бош орун калтырыңыз:

1. Башкы ойлор
2. Мисалдар
3. Колдонуу тармактары
4. Сүрөт же символдор



**Ой жүгүртүү калыптары** китептин акыркы беттеринде берилген. Окуучулардын ойлорун көрсөтүү үчүн класста колдонуу максатында аларга кайрылып же көчүрмөсүн жасоо сунушталат.

kitep.edu.kg

# МАЗМУНУ

ПРОГРАММА ЖӨНҮНДӨ ..... 2

БУЛ КИТЕПТИ КАНТИП КОЛДОНУУ КЕРЕК ..... 7

1. Жаныбарлар ..... 12
2. Ден соолугу чың болуу ..... 29
3. Жашоо чөйрөлөр ..... 46
4. Материалдар ..... 61
5. Күчтөр ..... 75
6. Жарык жана караңгы ..... 86
7. Дагы электр кубулуштары жөнүндө ..... 99
8. Тоо тектер ..... 113
9. Айлана-чөйрөбүздөгү өзгөрүүлөр ..... 126
9. Күн ..... 136

Ой жүгүртүү калыптары ..... 143

kitep.edu.kg

## 2-класс үчүн кыскартуулар

| Англ. вариант | Кыргызча кыскартуу | Толук түшүндүрмө |
|---|---|---|
| SIC | КИ | Контексттеги илим |
| TWSm | ИОЖИм | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө. Моделдер жана көрсөтмөлөр |
| TWSp | ИОЖИб | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө. Болжолдоо, жоромолдорду айтуу |
| TWSc | ИОЖИи | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө. Изилдөө жүргүзүү |
| TWSa | ИОЖИс | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө. Сүрөттөө |
| SEL | СЭО | Социалдык-эмоционалдык окутуу |
| ESL | ТБӨ | Тил байлыгын өрчүтүү |
| B | Б | Биология |
| Bs | Бс | Биология, Структура жана функция |
| Bp | Бп | Биология, Жашоо процесстери |
| C | Х | Химия |
| Cm | Хм | Химия, материалдар жана структурасы |
| Cp | Хк | Химия, материалдардын касиеттери |
| Cc | Хө | Химия, материалдарда өзгөрүүлөр |
| P | Ф | Физика |
| Pf | Фк | Физика, Күч жана Кыймыл |
| Ps | Фү | Физика, Жарык жана Үндөр |
| Pe | Фэ | Физика, Электрдик кубулуштар жана Магнетизма |
| ES | ЖК | Жер жана Космос |
| ESs | ЖКк | Жер жана Космос, космостогу Жер |
| ESp | ЖКп | Жер жана Космос, Жер планетасы |
| ES | ЗС | **Земля и Солнце** |
| ESc. | ЗСк. | Наука – *Земля и Солнце*, тема – *космическое тело* |
| ESp | ЗСп. | Наука – *Земля и Солнце*, тема – *планета* |

kitep.edu.kg

# 1-БӨЛҮМ ЖАНЫБАРЛАР

kitep.edu.kg

## *Бөлүмдүн окуу максаттары

**2Бс.О1** Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, сырткы дене мүчөлөрү жана терисинин жабылышы боюнча окшоштуктарын жана айырмачылыктарын салыштыруу.

**2Бп.О3** Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, тукумдары чоңойгон сайын кандай өзгөрөрүн сүрөттөө.

**2Бп.О4** Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, ата-энесинин өзгөчөлүктөрүнүн айкалышына ээ болгон тукумдарды чыгарарын билүү.

**2ИОЖИм.О3** Схема менен сүрөттүн айырмасын сүрөттөө.

**2ИОЖИб.О1** Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо.

**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.

**2ИОЖИи.02** Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу.

**2ИОЖИи.О3** Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү.

**2ИОЖИи.О5** Суроого жооп табуу үчүн берилген экинчилик маалымат булагын колдонуу.

**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.

**2ИОЖИс.О2** Жыйынтыктардагы жөнөкөй мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктайт (мисалы, көбөйүү же азайуу багытындагы).

**2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү.

## Окуучулардан күтүлгөн алдын ала билими

Бул бөлүмдү баштоодон мурун, окуучулар төмөнкү нерселерди билиши күтүлөт:

- Адамдын негизги сырткы дене мүчөлөрүн таанып жана атайт.
- Адамдар бири-бирине эмнеси менен окшош экенин жана эмнеси менен айырмаланаарын сүрөттөйт (мисалы, дене мүчөлөрү боюнча).
- Тирүү жандыктар менен эч качан тирүү болбогон нерселерди айырмалай билет.
- Жаныбарлар да, өсүмдүктөр да тирүү жандыктар экенин билет.

** Бул маалымат 2020-жылы чыккан Cambridge Primary Science окуу программасынын (0097) негизинде түзүлгөн. Окуучулардын экзамен тапшыруучу жылына ылайык тиешелүү окуу программасынын расмий документине кайрылып, мазмунду тактоо сунушталат. Кошумча маалымат алуу үчүн www.cambridgeinternational.org/primary сайтына кириңиз.*

# Бөлүмдөр боюнча окутуу планы

**Сунушталган окутуу мөөнөтү:** 10 сабак (Ар бир сабак 1 же 2 окуу саатын камтышы мүмкүн.)

| Кичи бөлүмдөр | Сабактардын саны | Окуу максаттары: биология, химия, физика, Жер жана космос | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө | Контексттеги илим | Керектелүүчү ресурстар жана материалдар |
|---|---|---|---|---|---|
| **А**<br>Жаныбардын денеси | 4 | **2Бс.О1** Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, сырткы дене мүчөлөрү жана терисинин жабылышы боюнча окшоштуктарын жана айырмачылыктарын салыштыруу. | **2ИОЖИм.О3** Схема менен сүрөттүн айырмасын сүрөттөө.<br>**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.<br>**2ИОЖИи.О2** Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу.<br>**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу. | | • **Окуу китеби**, 2–9-беттер<br>• **Иш дептери**, 1–3-беттер<br><br>Окуу китеби, 4–5-беттер<br>• Калем жана карандаштар же фломастерлер<br><br>Окуу китеби, 6-бет —<br>• Чоңойткуч айнек (лупа)<br><br>Иш дептери, 2-бет —<br>• Окуучунун жакында тартылган сүрөтү<br><br>Кошумча:<br>• Жаныбарлардын жумшак оюнчуктары же пластик фигуралары<br>• Сырткы дене мүчөлөрү белгиленген жаныбарлардын схемасы<br>• Ой жүгүртүү түзүмү 3 - «АБВ Мээ чабуулу» (Мугалимдер колдонмосунун аягынан)<br>• Жаныбарлардын сүрөт карталары<br>• Кездеме мээлейлер (бакча мээлейлери)<br>• Кышкы куртка, плащ<br>• Интернет, ар кандай илимий китептер<br>• Жаныбарлар жөнүндө видеолор<br>• Гезит, кагаз барактары, кайчы, боёочу материалдар, клей |

| Кичи бөлүмдөр | Сабактардын саны | Окуу максаттары: биология, химия, физика, Жер жана космос | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө | Контексттеги илим | Керектелүүчү ресурстар жана материалдар |
|---|---|---|---|---|---|
| **Б** Жаныбарлар жана алардын балдары | 6 | **2Бп.О3** Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, тукумдары чоңойгон сайын кандай өзгөрөрүн сүрөттөө.<br>**2Бп.О4** Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, ата-энесинин | **2ИОЖИб.О1** Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо.<br>**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.<br>**2ИОЖИи.О3** Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү.<br>**2ИОЖИи.О5** Суроого жооп табуу үчүн берилген экинчилик маалымат булагын колдонуу.<br>**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.<br>2ИОЖИс.О2 Жыйынтыктардагы жөнөкөй мыйзамченемдүүлүктөрдү аныктайт (мисалы, көбөйүү же азайуу багытындагы). | **2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү. | • **Окуу китеби**, 10–21-беттер<br>• **Иш дептери**, 4–11-беттер<br><br>Окуу китеби, 10-бет —<br>• Окуучулардын жакында тартылган сүрөттөрү, алардын ата-энелеринин сүрөттөрү<br><br>Окуу китеби, 13-бет —<br>• Окуу китебинин аягындагы чаптамалар<br><br>Окуу китеби, 15-бет —<br>• Окуучунун бала чагындагы сүрөтү жана азыркы сүрөтү<br>• Эки жип<br><br>Иш дептери, 5-бет —<br>• Эки жип, кагаз<br><br>Кошумча материалдар:<br>• Окуучулардын жоопторун жазуу үчүн таблица<br>• Окуучулардын тулку боюна ылайык чоң ак кагаз<br>• Калем, фломастерлер же карандаштар<br>• Кайчы<br>• Скотч<br>• Адамдардын жана алардын балдарынын сүрөттөрү, жаныбарлар жана алардын балдарынын сүрөттөрү<br>• Жаныбарлар жана алардын балдары тууралуу видеолор |

itep.edu.kg

## Кичи бөлүм А Жаныбардын денеси

Сабактардын саны: 7

| |
|---|
| ***Кичи бөлүмдүн окуу максаттары**<br>**2Бс.О1** Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, сырткы дене мүчөлөрү жана терисинин жабылышы боюнча окшоштуктарын жана айырмачылыктарын салыштыруу.<br>**2ИОЖИм.О3** Схема менен сүрөттүн айырмасын сүрөттөө.<br>**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.<br>**2ИОЖИи.02** Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу.<br>**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу. |
| **Негизги терминдер**<br>• сырткы, тери, тери каптамасы |
| **Көп кездешкен жаңылыштыктар**<br><br>**1-жаңылыштык:** Бардык жаныбарларда бир жерден экинчи жерге жылыш үчүн буттары болот.<br>**Туура түшүнүк:** Бардык жаныбарларда бут боло бербейт. Мисалы, жыландар жана кээ бир курттардын буттары жок. Алар жылмышып же соймолоп жылышат. Айрым жаныбарларда буттар айлана-чөйрөгө ылайыкташып өзгөргөн. Мисалы, кээ бирлеринде сүзгүч буттар, кээ бирлеринде желбирек сымал буттар болот.<br>**Кантип түшүндүрүү керек:**<br>**Суроо бериңиз: Буту жок, бирок кыймылдай алган жаныбарды көрдүңөр беле?** Кээ бир окуучулар буттары бар жаныбарларды гана көргөндүктөн, буту жокторду жаныбар деп эсептебеши мүмкүн. Түшүндүрүңүз: бардык жаныбарларда бут боло бербейт. Мисалы, жыландар жана балыктар. Жыландар булчуңдарын жыйырып жана бошоңдотуп, жер менен жылмышышат. Балыктар куйруктары менен сүзүшөт.<br><br>**2-жаңылыштык**: Бардык жаныбарларда теринин сырткы каптамасы бар.<br>**Туура түшүнүк:** Көпчүлүк жаныбарларда теринин сыртында каптамасы бар, бирок айрым жаныбарларда жок. Мисалы, курттар, кээ бир балыктар, бакалар жана кээ бир курт-кумурскаларда.<br>**Кантип түшүндүрүү керек:**<br>**Суроо бериңиз: «Баканы көрдүңөр беле? Анын терисинин үстүндө каптама барбы?»** Түшүндүрүңүз: кээ бир жаныбарларда каптама жок, болгону териси бар. Мисалы, бакалардын жүнүнү да, кабыгы да жок, териси эле бар. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 1 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү **(5 мүнөт)** | • Окуу китебинин мазмунундагы бул бөлүмдүн окуу максаттарына кайрылып, окуучуларга бөлүм жөнүндө жалпы маалымат бере аласыз.<br>• Окуучуларга ар кандай жумшак оюнчуктарды/пластик жаныбар фигураларын таратыңыз. Окуучуларга оюнчуктардын ар кандай дене мүчөлөрүн изилдөөгө жана сүрөттөөгө уруксат бериңиз. Окуучуларды ар бир дене мүчөсүнүн канчалык маанилүү экенин айтууга үндөңүз.<br>• Сабакты окуу китебинин 2–3-беттериндеги сүрөттөрдү көрсөтүү менен баштаңыз.<br>• **Суроо бериңиз: «Бул сүрөттөн канча жаныбар көрүп жатасыңар?»** (Күтүлгөн жооп: Беш.)<br>• **Суроо бериңиз: «Бул жаныбарлар эмнеси менен окшош? Эмнеси менен айырмаланат?»** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Окшоштуктары — бардыгынын көзү, кулагы жана буттары бар. Айырмачылыктары — өлчөмдөрү ар башка, түстөрү ар башка.)<br>• Окуучулар кыскача жазуу тапшырмасын аткарышат. (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: пил, чоң.) |
| Диагностикалык баалоо **(5 мүнөт)** | • Окуу китебинин 4-бетиндеги «Ой жүгүртүп көрчү» бөлүгүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан адамдын ар кандай сырткы дене мүчөлөрүн эстеп көрүүнү өтүнүңүз. Жаныбарлардын аттарын атап, алардын кайсы дене мүчөлөрүн билерин айтсын. Бул маалыматтарды плакатка жазып коюп, бөлүм бою кайрылып турсаңыз болот.<br>• Окуучулардан айрым жаныбарларда (мисалы, куштарда) эмнеге канат бар, ал эми башкаларда жок экенин ойлонуп көрүүнү сураныңыз. |
| Көнүгүү **(10 мүнөт)** | • Окуу китебинин 4–5-беттериндеги «Кел, изилдейли!» бөлүгүнө кайрылыңыз.<br>• Окуу планынын «Илимий ой жүгүртүү жана иштөө» бөлүгүнө байланыштуу, окуучуларга бүгүн жаныбардын сүрөтүн жана схемасын карашарын түшүндүрүңүз. Ошондой эле, окуучулар өздөрү да жаныбарлардын схемасын тартып, дене мүчөлөрүн белгилеп чыгышат. Схемалар жаныбарларды көрсөтүүнүн бир жолу экенин түшүндүрүңүз. |

kitob.edu.kg

| | |
|---|---|
| | • **Суроо бериңиз: Сол жактагы коёнектин сүрөтүн кандайча сүрөттөп бере аласыңар?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: түстүү, так көрүнөт, бардык дене мүчөлөрүн ачык көрүүгө болот.)<br>• **Суроо бериңиз: Сүрөттөрдөгү бардык жаныбарлардын жалпы дене мүчөлөрү кайсылар?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы: баш, дене, көз, ооз.) Окуучулар бул суроолор боюнча бири-бири менен талкуу жүргүзө алышат.<br>• **Суроо бериңиз: «Оң жактагы коёнектин схемасы сол жактагы сүрөтүнө эмнеси менен окшош?»** (Күтүлгөн жооптор: Мисалы: схемада да ошол эле дене мүчөлөрү көрсөтүлгөн. Жаныбардын формасы да окшош.)<br>• **Суроо бериңиз: «Схема сүрөттөн эмнеси менен айырмаланат?»** (Күтүлгөн жооптор: Мисалы: түстүү эмес, деталдары аз, так эмес көрүнөт.)<br>• Окуучуларды төмөнкүдөй түшүнүккө жетелеңиз: сүрөттү түстүү жана майда-чүйдөсүнө чейин көрүүгө болот, ал эми схема болсо көбүнчө ак-кара жана деталдары азыраак болушу мүмкүн. Бирок схема кээде сүрөттө көрүнбөгөн нерселерди да көрсөтөт.<br>• Окуучулардан өөдөкөчтүн (коңуздун) жана жыландын схемасын тартып, дене мүчөлөрүн белгилеп, боёп чыгууга убакыт бериңиз. Окуучулар бири-биринин схемаларын көрүп, пикир алыша алышат.<br>• **Суроо бериңиз: «Сенин схемаң классташыңдын схемасына эмнеси менен окшош?»** (Күтүлгөн жооптор: Мисалы: менин схемамдагы жаныбарлардын дене мүчөлөрү классташымдын схемасындагыдай эле. Жаныбардын формалары да окшош.)<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга классташынын тарткан сүрөтүн урматтоо маанилүү экенин баса белгилеңиз. Окуучулар бири-бирине кеңештерди берип, бири-бирин жаныбарлар жөнүндө көбүрөөк билүүгө көмөктөшүүсүн колдоңуз. |
| Түшүндүрүү<br>**(15 мүнөт):** | • Окуучуларга 1-баскычта адамдардын ар кандай сырткы дене мүчөлөрү жөнүндө эмнелерди үйрөнүшкөнүн эске салыңыз. Окуучулардан сиз айткан дене мүчөлөрүн көрсөтүүсүн же көтөрүүсүн сураңыз.<br>• **Суроо бериңиз: «Бардык жаныбарларда бирдей дене мүчөлөрү барбы?»** Окуучулар «Ой жүгүртүп көрчү» бөлүгүндө аныктаган жаныбарлардын дене мүчөлөрүн эстеп, бул суроого жооп беришет. Алар туура жоопко келишет — «Жок». Окуучулардын жооптору сизге 1-жаңылыштык жөнүндө маалымат берет (бөлүмдүн башындагы «Көп кездешкен жаңылыштыктар» бөлүгүн караңыз). Окуучулардын көңүлүн төмөнкүгө буруңуз: коёнекте канат жок, жыланда бут жок, өөдөкөчтүн (коңуздун) куйругу жок.<br>• **Суроо бериңиз: «Жаныбарлардын кайсы дене мүчөлөрүн атай аласыңар?»** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: көз, мурду, кулактары, башы, денеси, буттары, канаттары.) Окуучулардын жоопторун тактага жазып коюңуз.<br>• Окуу китебинин 6–7-беттериндеги «Кел, үйрөнөлү» бөлүгүнө кайрылыңыз. Окуучулардан бул беттердеги жаныбарларды карап, алардын негизги дене мүчөлөрүн атап чыгуусун өтүнүңүз. Алар бири-биринин жоопторун окуу китебиндеги сүрөттөр менен салыштырып текшерсе болот.<br>• **Суроо бериңиз: «Бардык жаныбарларда буттардын саны бирдейби?»** (Күтүлгөн жооп: Жок.) Окуучулардын көңүлүн 6-беттеги тыйын  чычкан, жарганат жана балыкка буруңуз. Алардан бул жаныбарлардын буттарын саноосун сураныңыз.<br>• Окуу планынын «Илимий ой жүгүртүү жана иштөө» бөлүгүнө байланыштырып, окуучуларды жабдыктарды туура колдонууну үйрөтө турганыңызды түшүндүрүңүз. Бул иш-чарада алар чоңойткуч айнекти пайдаланып, өтө кичинекей жаныбарларды жакшылап байкай алышат.<br>• **Суроо бериңиз: «Дене мүчөлөрү окшош болгон жаныбарларды топтосок болобу?»** (Күтүлгөн жооп: Ооба.)<br>• Окуу китебинин 6–7-беттериндеги жаныбарларды жана алардын дене мүчөлөрүн жакшылап карап чыгышсын.<br>• Окуучуларга бул сабакта тирүү жандыктарды алардын окшоштуктарына жана айырмачылыктарына жараша топтоштуруу ишин аткара турганын түшүндүрүңүз.<br>• **Суроо бериңиз: «Ар бир дене бөлүгү жаныбарга кандайча жардам берет?»** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Ар бир дене бөлүгү жаныбарга маанилүү бир ишти аткарууга жардам берет.) Окуучулар окуу китебиндеги тексттен дене мүчөлөрүнүн функциялары жөнүндө окушат.<br>• Окуу китебинин 6 жана 7-беттерине кайрылыңыз. Окуучулар жаккан жаныбарды тандап, анын бир дене бөлүгүн атап чыгышсын. Андан кийин бул жаныбар бул дене бөлүгүн кандайча пайдаланаарын роль ойноо аркылуу көрсөтүшсүн.<br>• **Суроо бериңиз: «Эгерде жаныбардын бир дене бөлүгү жок же жаракат алган болсо, эмне болот?»** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: жаныбар өлүп калышы мүмкүн; баса албайт; сүзө албайт; уча албайт.) |

| | |
|---|---|
| | • **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга бардык тирүү жандыктарды урматтоо маанилүү экенин баса белгилеңиз. Жаныбарларга камкор мамиле кылуу керектигин жана аларга зыян келтирүүгө болбой турганын түшүндүрүңүз.<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** Окуу китебиндеги 'Сөз куржуну' бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин түшүндүрүп бериңиз:<br>чыгуу — ылдый жактан өйдө карай жылуу<br>тең салмактуулук — туруктуу болуу жана кулап кетпөө<br>тырмалоо – учтуу нерсе менен бир нерсенин бетин сыйрып алуу<br>• Окуучулар «Ой жүгүртүү түзүмү 3 — АБВ мээ чабуулу» тапшырмасын аткарышат (Мугалимдер колдонмосунун артынан караңыз). Барактын үстүнө бир дене бөлүгүн жазышат жана бул дене бөлүгү бар жаныбарлардын аттарын тизмектеп чыгышат. |
| Сабакты жыйынтыктоо **(5 мүнөт):** | • Классты төрттөн топторго бөлүңүз.<br>• Сабактын башында түзүлгөн схемадагы ар бир дене бөлүгүн көрсөтүңүз. Ар бир топ ошол дене бөлүгү жаныбарда кандай колдонуларын кыймыл аркылуу көрсөтүшсүн.<br>• Окуучуларга Окуу китебинин 9-бетиндеги «Мен билем» деген кутучаларын белгилөөсүн сураңыз. Бул алардын ушул бөлүм боюнча канчалык өздөштүргөнүн баалоого жардам берет. Сабактын аягында бардык туура эмес түшүнүктөрдүн оңдолушун камсыз кылыңыз. |
| Үй тапшырма | • Окуу китебинин 18-бетиндеги «Технологиялар жөнүндө кеп!» тапшырмасын үй тапшырма катары бериңиз.<br>• Окуучуларга бул тапшырманы аткарууда кошумча маалымат булактарын — интернетти же илимий китептерди — колдонсо болорун түшүндүрүңүз. Бул аларга протез дене мүчөлөрү бар жаныбарлар жөнүндө көбүрөөк билүүгө жардам берет.<br>• Ошондой эле окуучуларга Иш дептеринин 2-бетиндеги 1В тапшырмасынын 1-2 кадамын аткарып келүүнү тапшырыңыз. |

**Сабакка киришүүнүн альтернативдүү жолдору**

- Окуучуларды топторго бөлүңүз. Окуучулар элестетип көрсүн: алар жаныбар болуп калышты. Бул жаныбардын кайсы дене мүчөлөрү бар?
- Ар кандай материалдарды (гезит, жиптер, кайчы, боёк материалдары) бериңиз. Окуучулар газета бетине жаныбардын сырткы дене мүчөлөрүн тартып, кесип алышат. Андан соң топ ичинен бир окуучуну ошол жаныбардын бардык дене мүчөлөрү менен "кийиндиришет".
- Окуучулардан өздөрүнүн үй жаныбарларынын сүрөттөрүн мектепке алып келүүнү сурансаңыз болот. Эгер бардык коопсуздук чаралары көрүлсө, айрым окуучулар үй жаныбарларын тирүү алып келсе да болот. Алар «Сүрөттөп айтып берүү» (Show and Tell) усулу аркылуу жаныбарынын ар кандай дене мүчөлөрү тууралуу айтып беришет.

**Негизги сабак үчүн альтернативдик иш-аракеттердин идеялары**

- Окуучулар мектеп айланасына сейилге чыгышып, ал жерде кездешкен жаныбарларды байкашат. Алар андан кийин жаныбарлардын ар кандай дене мүчөлөрүн аныктап, ар бир дене мүчөсүнүн жаныбар үчүн канчалык маанилүү экенин талкуулашат.
- Окуучулар топ менен иштеп, өздөрүнө жаккан бир жаныбарды тандашат. Китепканадан ошол жаныбар тууралуу жана анын сырткы дене мүчөлөрү тууралуу изилдөө жүргүзүшөт. Андан соң өз жыйынтыктары менен класста бөлүшүшөт.

**Сабакты жыйынтыктоонун альтернативдүү идеялары**

- Окуучуларга ар кандай сырткы дене мүчөлөрүн көрсөткөн сөздөр жазылган карталарды сунуштаңыз. Окуучулар кезектешип бир дене мүчөсүн тандап, андан кийин бул дене мүчөсүнүн кандай көрүнгөнүн атап жана сүрөттөп беришет.
- Окуучулар кезектешип бир дене бөлүгүнүн функциясын сүрөттөп беришет. Калган классташтары бул кайсы дене бөлүгү экенин табышат.
- Окуучулар Мугалимдер үчүн колдонмонун артындагы «Ой жүгүртүү түзүмү 3 — АБВ мээ чабуулу» тапшырмасын толтурушат. Алар ушул бөлүмдө үйрөнгөн жаныбарлардын дене мүчөлөрүн алфавит иретинде жазышат. Изилдөө жүргүзүп, кошумча мисалдарды да кошсо болот.

**Тереңдетилген окуу үчүн идеялар**

- Окуучулардан кээ бир жаныбарларга гана мүнөздүү болгон сырткы дене мүчөлөрүн изилдөөсүн сураңыз. Кээ бир мисалдар: үй чымынынын татаал көздөрү, кумурска жегич кумурскачылдардын мурду, таш баканын кабыгы, пилдин тумшугу жана маймыл менен горилланын өтө узун манжалары. Окуучулар бул дене мүчөлөрүнүн уникалдуу өзгөчөлүктөрү жана алардын жаныбар үчүн канчалык маанилүү экени жөнүндө талкуулай алышат.

**Ата-энелер менен иштөө**

Ата-энелерге балдары менен бирге зоопаркка же ар түрдүү жаныбарлар бар эс алуу паркына барууну сунуштаңыз. Алар бала менен бирге ар кандай жаныбарлардын сырткы дене мүчөлөрүн байкап, салыштырып талкуулашсын.

kitep.edu.kg

**Дифференциация**
**Кыйынчылык жараткан тапшырмалар:**
Окуучулардан Интернетти же ар кандай илимий китептерди колдонуп, төө куш жана бүркүт жөнүндө жөнүндө маалымат издешсин. Окуучуларга төө куштун да, бүркүттүн да канаттары бар экенин, бирок төө куш уча албасын аныкташсын. Окуучулар изилдөөлөрүн жыйынтыктарын класста бөлүшө алышат.

**Колдоо көрсөткөн тапшырмалар:**
Окуучуларга сырткы дене мүчөлөрү белгиленген ар кандай жаныбарлардын схемаларын көрсөтүңүз. Окуучуларга белгисиз жаныбарлардын дагы бир схемалар топтомун бериңиз. Окуучулардан сырткы дене мүчөлөрүн белгилөөгө жардам берүү үчүн белгиленген схемаларга кайрылуусун сураңыз.

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 2 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү **(10 мүнөт)** | • Окуучулардан мурунку сабактагы Окуу китебинин 18-бетиндеги “Технологиялар жөнүндө кеп!” үй тапшырмасы боюнча тапкан маалыматтарын бөлүшөт. (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Протездик бут арстанга кайра басууга жардам берет. Протездик кол маймылга кайра дарактарга чыгууга жардам берет.)<br>• Айрым жаныбарлардын сүрөт карталарын даярдаңыз. Окуучуларды жуп кылып иштетиңиз. Бир окуучу картаны тандап, картадагы жаныбардын дене мүчөсүн көрсөтөт. Экинчи окуучу дене мүчөсүн атап, жаныбар бул дене мүчөсүн кантип колдоноорун айтат.<br>• Бул тапшырманы окуучулар кеминде беш дене бөлүгүн таанып, алардын функцияларын түшүндүргөнгө чейин кайталаса болот. |
| Көнүгүү **(10 мүнөт)** | • Иш дептеринин 1-бетиндеги 1А-тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуучуларга жаныбарлардын дене мүчөлөрүн белгилей турганын түшүндүрүңүз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, сүрөттү белгилөө жаныбарлардын бөлүктөрүн даана изилдөөгө жардам берерин бекемдеңиз.<br>• Ар түрдүү жаныбарлар тууралуу видеолорду көрсөтүңүз. Окуучулар кезектешип видеолордо байкаган дене мүчөлөрүн сүрөттөп беришет.<br>• Окуучулардан Иш дептеринин 1-бетиндеги 1А-тапшырмасын бүтүрүшүн сураңыз.<br>• Окуучуларды жоопторун текшерүүгө үндөңүз. Эгер күмөн санашса, жанындагы окуучу менен кеңешип, туура жоопту жана анын себебин бирге талкуулашсын. (Күтүлгөн жооптор: Жираф (бут), маймыл (куйрук), өрдөк (таман), куш (канат), керик (баш)) |
| Көнүгүү **(15 мүнөт)** | • Иш дептеринин  2-бетиндеги 1В тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан жаныбарлардын окшош дене мүчөлөрү бар экендиги жөнүндө үйрөнгөндөрүн эстөөсүн сураңыз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, бул тапшырмада окуучулар жаныбар менен өздөрүнүн дене түзүлүшүндөгү окшоштуктарды аныктай турганын түшүндүрүңүз. Тартылган жаныбар менен окуучулардын сүрөтүнүн ортосундагы окшоштуктарды аныктоодо кыйналып жаткан окуучуларга жардам бериңиз.<br>• Иш дептеринин 2-бетиндеги 1В-тапшырмасын аткаруусун сураңыз. ЗЭгер зоопаркка баруу мүмкүн болбосо,, окуучулардан журналды же китепти карап, бир жаныбарды тандоосун сураңыз.<br>• Окуучуларга өз жоопторун текшерүүнү сунуштаңыз. Эгер күмөн санашса, классташы менен кеңешип, туура жоопту жана анын себебин бирге талкуулашсын. (Күтүлгөн жооп: 5. Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн.) |
| Сабакты жыйынтыктоо **(5 мүнөт):** | • Окуучулардан Иш дептеринин 1-бетиндеги 1А-тапшырмасы жана 2-бетиндеги 1В-тапшырмасы боюнча жоопторун салыштыруусун жана талкуулоосун сураңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Эмне үчүн ар кандай дене мүчөлөрү жаныбарлар үчүн маанилүү деп ойлойсуңар?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Ар кандай дене мүчөлөрү жаныбарларга ар кандай нерселерди жасоого жардам берет. Кээ бир дене мүчөлөрү жаныбарларга чуркоого жардам берет. Айрымдары учууга жардам берет. Айрымдары тамактанууга жардам берет.) |

## Сабактын планы


Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 3 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(10 мүнөт)** | • Ар бир окуучуга кездемеден тигилген мээлей (кол кап) бериңиз.<br>• Окуучулар мээлейди кийип, колдорун ар кандай беттерге сүртүшсүн (мисалы: полго, дубалга, партага).<br>• **Суроо бериңиз: Мээлейсиз эле бул беттерге колуңарды сүртсөңөр, коопсуз болобу?** (Күтүлгөн жооп: Жок.) Окуучуларга кээ бир беттер орой болорун же ысык болушу мүмкүн экенин түшүндүрүп, мээлейдин колду кандайча коргогонун түшүнүүгө жетелеңиз.<br>• Окуучулардан мээлей колдорун кантип коргогонун класс менен бөлүшүүнү сураңыз. (Күтүлгөн жооптор: Ар түрдүү болушу мүмкүн. Мээлей жаракат алуудан коргоду.Мээлей бизди жаракат алуудан сактады.) |
| Көнүгүү<br>(10 мүнөт) | • Кышкы куртканы жана плащты көрсөтүңүз.<br>• **Суроо бериңиз: Суук жерге барганда кайсы кийимди кийет элеңер? Эмне үчүн?** Окуучулар бири-бири менен өз тандоолорун талкуулашсын. (Күтүлгөн жооп: Кышкы куртка. Ал мени жылуу кармайт.)<br>• **Суроо бериңиз: Жамгыр жаап жатканда кайсы кийимди кийет элеңер? Эмне үчүн?** Окуучулар акыркы жолу жамгыр жааганда эмнени кийишкенин эстеп, талкуулашсын. (Күтүлгөн жооп: Плащ. Ал мени суу болуудан сактайт.)<br>• **Суроо бериңиз: Жаныбарлар эмне кийим кийүүнү тандай алышабы?** (Күтүлгөн жооп: Жок.)<br>• **Суроо бериңиз: Жаныбарлар өз денесин кантип коргойт?** (Күтүлгөн жооптор: Ар түрдүү болушу мүмкүн. Жаныбарлардын денесинде атайын каптамалары болот.)<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга классташтарынын тандоосун сыйлоо маанилүү экенин баса белгилеңиз. Аларды жаныбарлар жөнүндө көбүрөөк билүүгө жардам берүү үчүн бири-бирине сунуштарды берүүгө үндөңүз. |
| Түшүндүрүү<br>**(15 мүнөт)** | • Окуу китебинин 8–9-беттериндеги “Кел, үйрөнөлү!” бөлүмүнө кайрылыңыз. Окуучулардан бул беттердеги жаныбарларды кароосун сураңыз.<br>• Адамдар үчүн кышкы куртка менен ак аюулардын калың жүндөрүнүн, ошондой эле адамдар үчүн плащ менен куш жүнүнүн ортосундагы окшоштукту табууга жардам бериңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Эмне үчүн кээ бир жаныбарлардын тери каптамалары бар?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Аларды жылуу кармоо үчүн, жаракат алуудан сактоо үчүн.) Окуучулардан жупташып, окшош тери каптамалары бар башка эки жаныбарды тизмектөөсүн сураңыз. Окуучулардан бул жаныбарлардын тери каптамалары жок болсо эмне болорун сураңыз. (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Жаныбар өлүп калат. Жаныбар сууктайт. Жаныбар ооруп калат.)<br>• MCE Cambridge тиркемесин колдонуп, Окуу китебинин 9-бетиндеги армадиллонун уникалдуу каптамасы жөнүндөгү видеону MCE Cambridge тиркемеси аркылуу экранга көрсөтүңүз.<br>• **Суроо бериңиз: Теринин бул түрү бул жаныбарга кандайча жардам берет деп ойлойсуңар?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Ал жаныбарды коргойт, ошондуктан башка жаныбарлар ага оңой зыян келтире албайт.)<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** “Сөз куржуну” бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.<br>ийнелер – катуу тикенек сымал түзүлүштөр<br>коргоо – коопсуз сактоо<br>• **Суроо бериңиз: Бардык жаныбарлардын тери каптамалары барбы?** (Күтүлгөн жооп: Жок.) Окуучуларды тери каптамалары жок кээ бир жаныбарлар бар деген жыйынтыкка алып келиңиз. Мисалдар: бакалар, курттар, кээ бир балыктар жана курт-кумурскалар. Алардын жооптору сизге 2-жаңылыштык аныктоого жардам берет (бөлүмдүн башындагы “Көп кездешкен жаңылыштыктар” бөлүмүнө кайрылыңыз).<br>• Окуучулар китебинин 17-бетиндеги “Турмуштагы илим” бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуу программасынын “Контексттеги илим” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, зоологдор илимди кесипкөй колдонгон адамдар экенин окуучуларга баса белгилеңиз. Окуучуларга зоологдор эмне кылаарын кыскача сүрөттөп бериңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Зоологдор үчүн жаныбарларды изилдөө эмне үчүн маанилүү?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Жаныбарлар маанилүү. Биз аларга кам көрүшүбүз керек. Биз жаныбарлар жашаган жерди коргошубуз керек.)<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Бардык тирүү жандыктарга урмат менен мамиле кылуу абдан маанилүү экенин баса белгилеңиз. Жаныбарларга кылдат мамиле кылуу керектигин жана аларга зыян келтирбөө керектигин түшүндүрүңүз. |

| | |
|---|---|
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуучулардан Окуу китебинин 9-бетиндеги “Билимиңди текшер” бөлүмүндөгү суроого жооп берүүсүн сураңыз. (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Адам менен мышыктын жүнү, башы, денеси, мурду, оозу, көздөрү жана кулактары бар. Мышыктын төрт буту жана куйругу бар. Адамдын эки буту бар, бирок куйругу жок.)<br>• Окуучулардан бөлүмдүн аягында жетишкендиктерин баалоо үчүн Окуу китебинин 9-бетиндеги тиешелүү “Мен билем” кутучаларын белгилөөсүн сураңыз. Сабак аягында бардык түшүнбөстүктөрдүн такталышын камсыз кылыңыз. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 4 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)** | • Ар кандай тери каптамалары бар жаныбарлардын сүрөт карталарын даярдаңыз. Окуучулардан картаны тандап, картадагы жаныбардын тери каптамасын аныктоосун сураңыз. Окуучуларды жуп кылып иштетип, жаныбардын тери каптамасын аташын сураңыз. Окуучулар кеминде үч тери жабынын туура аныктай алганга чейин тапшырманы кайталай алышат. |
| Көнүгүү<br>**(30 мүнөт)** | • Иш дептеринин 3-бетиндеги 1С-тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуучуларга кээ бир материалдарды (гезит, кайчы, клей, кагаз баракчасы) бериңиз.<br>• Окуучулар газетага канаттуу жаныбарлардын куш жүнүн (жүндүн формасын) тартып, аны боёп, кыркып алышат.<br>• Андан соң алар бул кагаз жүндөрдү кат-каттап, А4 форматындагы кагазга чапташат. Мындайча алар канаттуу жаныбарлардын терисинин каптамасынын моделин жасашат.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга алар тери жабынын туура жаныбарга дал келтире турганын билдириңиз.<br>• Окуучулардан Иш дептеринин 3-бетиндеги 1С тапшырмасын аткаруусун сураңыз. Окуучуларды жоопторун текшерүүгө үндөңүз. Эгер күмөн санашса, окуучуларды классташы менен талкуулап, туура жообун жана анын себебин түшүнүүгө чакырыңыз.<br><br> |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуучуларга Иш дептеринин 3-бетиндеги 1С-тапшырма боюнча жоопторун салыштырып, бири-бири менен талкуулоону сунуштаңыз.<br>• **Суроо бериңиз: “Силердин оюңарча, жаныбарлар үчүн теринин каптамасы эмнеге маанилүү?”** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы: Теринин каптамасы жаныбарларды коргойт. Териси аларды жылуу сактайт. Териси аларды кургак кармайт.) |
| Үй тапшырма | • Окуучулардан ата-энесинин сүрөттөрүн таап, кийинки сабакка алып келүүсүн тапшырыңыз.<br>• Ошондой эле, ата-энесинин дене мүчөлөрүн — мисалы, колдорун жана буттарын — байкап көрүүгө убакыт бөлүү сунушталат. |

kitep.edu.kg

## Кичи бөлүм Б Жаныбарлар жана алардын балдары

**Сабактардын саны: 6**

| |
|---|
| ***Кичи бөлүмдүн окуу максаттары**<br>**2Бп.О3** Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, тукумдары чоңойгон сайын кандай өзгөрөрүн сүрөттөө.<br>**2Бп.О4** Жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, ата-энесинин<br>**2ИОЖИб.О1** Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо.<br>**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.<br>**2ИОЖИи.О3** Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү.<br>**2ИОЖИи.О5** Суроого жооп табуу үчүн берилген экинчилик маалымат булагын колдонуу.<br>**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.<br>**2ИОЖИс.О2** Жыйынтыктардагы жөнөкөй мыйзамченемдүүлүктөрдү аныктайт (мисалы, көбөйүү же азайуу багытындагы).<br>**2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү. |
| **Негизги терминдер**<br>• тукум, үлгү/мыйзам ченем, көбөйүү, бала |
| **Көп кездешкен жаңылыштыктар**<br><br>**1-жаңылыштык:** Чачтын узундугу жана тырмактын узундугу ата-энебизге окшоштугубуздун кээ бир жолдору болуп саналат.<br>**Туура түшүнүк:** Чачтын узундугу жана тырмактын узундугу жаш муун менен ата-эненин ортосундагы окшоштук эмес, анткени аларды ар кандай узундукта кесүүгө болот.<br>**Кантип түшүндүрүү керек:**<br>**Суроо бериңиз: Кыска чачтуу кызды жана узун чачтуу апасын көргөнсүз беле? Кыска тырмактуу баланы жана узун тырмактуу апасынчы?**<br>Кээ бир окуучулар чачтын узундугу жана тырмактын узундугу ата-энеге окшоштук деп ойлошот. Окуучуларга тырмактын формасы же чачтын түсү ата-энесинен ала турган өзгөчөлүктөр болгону менен, чачтын узундугу жана тырмактын узундугу өзгөртүлүшү мүмкүн болгон нерселер экенин түшүндүрүңүз. Алар чачтарын же тырмактарын узун өстүрүшү же кыска кесиши мүмкүн. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 5 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)** | • Сиз окуучулар китебинин мазмунундагы бул бөлүмдүн окуу максаттарына кайрылып, окуучуларга бөлүм жөнүндө жалпы маалымат бере аласыз.<br>• **Сактык жана коопсуздук эскертүүлөрү:** Окуучуларга күзгү берүүдөн мурун, күзгү айнектен жасалганын жана түшүп кеткенде оңой сынып калышы мүмкүн экенин баса белгилеңиз. Коопсуздукту ар дайым сактоо маанилүү. Окуучуларга кырсык болсо, дароо чоң кишиден жардам суроо маанилүү экенин эскертиңиз.<br>• Күзгү алып келиңиз. Окуучулардан күзгүгө өздөрүн кароосун сураңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Күзгүдө өзүн карап, кандай сырткы дене мүчөлөрүн атоого болот?** (Күтүлгөн жооптор: ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы: көздөр, мурун, бет)<br>• Окуучуларды жуптарга бөлүңүз. Мүмкүн болсо, бир жупта бир жыныстагы окуучулар болсун. Жуптар өз ара “сүйлөгөн күзгү” ролунда болушат: бири экинчисинин сырткы дене мүчөлөрүн (чач, мурун, көз, манжалар) айтып берет.<br>• **Суроо бериңиз: Досуңарга окшошсуңарбы?** (Күтүлгөн жооптор: ар түрдүү болушу мүмкүн. Айрым окуучулар “Ооба” деп жооп беришет, себеби экөөндө тең кара чач же күрөң көз болушу мүмкүн.) |
| Диагностикалык баалоо<br>**(5 мүнөт)** | • Окуу китебинин 10-бетиндеги “Ой жүгүртүп көрчү!” бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучуларга чоңойгондо кандай көрүнөөрүн сүрөттөөнү өтүнүңүз. Бул жоопторду плакатка жазып, бөлүмдү окуп бүткөнчө кайра кайрылып келсеңиз болот. Окуучуларга дененин ар түрдүү мүчөлөрү чоңойгондо кандай өзгөрөрүн элестетип айтып берүүгө багыт бериңиз. |
| | • Окуу китебинин 10-бетиндеги “Кел, изилдейли” бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Силер ата-энелериңерге окшошсуңарбы?** (Күтүлгөн жооптор: Ар түрдүү болушу мүмкүн.) |

kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| Көнүгүү<br>**(10 мүнөт)** | • Бул иш-аракет үчүн окуучуларды топторго бөлүңүз. Алар «Кел, изилдейли» бөлүгүнүн 1-кадамын аткарышат. Окуучулар өздөрүнүн жана ата-энелеринин сүрөттөрүн салыштырып жатканда ар бир сырткы дене мүчөсүнө өзүнчө көңүл бурушуна жардам бериңиз.<br>• Андан соң, окуучулар 2-суроого жооп беришет.<br>(Күтүлгөн жооп: Мисалы, "Оозум апамдыкындай ичке", "Көздөрүм атамдыкындай кичине".)<br>• Суроолорду улантыңыз:<br>• Кайсы сырткы дене мүчөлөрүң апаңдыкына окшош? (Күтүлгөн жооптор: Мисалы, чач, мурун, көз.)<br>• Кайсы сырткы дене мүчөлөрүң атаңдыкына окшош? (Күтүлгөн жооптор: Мисалы, чач, мурун, көз.)<br>• Бул сырткы дене мүчөлөрү кандайча окшош экенин сүрөттөп бере аласыңарбы? (Күтүлгөн жооптор: Мисалы, "Чачымдын түсү атамдыкындай", "Көзүм апамдыкындай боз түстө".)<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга классташтарынын пикирин жана тандоосун сыйлоо абдан маанилүү экенин баса белгилеңиз. Окуучуларды ата-энесине кандайча окшош экенин байкоого жардам берүү үчүн бири-бирине сунуштарды берүүгө үндөңүз. |
| Түшүндүрүү<br>**(15 мүнөт):** | • Окуучуларга өздөрү көргөн балдар менен алардын ата-энелерин эстөөгө көмөктөшүңүз (дүкөндө, оюн аянтчасында, мектептин алдында, үй-бүлөлүк жыйында).<br>• **Суроо бериңиз: Балдар менен алардын ата-энелеринин ортосунда кандайдыр бир окшоштуктарды байкадыңарбы?** (Күтүлгөн жооптор: Балдар апасына окшош. Балдар атасына окшош. Балдар эки ата-энесине тең окшош.)<br>• Окуу китебинин 11-бетиндеги "Кел, үйрөнөлү" бөлүгүнө кайрылыңыз. Окуучуларга эки ата-эне жана алардын балдары көрсөтүлгөн сүрөттөрдү каратыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Бул ымыркай апасына эмнеси менен окшош?** (Күтүлгөн жооптор: Мисалы, ымыркайдын терисинин түсү апасыныкындай.)<br>• **Суроо бериңиз: Бул бала ата-энесине эмнеси менен окшош?** (Күтүлгөн жооптор: Мисалы, баланын чачы атасыныкындай күрөң, көздөрү апасыныкындай боз.)<br>• (Окуучулардын жооптору Сизге 1-жаңылыштык аныктоого жардам берет — башында берилген "Көп кездешкен жаңылыштыктар" бөлүгүн караңыз.)<br>• **Суроо бериңиз: Балдар менен алардын ата-энелеринин ортосунда башка кандай окшоштуктар болушу мүмкүн?** (Күтүлгөн жооптор: Алар сүйлөгөнү, басканы, күлгөнү окшош болушу мүмкүн.)<br>• Окуу китебинин 12-бетиндеги жаныбарлар жана алардын балдары көрсөтүлгөн сүрөттөрдү талкуулаңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Бардык жаныбарлар бирдей жол менен көбөйөбү?** (Күтүлгөн жооп: Жок.)<br>• Окуучуларга тууган жаныбарлардын тобун жана жумуртка тууган жаныбарлардын тобун аныктоого жардам бериңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Эмне үчүн тоок жумуртканын үстүнө отурат?**<br>(Күтүлгөн жооптор: Жумурткаларды коргоо үчүн, башка жаныбарлар жеп салбаш үчүн, жумурткаларды жылуу кармоо үчүн.)<br>• Окуучуларды топторго бөлүп, ар бир чоң жаныбар менен анын баласынын окшоштугун талкуулоого түрткү бериңиз.<br>• Ар бир топ өзүнүн ойлорун бүткүл класс менен бөлүшсүн. Бул ой-пикирлерди схемага жазып алып, кийинки сабактарда кайра кайрыла аласыз. |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуу китебинин 12-бетиндеги "Кел, үйрөнөлү" бөлүгүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан китептерден же тасмалардан кезиктирген дагы бир жаныбарды жана анын баласын сунуштоосун сураңыз.<br>• Окуучуларга 18-беттеги "Мен билем" кутучаларындагы тиешелүү жерлерге белгилөө коюуну тапшырыңыз.Бул алардын ушул бөлүмдөгү билим деңгээлин текшерүүгө жардам берет.<br>• Бул сабактын аягына чейин бардык ката түшүнүктөр оңдолгондугуна ынаныңыз. |
| Үй тапшырма | • Иш дептеринин 5-бетиндеги 1Е-тапшырмасынын 2а суроосун үйгө тапшырма катары бериңиз. |

**Сабакка киришүүнүн альтернативдүү жолдору**

- Ата-энелерди онлайн видео чалууга чакырыңыз. Окуучулар классташтары менен алардын ата-энелеринин ортосундагы окшоштуктарды байкай алышат.
- Айрым ата-энелерди сабакка чакырыңыз. Алар өздөрү менен бирге сүрөттөрдү алып келишсе болот. Окуучулар классташтарынын ата-энелери менен классташтардын ортосундагы сырткы окшоштуктарды байкап, байкоолорун кезектешип айтып беришет.

**Негизги сабак үчүн альтернативдик иш-аракеттердин идеялары**

- Окуучуларга жаныбарлар менен алардын балдары тууралуу видеолорду көрсөтүңүз. Андан кийин алар чоң жаныбар менен анын баласынын ортосундагы окшоштуктарды аныктай алышат.
- Окуучулар жаныбарлар жана алардын балдары тууралуу китептерге кайрыла алышат. Топтордо талкуулап, жаш жаныбардын чоң жаныбарга кандай окшош экенин аныкташат.

kitep.edu.kg

**Сабакты жыйынтыктоонун альтернативдүү идеялары**

- Окуучулар жаш тукумдарын төрөгөн бардык жаныбарларды жана жумуртка тууган бардык жаныбарларды тизмектей алышат.

**Тереңдетилген окуу үчүн идеялар**

- Окуучулар чоң пингвиндер жумурткаларын кандайча карап, аларды кантип басып чыгышарын изилдешсин.
- Окуучулар дельфиндер өз балдарын кантип төрөй турганын изилдешсин.

**Ата-энелер менен иштөө**

- Ата-энелер балдары менен бирге үй-бүлөлүк сүрөттөрдү карап, алардын ортосундагы окшоштуктарды байкашсын.
- Ата-энелер ар бир ата-эне менен бала тең турган сүрөттү бир баракка чаптап, алардын сырткы окшоштуктарын аныктап, ошол баракка тизмектеп жаза алышат.


**Дифференциация**

**Кыйынчылык жараткан тапшырмалар:**
Окуучулар өздөрүнүн эже-сиңдилери же ага-инилерин ата-энеси менен салыштырып, окшоштуктарды байкашат.

**Колдоо көрсөткөн тапшырмалар:**
Окуучулар өздөрүнүн апасынын жана атасынын ата-энелерин (чоң апа, чоң ата) карап, чоң ата-энелер менен ата-энелердин ортосундагы сырткы окшоштуктарды изилдешет.

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

<table>
<tr><th colspan="2">Сабак 6 (40 мүнөт)</th></tr>
<tr><td>Сабакка киришүү<br>(5 мүнөт)</td><td>• Окуучуларга ата-энелери менен болгон бир окшоштугун эстөөгө багыт бериңиз.<br>• Андан соң, ошол окшош белгилер боюнча классташтары менен топторго бөлүнүүнү сунуштаңыз. Төмөнкү мисалдарды келтирсеңиз болот:<br>- атасыныкындай тармал чач<br>- апасыныкындай түз чач<br>- апасыныкындай учтуу мурун<br>- атасыныкындай көз түсү<br>- атасыныкындай бут формасы<br>- апасыныкындай бет формасы</td></tr>
<tr><td>Көнүгүү<br>(15 мүнөт)</td><td>• Иш дептеринин 4-бетиндеги 1Г-тапшармысана кайрылыңыз. “Ата-энелер менен иштөө” иш-аракетин аткарган окуучулардан ата-энелери менен болгон окшоштуктарын айтып, сүрөттөрүн бөлүшүүсүн сураңыз. Бирок муну аткарууга ар бир окуучу милдеттүү эмес – кимдир бирөө өзүн ыңгайсыз сезсе, бул тандоосуна урмат менен мамиле кылуу зарыл.<br>• Ар кандай жаныбарлар менен алардын балдары тууралуу видеолорду көрсөтүңүз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга чоң жаныбарды жана жаш жаныбарды чогуу топтоштура турганын билдириңиз. Тапшырманын экинчи бөлүгүндө окуучулар жаш жаныбар чоңойгон сайын анын сырткы дене мүчөлөрүндө кандай өзгөрүүлөр болорун байкап, ошол өзгөрүүлөрдүн белгилүү бир мыйзамченемдүүлүгүн аныкташы керек.<br>• Окуучулардан Иш китебинин 4-бетиндеги 1Г-тапшырманы аткаруусун сураңыз. Окуучуларды жоопторун текшерүүгө үндөңүз. Жоопторун өз ара текшерүүгө чакырыңыз. Эгерде бир нерседе күмөн санашса, классташтары менен талкуулап, эмне үчүн туура жооп ушундай экенин түшүндүрүп кетишсин. (Күтүлгөн жооптор:<br><br><br>Алардын дене мүчөлөрү чоңоёт.)</td></tr>
</table>



kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| Көнүгүү<br>**(15 мүнөт)** | • Иш дептеринин 5-бетиндеги 1Д-тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан 5-беттеги 1Д тапшырманы аткаруусун сураңыз. Жоопторун текшерүүгө чакырыңыз. Эгерде бир нерседе күмөн санашса, классташтары менен талкуулап, эмне үчүн туура жооп ушундай экенин түшүндүрүүсүнө багыт бериңиз. (Күтүлгөн жооптор: 1. Менин чачым апамдыкындай тармал. Менин көздөрүм атамдыкындай кичинекей.)<br>• Окуучулар үй тапшырмасында колдонулган жиптерди алып чыгып, классташтарына көрсөтүшсүн.<br>• “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” багытына байланыштырып, түшүндүрүңүз: бул бөлүктө окуучулар өздөрүнүн жана ата-энелеринин таман узундуктарын стандарттуу эмес өлчөө бирдиги — жип аркылуу салыштырышат<br>• **Суроо бериңиз: Эмне үчүн эки жип бир эле сызыкка коюлушу керек деп ойлойсуңар?** (Күтүлгөн жооп: Жиптердин кайсынысы узун экенин так көрүү үчүн.)<br>• Андан соң, окуучулар 2б суроосуна жооп беришет. (Күтүлгөн жооп: 2б. Узунураак)<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларды бири-биринин айырмачылыктарын урматтоого үндөңүз. Ар бир адамдын сырткы келбети ар башка экенин, жана бул ар түрдүүлүккө урмат менен мамиле кылуу маанилүү экенин эскертиңиз. |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуучулардан Иш дептеринин 4-барагындагы 1Г-тапшырма жана 5-барагындагы 1Д-тапшырма боюнча жоопторун салыштырып, талкуулап чыгууну өтүнүңүз.<br>• **Сураңыз: Кимдир бирөө апасына же атасына толугу менен окшошпу?** (Күтүлгөн жооп: Жок.)<br>• Окуучуларга ар бир адамдын ар бир ата-энеси менен кээ бир окшоштуктары бар экенин түшүнүүгө жардам бериңиз. |
| Үй тапшырма | • Окуучулардан наристелик кезиндеги сүрөтүн жана азыркы учурдагы сүрөтүн мектепке алып келүүнү сураныңыз.<br>• Окуучуларга Окуу китебинин 15-бетинин аягындагы тапшырманы аткарып, колдонулган жиптерди класска алып келүүнү эскертиңиз. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 7 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(10 мүнөт)** | • Окуучулардан былтыр өздөрүнүн бою кандай болгонун айтып берүүнү сураныңыз. (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн.) Кээ бир окуучулар бою кандай болгонун көздөрүнө, мурундарina же ээк жагына колу менен көрсөтүшү мүмкүн. |
| Көнүгүү<br>**(10 мүнөт)** | • Окуучуларды топторго бөлүңүз. Кааласаңыз, ар бир топко бир жыныстагы окуучуларды бириктирсеңиз болот.<br>• Ар бир топко чоң ак кагаз таратыңыз.<br>• Ар бир топтун бир окуучусу ак кагаздын үстүнө жатып алат. Калган окуучулар анын денесинин четин бойлой карандаш менен контур (сызма) чыгарышат.<br>• Окуучулар сызманы кайчы менен кесип чыгышат. Окуучуларга кайчыны кылдат колдонууну эскертиңиз.<br>• Полго 1 метрдик лента чаптаңыз. Ар бир топ өз сызмасын полго ошол сызыкка негиздеп чаптап чыгат. Ар бир сызманын алдына ошол окуучунун атын жазышат.<br>• **Суроо бериңиз: Классташтарыңардын бойлорунун узундугу жөнүндө эмне байкай аласыңар?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Кээ бирибиз башкаларга караганда узунураакпыз.)<br>• Окуу программасынын “Ойлонуу жана илимий иштөө” бөлүгү менен байланыштыруу үчүн окуучуларга 14 жаштагы окуучунун болжолдуу бою кандай болушу мүмкүн экенин божомолдоп жазууну сунуштаңыз.<br>• Ар бир сызманын жанына “14 жаш” деп жазып, ошол окуучунун 14 жаштагы бою кандай болушу мүмкүн экенин болжолдоп көрсүн.<br>• **Суроо бериңиз: Болжолуңарды кантип текшерсе болот?** (Күтүлгөн жооп: 14 жаштагы окуучунун боюна сызма чыгарып салыштырып көрөбүз. Интернеттен маалымат издейбиз.) Окуучулар планын топ менен талкуулай алышат.<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга, бул иш учурунда  сызмасы чыгарылып жаткан классташын сыйлоо маанилүү экенин белгилеңиз. Иш учурунда аларды эч кандай уятка калтырганга болбойт. |

kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| Түшүндүрүү<br>**(15 мүнөт)** | • Окуу китебинин 13–15-беттериндеги «Кел, үйрөнөлү!» бөлүмүнө багыттаңыз. Бул беттердеги адамдардын мисалдарын карап чыгышсын.<br>• Окуучулардан өздөрүнүн кичинекей кезинен бери кандайча өзгөргөнүн эстеп, айтып берүүсүн өтүнүңүз.<br>• Аларга бөбөк кезинен бери тааныган адам жөнүндө айтып берүүнү сунуштаңыз. Ал адамда байкаган өзгөрүүлөрдү сүрөттөп беришсин.<br>• **Суроо бериңиз: Жаныбарлар чоңойгон сайын кандайча өзгөрөт?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Алар чоңоет, бою өсөт, оорлошот.)<br>• Кээ бир жаныбарлар чоңойгондо алардын терисинин каптамасы да өзгөрүшү мүмкүн экенин белгилеңиз.<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга бардык тирүү жандыктарга сый мамиле жасоо маанилүү экенин баса белгилеңиз. Жаныбарлар камкордук менен каралууга тийиш, аларга зыян келтирүүгө болбойт.<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** «Сөз куржуну» бөлүмүндөгү жаңы сөздөрдүн маанисин түшүндүрүңүз:<br>өзгөрүү – башкача болуу<br>жөрмөлөө – төрт буту менен кыймылдоо<br>• Окуу китебинин 15-бетиндеги сүрөттөргө көңүл бурдуруңуз.<br>• **Суроо бериңиз: Бул сүрөттөрдө бир эле адам сүрөттөлгөн деп ойлойсуңбу?** (Күтүлгөн жооп: Ооба)<br>• Окуучуларды, адам жана жаныбарлар чоңойгон сайын көп өзгөрүүлөрдөн өтөөрүн түшүнүүгө жетелеңиз.<br>• Окуучулар өздөрүнүн бөбөк кезиндеги жана азыркы сүрөттөрүн алып чыгып салыштырышсын. Дененин кайсы бөлүктөрү өзгөргөнүн бир мүнөт карап чыккандан кийин, айрым окуучулар өз байкоолору менен бөлүшүшсүн.<br>• Окуучулардын көңүлүн 15-беттин ылдый жагындагы тапшырмага буруңуз. Окуучулар өздөрүнүн жана ата-энелеринин колдорунун узундугун жиптерди колдонуп өлчөө тапшырмаларын аткарышкан болушу керек.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, бул иш-аракет дененин бөлүктөрүн стандарттуу эмес бирдиктерде өлчөөнү талап кылганын билдириңиз.<br>• Окуучулар жиптерин чыгарып, классташтарына көрсөтүшсүн. Жиптердин узундуктарын салыштырышсын.<br>• Окуучуларды: «Кээ бир дене мүчөлөрү адам чоңойгон сайын узарарын» түшүнүүгө жетелеңиз. Эгер кээ бир окуучулар жыйынтык чыгарууда кыйынчылык тартса, колдоо көрсөтүңүз. |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуучулардан Окуу китебинин 18-бетиндеги “Билимиңди текшер” бөлүмүндөгү суроого жооп берүүсүн сураңыз. (Күтүлгөн жооп: Жооп ар кандай болушу мүмкүн. Жаш тукумдар чоңоёт, оорлошот. Алар чоң жаныбарга окшошо баштайт.) Окуучуларга жаныбарлардын, анын ичинде адамдардын, чоңойгон сайын кандай өзгөрүүлөргө дуушар болорун салыштырууга жардам бериңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Адамдар менен башка жаныбарлардын чоңойгон сайын башынан өткөргөн өзгөрүүлөрүндө окшоштуктар барбы?** (Күтүлгөн жооп: Жооп ар кандай болушу мүмкүн. Ооба. Жаш тукумдар чоңоёт, оорлойт; алар чоң жаныбарга окшошо баштайт.)<br>• Окуучулардан бөлүмдүн аягында жетишкендиктерин баалоо үчүн Окуу китебинин 18-бетиндеги тиешелүү “Мен билем” кутучаларын белгилөөсүн сураңыз. Бул сабактын аягына чейин бардыкката түшүнүктөр оңдолгондугуна ынаныңыз. |
| Үй тапшырма | • Окуучулардан ата-энесинин жанына туруп, өздөрүнүн жана ата-энесинин бою канчалык айырмаланарын салыштырууну өтүнүңүз.<br>• Эгер үйүндө тараза болсо, өздөрүнүн жана ата-энесинин салмагын өлчөп салыштырышсын. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 8 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)** | • Окуучуларды топторго бөлүп, ата-энесинин бою жана салмагы менен өздөрүнүн бою жана салмагын салыштырганда байкагандарын бөлүшүүгө үндөңүз.<br>• **Суроо бериңиз: Боюңарды ата-энеңердики менен салыштырганда эмнени байкадыңар?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Алар узунураак.)<br>• **Суроо бериңиз: Салмагыңарды ата-энеңердики менен салыштырганда эмнени байкадыңар?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Алар оорураак.)<br>• **Суроо бериңиз: Чоңойгон сайын өзүңөрдө кандай өзгөрүүлөрдү байкайсыңар деп ойлойсуңар?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мен узунураак болом. Мен оорураак болом.) |

kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| Көнүгүү<br>**(30 мүнөт)** | • Иш дептеринин 6–7-беттериндеги 1Ж-тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Жаныбарлар чоңойгон сайын кандай өзгөрүүлөргө дуушар болору жөнүндө маалымат берген кээ бир китептерди же сүрөт карталарын даярдасаңыз болот.<br>• Окуу программасынын “Илимдин күнүмдүк жашоодогу колдонулушу” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, иш-чаранын экинчи бөлүгүндө окуучулар жөжөлөрдүн өсүп жатканын аныктоо үчүн илимди колдонушу керектигин билдириңиз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучулар жаныбардын чоңойгон сайын башынан өткөргөн өзгөрүүлөрүнүн жөнөкөй мыйзамченемдүүлүктөрүн байкай турганын билдириңиз.<br>• Окуучуларга китептерди/сүрөт карталарын карап чыгууга жана жаныбардын чоңойгон сайын башынан өткөргөн өзгөрүүлөрү жөнүндө үйрөнгөндөрүн бөлүшүүгө убакыт бериңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Жаныбар чоңойгон сайын кандай өзгөрүүлөргө дуушар болорун атай аласыңарбы?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Денеси чоңоёт. Жаныбар узунураак болот. Жаныбардын тери каптамасы өзгөрөт.)<br>• Окуучулардан Иш дептеринин 6–7-беттериндеги 1Ж-тапшырмасын аткаруусун сураңыз.<br>• 1-суроонун жоопторун текшерүүгө чакырыңыз. Эгер күмөн санашса, жанындагы окуучу менен талкуулап, туура жоопторду жана алардын эмне үчүн туура экенин билүүгө үндөңүз. Окуучуларга жаш жаныбарлардагы өзгөрүүлөр жөнүндө үйрөнгөндөрүн колдонуп, 2-суроого жооп берүүсүнө жардам бериңиз. (Күтүлгөн жооптор:<br>1.<br>**а)** 2, 3, 1<br>**б)** 2, 1, 3<br>**в)** 3, 2, 1<br>2. Жөжөлөрдүн салмагы оорлой баштайт. Жөжөлөр тезирээк чоңоё башташат.) |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуучуларга Иш дептеринин 6–7-беттериндеги 1Ж тапшырмасынын жоопторун салыштырып, талкуулашсын.<br>• **Суроо бериңиз: Жөжө, хомяк жана ташбаканын балдары чоңойгон сайын кандай өзгөрүүлөргө дуушар болушту?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Жөжө: Денеси чоңоюп, узарып, терисинин каптамасы өзгөрдү. Хомяк: Денеси чоңоюп, терисинин каптамасы өзгөрдү. Ташбаканын баласы: Денеси чоңоюп, оорураак болуп калды.) |
| Үй тапшырма | • Окуучуларга Окуу китебинин 17-бетиндеги «Көйгөйдү чечкенди үйрөнөлү» бөлүмүндөгү 1–4 кадамдарды аткаруу тапшырмасын бериңиз.<br>• Окуучуларга браконьерлерге каршы кантип чара көрүү керек экенин көрсөтүүчү плакатты долбоорлой турганын түшүндүрүңүз.<br>• Окуучуларга кийинки сабакта плакатты бүтүрүү жана кооздоо үчүн атайын убакыт берилерин алдын ала маалымдаңыз. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 9 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)** | • Окуучулар мурунку сабакта үй тапшырмасы катары Окуу китебинин 17-бетиндеги «Көйгөйдү чечкенди үйрөнөлү» бөлүмүндөгү 1–4 кадамдарды аткарып бүтүрүшү керек болчу.<br>• Окуу программасынын “Илимдин күнүмдүк жашоодогу колдонулушу” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, 3-кадам аларга үй-бүлө, туугандар, кошуналар же достор сыяктуу маалымат булагын колдонууга мүмкүнчүлүк берерин билдириңиз. Ошондой эле, окуучулардан айланабыздагы дүйнө жөнүндө суроолорду берүүсүн талап кылуу менен “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө да байланыштуу.<br>• Окуучуларга плакаттарын долбоорлоого жана идеяларын класска көрсөтүүгө даярдоого кыска убакыт берилерин билдириңиз. |
| Көнүгүү<br>**(25 мүнөт)** | • Топторду кыдырып, окуучулардын плакаттарында төмөнкү суроолорго жооп камтылганын текшериңиз:<br>- Браконьерлик жөнүндө эмне деп ойлошот?<br>- Браконьерликти токтотуу үчүн эмне кылса болот?<br>• Окуучулардан плакаттарын класстын айланасындагы дубалдарга илүүсүн сураңыз. Класс боюнча сейилдөө уюштуруңуз, анда окуучулар класстaштарынын долбоорлогон плакаттарын карай алышат.<br>• Окуучуларга башка топтордон плакаттары жөнүндө суроо берүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларды браконьерлик жөнүндө көбүрөөк суроолорду ойлоп табууга үндөңүз. Бул суроолор аларды жооп издөөгө алып барышы керек. |

kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| Сабакты жыйынтыктоо **(10 мүнөт):** | • **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Бул этапта суроо берүү маданиятын талкуулап кетсеңиз болот. Суроолор көз караш, байкоо негизинде болушу керек жана эч кимдин сезимине доо кетирбеши зарыл. Окуучулар суроолоруна берилген жооптордон маалымат алып, билимин жакшыртышы керек. Мындай суроолорго “Браконьерлер жаныбарларды кантип кармашат?”, “Эмне үчүн браконьерлер жаныбарларды аңчылык кылышат?”, “Браконьерликти токтотуу үчүн кандай кадамдарды жасаса болот?” кирет.<br>• Окуучулардан өздөрүнүн плакаттарын баалоосун жана топтордо төмөнкү суроолорду талкуулоосун сураңыз:<br>- Плакатыңардын кайсы жери жакшы болду?<br>- Эмнени жакшыртмаксыңар?<br>- Классташтарыңардын плакаттарын көргөндөн кийин, плакатыңарга эмнени кошмоксуңар жана эмне үчүн? |
| Үй тапшырма | • Окуучуларга Окуу китебинин 19-беттен 21-бетке чейинки “Көнүгүү барагын” үй тапшырма катары бериңиз.<br>• Окуучуларга Иш дептеринин 8-бетиндеги “Сөз оюну” бөлүмүн үй тапшырма катары бериңиз. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 10 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү **(10 мүнөт)** | • Окуучулардан бул бөлүмдүн эки кичи бөлүмүндө үйрөнгөндөрүн төмөнкү суроолорду берүү менен эстөөсүн сураңыз:<br>• **– Суроо: Жаныбарлардын кандай дене мүчөлөрү болот?** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Жаныбарларда баш, дене, куйрук, буттар, канаттар жана тамандар болот.)<br>• **– Суроо: Жаныбарларда кандай тери каптамалар болот?** (Күтүлгөн жооптор: Жаныбарларда жүн, кабырчык, куш жүнү же тикенектер болушу мүмкүн.)<br>• **– Суроо: Жаш жаныбарлар ата-энелерине окшош болобу?** (Күтүлгөн жооптор: Балдар ата-энесине окшош болушу мүмкүн. Көп жаныбарлардын балдары да ата-энесине окшош болот.)<br>• **– Суроо: Жаш жаныбарлар чоңойгон сайын кандай өзгөрөт?** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Алар узунураак, чоңураак, оорураак болуп калат. Кээ бир жаш жаныбарлардын терисинин каптамасы өзгөрөт.)<br>• Окуучулардан мурунку сабактан үй тапшырма катары берилген Иш дептеринин 8-бетиндеги “Сөз оюну” бөлүмүнө берген жоопторун бөлүшүүсүн сураңыз. |
| Көнүгүү **(20 мүнөт)** | • Окуучулар мурунку сабактан үй тапшырма катары Окуу китебинин 19-беттен 21-бетке чейинки “Көнүгүү барагын” аткарган болушу керек.<br>• Окуу китебиндеги “Көнүгүү барагы” тапшырмалары боюнча суроолорду жана жоопторду чогуу карап чыгыңыз. Бул формативдик баалоо болуп эсептелет — окуучулардын түшүнүгүн текшерүүгө жардам берет.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, 2-суроодо алар сүрөттөрдөгү байкоолорду чогултуп, жазып алаарын билдириңиз. 3-суроодо окуучулар жаныбарларды окшоштуктарына жараша иреттеп иргешет жана топтоштурат.<br>• Суроолордо текшерилип жаткан түшүнүктөр төмөнкүлөр:<br>1-суроо – Түшүнүктөр жана ката түшүнүктөр<br>2-суроо – Жаныбарлардын дене мүчөлөрүн аныктоо<br>3-суроо – Жаныбарлардын окшош тери каптамаларын аныктоо<br>4-суроо – Жаныбардын чоңойгон сайын башынан өткөргөн өзгөрүүлөрү<br>• Окуучулар суроолорго жооп берүүдө кыйналган түшүнүктөрдү аныктап, зарыл болсо, ал түшүнүктөрдү кайрадан карап чыгыңыз. Окуучуларда дагы эле бар болгон ката түшүнүктөрдү оңдоңуз. |
| Сабакты жыйынтыктоо **(10 мүнөт):** | • Иш дептеринин 9-бетиндеги “Кел, картага түшүрөлү” тапшырмасы аркылуу 1-бөлүмдө үйрөнүлгөн негизги түшүнүктөрдү жалпылаңыз. |
| Үй тапшырма | • Окуучуларга Иш дептеринин 10–11-беттериндеги “Кел, кайра карап чыгалы” бөлүмүн үй тапшырма катары бериңиз. |

kitep.edu.kg

# Сунушталган жооптор

## Окуу китеби

### Көнүгүү барагы, 19-21-беттер

1. туура, туура эмес, туура, туура эмес, туура
2. Кескелдирик: баш
   Жарганат: канат
   Кенгуру: куйрук
3. Жылан, балык
4. а. ал чоңоет
   ал салмак кошот
   б. ата-энесине / чоң жаныбарга

## Иш дептери

### Сөз оюну, 8-бет:

1. кабырчыктар
2. дене мүчөлөрү
3. өсүү
4. жүн
5. жаш балдарын
6. сырткы
7. тери
8. тери каптамасы
9. куш жүнү

Жашырылган жаныбар — жираф.

### Кел, картага түшүрөлү – 9-бет:

Жаныбарлар ар кандай тышкы дене мүчөлөрүнө ээ.
Дененин ар бир мүчөсү - маанилүү. Ал жаныбарга ар кандай иштерди аткарууга жардам берет.
Буттар кескелдирик сыяктуу жаныбарларга дарактарга чыгууга жана чуркоого жардам берет.
Куйрук тыйын чычкан сыяктуу жаныбарларга бутактан бутакка секиргенде, тең, салмагын сактоого жардам берет.
Канат куштарга учууга жардам берет.
Балыктын сүзгүч канаттары анын сууда сүзүүсүнө жардам берет.

Жаныбарлардын терисин коргоо үчүн ар кандай тери каптамалары бар.
Жүн — аюу сыяктуу жаныбарларды жылуу кармайт.
Крокодилдердин кабырчыктары алардын денесин коргойт.
Куш жүнү куштарды жылуу жана кургак кармайт.
Кирпи чечендер тикенектер менен коргонушат

Жаныбарлардын балдары болушу мүмкүн.
Кээ бир жаныбарлар жумуртка туушат.
Кээ бир жаныбарлар жаш тукумдарын төрөйт.
Жаш жаныбарлар чоңойгон сайын өзгөрүп, ата-энесине көбүрөөк окшош болуп калышат.

### Кел, кайра карап чыгалы – 10–11-беттер:

1. а) канаттар
   б) бут
2. Ким
   Диля
3. Жаныбарлардын кургак болушуна жардам берет.
   Жаныбарлардын денесинин жылуулугун сактоого жардам берет.
   Жаныбарлардын терисин коргойт.
4. кабырчыктар
5. Зебранын баласынын энесиникиндей эле куйругу бар.
   Зебранын баласынын энесиникиндей эле ак-кара жүнү бар.

kitep.edu.kg

# 2-БӨЛҮМ ДЕН СООЛУГУ ЧЫҢ БОЛУУ

## *Бөлүмдүн окуу максаттары

| | |
|---|---|
| **2Бп.О1** | Дени сак болуу үчүн адам туура тамактануу, гигиенаны сактоо жана үзгүлтүксүз көнүгүү жасоо керек экенин билүү. |
| **2Бс.О2** | Адамдын тиштеринин ар кандай түрлөрүн аныктоо, алардын функцияларына кандайча ылайыктуу экенин түшүндүрүү жана тиштерге кам көрүү жолдорун сүрөттөө |
| **2Бп.О2** | Оору деген эмне экенин сүрөттөө жана адамдардагы оорунун жалпы белгилерин сүрөттөө. |
| **2ИОЖИм.О1** | Модель объектти же идеяны так, түшүнүктүү түрдө көрсөтөрүн билүү |
| **2ИОЖИм.О2** | Тааныш болгон система же идеянын физикалык моделин жасоо жана колдонуу. |
| **2ИОЖИм.О3** | Схема менен сүрөттүн айырмасын сүрөттөө. |
| **2ИОЖИб.О1** | Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо. |
| **2ИОЖИб.О2** | Эмне болору тууралуу божомолдорду жасоо. |
| **2ИОЖИи.О1** | Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо. |
| **2ИОЖИи.02** | Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу. |
| **2ИОЖИи.О3** | Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү. |
| **2ИОЖИи.О4** | Практикалык иштерди аткарууда көрсөтмөлөрдү коопсуздук эрежелерин сактоо менен так аткаруу. |
| **2ИОЖИи.О5** | Суроого жооп табуу үчүн берилген экинчилик маалымат булагын колдонуу. |
| **2ИОЖИи.О6** | Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу. |
| **2ИОЖИс.О1** | Изилдөө учурунда эмне болгонун жана ал күтүлгөн божомолдорго шайкеш келген-келбегенин сүрөттөө. |
| **2ИОЖИс.О2** | Жыйынтыктардагы жөнөкөй мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктайт (мисалы, көбөйүү же азайуу багытындагы). |
| **2ИОЖИс.О3** | Таблицаларды жана блоктук графиктерди колдонуу менен натыйжаларды көрсөтүү жана чечмелөө |
| **2КИ.01** | Илимий билимдер жана ой жүгүртүү азыркы кезде мурдагыдан кандайча айырмаланарын талкуулоо. |
| **2КИ.03** | Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү. |
| **1КИ.04** | Илим айлана-чөйрөгө болгон таасирибизди түшүнүүгө кантип жардам берерин талкуулоо. |

## Окуучулардан күтүлгөн алдын ала билими

Бул бөлүмдү баштоодон мурун, окуучулар төмөнкү нерселерди билиши күтүлөт:

- Адам денесинин сырткы бөлүктөрүн билүү.
- Адамдарга жашоо үчүн суу жана ылайыктуу тамак керек экенин билүү.
- Адамдар бири-бирине кандай окшош жана кандай айырмачылыгы бар экенин билүү.
- Сезимдерди (мисалы: көрүү, угуу, даам сезүү, жыт сезүү жана кармап сезүү) жана алардын эмне кылаарын билүү, ошондой эле сезимдерди туура дене мүчөлөрүнө байланыштыруу.

Kitep.edu.kg

# Бөлүмдөр боюнча окутуу планы

**Сунушталган окутуу мөөнөтү:** 11 сабак (Ар бир сабак 1 же 2 окуу саатын камтышы мүмкүн.)

| Кичи бөлүмдөр | Сабак-тардын саны | Окуу максаттары: биология, химия, физика, Жер жана космос | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө | Контексттеги илим | Керектелүүчү ресурстар жана материалдар |
|---|---|---|---|---|---|
| **А** Биздин денебизге кам көрүү | 3 | **2Бп.О1** Дени сак болуу үчүн адам туура тамактануу, гигиенаны сактоо жана үзгүлтүксүз көнүгүү жасоо керек экенин билүү. | **2ИОЖИм.О1** Модель объектти же идеяны так, түшүнүктүү түрдө көрсөтөрүн билүү<br>**2ИОЖИм.О2** Тааныш болгон система же идеянын физикалык моделин жасоо жана колдонуу.<br>**2ИОЖИб.О1** Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо.<br>**2ИОЖИб.О2** Эмне болору тууралуу божомолдорду жасоо.<br>**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.<br>**2ИОЖИи.02** Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу.<br>**2ИОЖИи.О3** Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү.<br>**2ИОЖИи.О4** Практикалык иштерди аткарууда көрсөтмөлөрдү коопсуздук эрежелерин сактоо менен так аткаруу.<br>**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.<br>**2ИОЖИс.О1** Изилдөө учурунда эмне болгонун жана ал күтүлгөн божомолдорго шайкеш келген-келбегенин сүрөттөө. | | • **Окуу китеби:** 22–30-беттер<br>• **Иш дептери:** 12–15-беттер<br><br>Окуу китеби, 24-бет:<br>• Кагаз жана ручка<br><br>Окуу китеби, 27-бет:<br>• Ар түрдүү түстөгү моделдөөчү пластилин<br><br>Окуу китеби, 28-бет:<br>• Май, салфетка, самын, суу<br><br>Иш дептери, 12–13-беттер:<br>• Түшкү тамак кутусу, ар кандай тамак-аш азыктары, таңгак, кагаз, ручка<br><br>Иш дептери, 14–15-беттер:<br>• Секундомер<br><br>Кошумча:<br>• Ой жүгүртүү түзүмү 4-Тегерек модели (Мугалимдин колдонмосунун артында) |

kitep.edu.kg

| Кичи бөлүмдөр | Сабак-тардын саны | Окуу максаттары: биология, химия, физика, Жер жана космос | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө | Контексттеги илим | Керектелүүчү ресурстар жана материалдар |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | **2ИОЖИс.О2** Жыйынтыктардагы жөнөкөй мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктайт (мисалы, көбөйүү же азайуу багытындагы).<br>**2ИОЖИс.О3** Таблицаларды жана блоктук графиктерди колдонуу менен натыйжаларды көрсөтүү жана чечмелөө | | |
| **Б**<br>Биздин тиштерибиз | 3 | **2Бс.О2** Адамдын тиштеринин ар кандай түрлөрүн аныктоо, алардын функцияларына кандайча ылайыктуу экенин түшүндүрүү жана тиштерге кам көрүү жолдорун сүрөттөө | **2ИОЖИм.О1** Модель объектти же идеяны так, түшүнүктүү түрдө көрсөтөрүн билүү<br>**2ИОЖИм.О2** Тааныш болгон система же идеянын физикалык моделин жасоо жана колдонуу.<br>**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу. | **2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү. | • **Окуу китеби:** 31–36-беттер<br>• **Иш дептери:** 16-бет<br><br>Окуу китеби, 34-бет:<br>• Кызгылт жана ак түстөгү моделдөөчү пластилин, эски тиш щеткасы |
| **В**<br>Оору деген эмне? | 5 | **2Бп.О2** Оору деген эмне экенин сүрөттөө жана адамдардагы оорунун жалпы белгилерин сүрөттөө. | **2ИОЖИм.О3** Схема менен сүрөттүн айырмасын сүрөттөө.<br>**2ИОЖИб.О1** Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо.<br>**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.<br>**2ИОЖИи.О5** Суроого жооп табуу үчүн берилген экинчилик маалымат булагын колдонуу.<br>**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу. | **2КИ.01** Илимий билимдер жана ой жүгүртүү азыркы кезде мурдагыдан кандайча айырмаланарын талкуулоо.<br>**2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү.<br>**1КИ.04** Илим айлана-чөйрөгө болгон таасирибизди түшүнүүгө кантип жардам берерин талкуулоо. | • Окуу китеби: 37–43-беттер<br>• Иш дептери: 17–23-беттер<br><br>Окуу китеби, 38-бет:<br>• Чоң кагаз барак жана калем<br><br>Окуу китеби, 39-бет:<br>• Окуу китебинин акырындагы чаптамалар |

kitep.edu.kg

## Кичи бөлүм А Биздин денебизге кам көрүү

**Сабактардын саны: 3**

***Кичи бөлүмдүн окуу максаттары**

**2Бп.О1** Дени сак болуу үчүн адам туура тамактануу, гигиенаны сактоо жана үзгүлтүксүз көнүгүү жасоо керек экенин билүү.
**2ИОЖИм.О1** Модель объектти же идеяны так, түшүнүктүү түрдө көрсөтөрүн билүү
**2ИОЖИм.О2** Тааныш болгон система же идеянын физикалык моделин жасоо жана колдонуу.
**2ИОЖИб.О1** Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо.
**2ИОЖИб.О2** Эмне болору тууралуу божомолдорду жасоо.
**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.
**2ИОЖИи.02** Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу.
**2ИОЖИи.О3** Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү.
**2ИОЖИи.О4** Практикалык иштерди аткарууда көрсөтмөлөрдү коопсуздук эрежелерин сактоо менен так аткаруу.
**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.
**2ИОЖИс.О1** Изилдөө учурунда эмне болгонун жана ал күтүлгөн божомолдорго шайкеш келген-келбегенин сүрөттөө.
**2ИОЖИс.О2** Жыйынтыктардагы жөнөкөй мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктайт (мисалы, көбөйүү же азайуу багытындагы).
**2ИОЖИс.О3** Таблицаларды жана блоктук графиктерди колдонуу менен натыйжаларды көрсөтүү жана чечмелөө

**Негизги терминдер**

- жуунуу, рацион, энергия, көнүгүү, микробдор, ден соолуктуу/ден соолукка пайдалуу, гигиена, тамак

**Көп кездешкен жаңылыштыктар**

**1-жаңылыштык:** Ден соолукка пайдалуу тамактануу жаш балдарга гана керек, анткени алар өсүп жатышат.
**Туура түшүнүк:** Ар бир адам ден соолукка пайдалуу тамактануусу керек.
**Кантип түшүндүрүү керек:**
**Суроо бериңиз: "Ар кандай курактагы адамдарга ден соолукка пайдалуу тамактануу керекпи?"**
Түшүндүрүңүз: Тамакты биз жөн гана өсүү үчүн эмес, энергия алуу жана ден-соолукта болуу үчүн да жейбиз. Балдардын өсүшү токтогондон кийин да, чоңдор тең салмактуу тамактануусу керек. Тамак-аш бизге күнүмдүк иш-аракеттерибизди жасоо үчүн энергия берет жана ден соолукту сактоого жардам берет. Ошондуктан, балдарга да, чоңдорго да ден соолукка пайдалуу тамак-ашты жеш өтө маанилүү.

**2-жаңылыштык:** Туура тамактануу мөмө-жемиштерди гана камтыйт.
**Туура түшүнүк:** Туура тамактануу ар кандай тамак-аш түрлөрүн камтышы керек.
**Кантип түшүндүрүү керек:**
**Суроо бериңиз: "Эмне үчүн биз ар кандай тамак-ашты жешибиз керек?"**
Окуучуларга туура тамактануу ар кандай тамак-аштарды, мисалы, күрүч, буурчак, эт, мөмө-жемиштерди камтышы керектигин түшүндүрүңүз. Ар кандай азыктар организмге ар башкача пайда алып келет — кээ бири энергия берет, кээ бири өсүүгө жана күчтүү болууга жардам берет.
Бардык тамак-аштарды туура өлчөмдө жеш керектигин баса белгилеңиз. Кээ бир окуучулар курамында көп шекер, туз жана май бар тамак-аштарды эч качан жебеш керек деп ойлошу мүмкүн. Сиз аларга түшүндүрүңүз — бул азыктарды таптакыр жебеш эмес, туура өлчөмдө жана сейрекколдонуш керек. Ден соолукка пайдалуу тамактануу — бул баланскталган жана өлчөмдүү тамактануу.

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| Сабак 1 (80 мүнөт) | |
|---|---|
| Сабакка киришүү **(5 мүнөт)** | • Кааласаңыз, окуучуларга бул бөлүмдүн максаттарын Окуу китебинин мазмунундагы максаттардын тизмесине таянып түшүндүрүп берсеңиз болот.<br>• Сабакты баштоо үчүн Окуу китебинин 22–23-беттериндеги сүрөттү көрсөтүңүз.<br>• **Суроо бериңиз: Сүрөттөгү балдар эмне кылып жатышат?** (Күтүлгөн жооп: Алар чуркап жатышат.)<br>• **Суроо бериңиз: Эгер ден соолугубуз жакшы болбосо, чуркай алабызбы?** (Күтүлгөн жооп: Жок.)<br>• **Суроо бериңиз: Ден-соолукту кантип сактап калса болот?** (Күтүлгөн жооп: Ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы: пайдалуу тамактануу, көнүгүү жасоо, жетиштүү уктоо ж.б.)<br>• Окуучуларды экиден бөлүп отургузуп, ден-соолукту сактоонун жолдору тууралуу кыскача сүйлөшүүгө түрткү бериңиз.<br>• Андан соң, окуучуларды кыска жазуу тапшырмасын аткарууга чакырыңыз.<br>(Күтүлгөн жооптор: Ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы: Ысыктап кетүү, дем жетпей калуу, чарчоо, активдүүлүк ж.б.) |



kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| Диагностикалык баалоо<br>**(5 мүнөт)** | • Окуу китебинин 24-бетиндеги «Ой жүгүртүп көрчү» бөлүгүнө кайрылыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: «Эгерде таңкы тамакты жебей калсаңар эмне болот?»** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: Мен ач калам. Мен чарчайм. Мен активдүү эмес болом. Менде энергия болбойт.)<br>• Окуучуларга күндү эртең мененки тамак менен баштоонун маанилүүлүгүн түшүнүүгө жардам бериңиз.<br>• Тамак-аш денени энергия жана азык заттар менен камсыз кылаарын түшүндүрүңүз. |
| Көнүгүү<br>**(15 мүнөт)** | • Окуу китебинин 24-бетиндеги "Кел, изилдейли" бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучуларга мурунку күнү жеген тамактарын көрсөткөн таблицаны толтурууга убакыт бериңиз. Классты айланып, кээ бир тамак-аштарды туура топтоштурууда жардамга муктаж окуучуларга колдоо көрсөтүңүз.<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга тамактын саны жана алардын убактысы ар кайсы өлкөлөрдө ар кандай болушу мүмкүн экенин айтыңыз.<br>• Окуучулардан күндүн кайсы тамагы эң жакшы көргөнү болгонун жана эмне үчүн ага жакканын талкуулоосун сураңыз.<br>• Окуу программасынын "Илимий ой жүгүртүү жана иштөө" бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, биз таблицаларды жана блоктук графиктерди колдонуп, натыйжаларды көрсөтүп жана чечмелей алабыз деп билдириңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Эртең мененки, түшкү жана кечки тамактарыңарда кандайдыр бир окшоштуктар барбы?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мен түшкү жана кечки тамакка күрүч жана жашылча жедим. Мен эртең мененки жана кечки тамакка сүт жана мөмө жедим.)<br>• Окуучуларга тамактарды күндүн туура убактысы менен байланыштыруусун сураңыз.<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга ар кандай маданияттардан келген адамдар жеген тамак-аш түрлөрүн сыйлоо абдан маанилүү экенин баса белгилеңиз. Адамдардын тамак-аш тандоолору ар кандай экенин түшүндүрүңүз. |
| Түшүндүрүү<br>**(50 мүнөт):** | • Окуу китебинин 25-бетиндеги "Келгиле, үйрөнөлү!" бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучулардын көңүлүн робот-талисмандын сүйлөө көбүгүнө буруңуз.<br>• **Суроо бериңиз: Эмне үчүн күнүнө бир нече жолу тамактанышыбыз керек?** (Күтүлгөн жооп: Биз жетиштүү энергия жана азык заттарды алуу үчүн күнүнө бир нече жолу тамактанабыз.)<br>• **Суроо бериңиз: Эгерде биз бир гана маал тамактансак эмне болот?** (Күтүлгөн жооп: Денебиз жетиштүү энергия жана азык заттарды албайт.)<br>• Окуучулар менен тамактануунун аталыштарын жана алар качан жешерин кайталап чыгыңыз. Тамактын саны ар кайсы өлкөлөрдө ар кандай болушу мүмкүн экенин эскертиңиз.<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** "Сөз куржуну" бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.<br>күчтүү – оор нерселерди жылдыра же көтөрө билүү<br>эртең менен – күн чыккандан түшкө чейинки убакыт<br>күндүз – түштөн күн батканга чейинки убакыт<br>кечинде – күндүн аягы менен түндүн ортосундагы убакыт<br>• Окуучуларга "рацион/диета" деген сөздү тааныштырыңыз. Кээ бир окуучулар бул сөз азыраак тамактанууну билдирет деп ойлошу мүмкүн. "Рацион/Диета" деген сөз биз жеген тамак-ашка тиешелүү экенин түшүндүрүңүз.<br>• **Суроо бериңиз: Рационубузга/Диетабызга ичкен суубуз киреби? Эгерде биз жетиштүү суу ичпесек эмне болот?** (Күтүлгөн жооптор: Рационго/Диетага суу кирет. Эгерде биз жетиштүү суу ичпесек, денебиз туура иштебейт.)<br>• Туура тамактануу ар кандай тамак-аш түрлөрүн жана жетиштүү өлчөмдө сууну камтыйт экенин көрсөтүңүз.<br>• Окуучуларга Окуу китебинин 26-бетиндеги тамак-аш табагынын сүрөтүн көрсөтүңүз.<br>• **Суроо бериңиз: Тарелкада кандай тамак-аш түрлөрү көрсөтүлгөн?** (Күтүлгөн жооп: Күрүч жана нан, мөмө-жемиштер, балык, сүт, сыр, буурчак жана жумуртка.)<br>• **Суроо бериңиз: Эмне үчүн бул тамак-аштар маанилүү деп ойлойсуңар?** Окуучулардан өнөктөшү менен денебиз эмне үчүн бул тамак-аш түрлөрүнө муктаж экенин талкуулоосун сураңыз. Алардын жооптору сизге 1-жаңылыштык аныктоого жардам берет (бөлүмдүн башындагы "Көп кездешкен жаңылыштыктар" бөлүмүнө кайрылыңыз). Тамак-аш өсүү үчүн гана эмес, энергия үчүн жана ден соолугубузду чыңдоо үчүн да керек экенин көрсөтүңүз.<br>• Окуучуларды жуп кылып иштетип, сүрөттө көрсөтүлгөн ар бир тамак-аш түрү эмне үчүн маанилүү экенин түшүндүрүүсүн сураңыз.<br>• Окуучуларды төмөнкү жыйынтыктарга алып келиңиз: Күрүч жана нан сыяктуу тамак-аш бизге энергия берет. Мөмө-жемиштер денебизди күчтүү кармап, ооруп калуудан сактайт. Балык, сүт, буурчак жана жумуртка денебиздин өсүшүнө жардам берет. Суу денебиздин туура иштешин камсыз кылат. |

kitep.edu.kg

- **Суроо бериңиз: Биз мөмө-жемиштерди гана жешибиз керекпи?** (Күтүлгөн жооп: Жок.) Алардын жооптору 2-жаңылыштык аныктоого жардам берет (бөлүмдүн башындагы “Көп кездешкен жаңылыштыктар” бөлүмүнө кайрылыңыз). Денебизге энергия берүү жана анын өсүшүнө жана күчтүү болуусуна жардам берүү үчүн ар кандай тамак-аш түрлөрү керек экенин көрсөтүңүз. Бирок, окуучуларга кээ бир адамдардын рациону/диетасы мөмө-жемиштерди гана камтышы мүмкүн экенин баса белгилеңиз. Окуучуларга ар бир адамдын тандоосун сыйлоо керектигин эскертиңиз.
- **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга ар кандай адамдар ар кандай рациондорду/диеталарды карманарын баса белгилеңиз. Кээ бир адамдар жумуртка жана эт сыяктуу жаныбар азыктарын жебейт. Башкалардын рационун/диетасын сыйлоо абдан маанилүү.
- **Тил байлыгын өрчүтүү:** “Сөз куржуну” бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.

  өлчөм – бир нерсенин саны
  жетишерлик – керектүү өлчөмдө
  өсүү – өлчөмү чоңоюу
  алдын алуу – бир нерсенин болушуна жол бербөө
- **Суроо бериңиз: Кандай тамак-аш түрлөрү ден соолукка зыян?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай.) Окуучулардан ден соолукка зыян деп эсептеген кээ бир тамак-аш азыктарын мээ чабуулу аркылуу тизмектөөсүн сураңыз.
- Окуу китебинин 27-бетиндеги сүрөттөргө кайрылыңыз.
- Окуучулардан Окуу китебинин 27-бетинде көрсөтүлгөн ар бир тамак-аш түрү эмне үчүн ден соолукка зыян экенин талкуулоосун сураңыз.
- **Суроо бериңиз: Бул тамак-аш азыктарын күн сайын жей алабызбы?** (Күтүлгөн жооп: Жок.) Окуучуларга бул азыктарды жесе болорун, бирок сейрек жана аз өлчөмдө жесе болоорун эскертиңиз.
- Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга моделдин объектти чагылдыруу жолу экенин эстөөгө жардам бериңиз. Бул иш-чарада алар бир пайдалуу тамактын моделин жасай турганын билдириңиз.
- Окуучулар бир ден соолукка пайдалуу тамакты ойлонуп, моделдөөчү пластилинден анын моделин жасашат. Пайдалуу тамак-ашты тандоодо жана анын моделин жасоодо колдоого муктаж болгон окуучуларга жетекчилик бериңиз.
- Кээ бир окуучулардан эмне үчүн ошол тамак-аштын моделин жасоону тандашканын бөлүшүүсүн сураңыз.
- Тил байлыгын өрчүтүү: “Сөз куржуну” бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.

  зыяндуу – бузулууга алып келе турган
  таттуу – көп шекер камтыган
  майлуу – көп май камтыган
  туздуу – көп туз камтыган
- Микробдорду денебизге кирсе (мисалы, мурдубуз, оозубуз же терибиздеги жара аркылуу) бизди оорутушу мүмкүн болгон өтө кичинекей тирүү жандыктар катары тааныштырыңыз. Окуучулар менен мунун кантип болушу мүмкүн экенин талкуулаңыз. Микробдорду көзүбүз менен эле көрүүгө өтө кичинекей экенин түшүндүрүңүз. Окуучуларга “таза” көрүнгөн нерселер таза болбошу мүмкүн жана микробдорду камтышы мүмкүн экенин эскертиңиз.
- **Суроо бериңиз: Денебизге кам көрүү үчүн эмне кылсак болот?** (Күтүлгөн жооп: Жакшы тамактануу, өзүбүздү таза кармоо, көнүгүү жасоо, жетиштүү суу ичүү, жетиштүү уктоо.)
- Окуучуларга “гигиена” терминин тааныштырыңыз. Бул өзүбүздү кантип таза кармаарыбызды билдирерин түшүндүрүңүз.
- Жакшы гигиенанын маанилүүлүгү жөнүндө класстык талкуу өткөрүңүз.
- MCE Cambridge тиркемесин колдонуп, Окуу китебинин 28-бетиндеги өзүн таза кармоо жөнүндөгү видеону көрсөтүңүз.
- Окуучулардын көңүлүн робот-талисмандын сүйлөө көбүгүнө буруңуз. Эмне үчүн антисептикти колубузду тазалоо үчүн колдонсо болорун талкуулаңыз.. (Күтүлгөн жооп: Антисептикте спирт бар. Спирт микробдорду өлтүрүүгө мүмкүндүк берген касиеттерге ээ.)
- Тил байлыгын өрчүтүү: “Сөз куржуну” бөлүмүндөгү сөздүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.

  антисептик – терибиздеги зыяндуу микробдорду өлтүрүүчү зат
- Эс алуунун, уйкунун жана көнүгүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө класстык талкуу өткөрүңүз.
- Окуу китебинин 30-бетиндеги иш-чарага кайрылыңыз.
- Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, бул иш-чарада алар физикалык активдүүлүктүн көлөмүн стандарттуу эмес бирдиктерде өлчөй турганын билдириңиз. Аягында окуучулардан жөнөкөй өсүүчү же азаюучу мыйзам ченемдүүлүктү аныктоо талап кылынат.

kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| | • **Сактык жана коопсуздук эскертүүлөрү:** Окуу китебинин 30-бетиндеги иш-аракетти аткаруудан мурун, окуучулардын бири-биринен коопсуз аралыкта экенине ынаныңыз. Окуучуларга баштары айланып же өзүн жаман сезишсе, иш-аракетти токтотуу керектигин билдириңиз. Сиздин өлкөңүз, шаарыңыз жана/же мектебиңиз тарабынан көрсөтүлгөн ден соолук жана коопсуздук чараларын так сактоо маанилүү.<br>• Окуучулардан 5 жолу секирүүсүн жана секиргенден кийин кандай сезимде болгонун байкоосун сураңыз. Алардан байкоолорун кагазга таблицага жазуусун сураңыз.<br>• Окуучулардан 10, 20 жана 30 жолу секирүүсүн жана секиргенден кийин кандай сезимде болгонун байкоосун сураңыз. Алардан секирген санын көбөйткөн сайын байкоолорун кагазга жазуусун сураңыз. Же болбосо, окуучулар отуруп туруу гимнастикасын жасай алышат. Кошумча колдоого муктаж болгон окуучуларга байкоолорун кантип жазуу керектигин үлгү көрсөтүү менен жетекчилик бериңиз.<br>• Окуучулардан байкоолорун изилдеп, классташы менен бөлүшүүсүн сураңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Кандай мыйзам ченемдүүлүктү байкадыңар?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Көбүрөөк секиргенде жүрөгүм тезирээк согот. Көбүрөөк секиргенде тезирээк дем алам. Көбүрөөк секиргенде көбүрөөк чарчайм.)<br>• Класс менен окуучулардын кээ бир байкоолорун талкуулаңыз. Секирүү алардын дем алуусун жана жүрөк кагышын жогорулатаарын көрсөтүңүз. Окуучуларга натыйжалардагы өсүүчү мыйзам ченемдүүлүктү көрүүгө жардам бериңиз.<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** “Сөз куржуну” бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.<br>үзгүлтүксүз / дайыма – бирдей убакыт аралыгында<br>чың – дени сак жана күчтүү<br>чарчан – эс алууга же уктоого муктаж<br>• Окуучулардан Мугалимдин колдонмосунун артындагы Ой жүгүртүү түзүмү 4 - Тегерек моделди толтуруусун сураңыз. Окууч улардан денесине кам көрүүнүн үч жолун жазуусун сураңыз. |
| Сабакты жыйынтыктоо **(5 мүнөт):** | • Окуучулардан бөлүмдүн аягында жетишкендиктерин баалоо үчүн Окуу китебинин 30-бетиндеги тиешелүү “Мен билем” кутучаларын белгилөөсүн сураңыз. Сабактын соңунда бардык жаңылыш түшүнүктөр такталышын камсыз кылыңыз. |
| Үй тапшырма | • Окуучуларга Иш дептеринин 12–13-беттериндеги 2А-тапшырмасын үй тапшырма катары бериңиз. |

**Сабакка киришүүнүн альтернативдүү жолдору**

- Окуучуларга кээ бир тамак-аш азыктарынын сүрөтүн көрсөтүп, алардын рациону/диетасы жөнүндө сураңыз. Алардан көп жеген жана аз жеген тамактары жөнүндө ойлонуусун сураңыз.
- Кандайдыр бир көнүгүүнү көрсөтүңүз. Окуучулардан эмне кылып жатканыңызды сураңыз. Окуучуларды алар жактырган көнүгүү түрлөрүн жана эмне үчүн экенин талкуулоого чакырыңыз.

**Негизги сабак үчүн альтернативдик иш-аракеттердин идеялары**

- Окуучуларга тамак-аш тобу көрсөтүлгөн даяр тамак пирамидасынын шаблонун бериңиз. Окуучулардан ар бир топко жайгаштырыла турган тамак-аш сүрөттөрүн тартуусун же табуусун сураңыз.
- Флеш-карталарды же буклеттерден кесилген сүрөттөрдү колдонуп, ден соолукка пайдалуу, балансталган тамак-аш үлгүсүн көрсөтүңүз. Мисалы, тост, сыр жана помидор, йогурт менен жемиштер, омлет жана маффиндер.

**Сабакты жыйынтыктоонун альтернативдүү идеялары**

- “Мен бир тамак ойлоп жатам, анын биринчи тамгасы...” деген табышмак оюнун ойноңуз. Окуучулар тамактын атын туура тапканга чейин түсү, формасы жана текстурасы сыяктуу кошумча белгилерин айтып туруңуз. Окуучулар кезектешип тамак-аш азыгын сүрөттөп беришсин.
- Окуучуларды өз маданиятындагы ар кандай балансталган тамак-аштын кээ бир мисалдарын бөлүшүүгө чакырыңыз. Аларды бул тамак эмне үчүн пайдалуу деп ойлогондорун сүрөттөөгө жана талкуулоого үндөңүз.
- Тактага үч негизги тамак (эртең мененки, түшкү, кечки) көрсөтүлгөн ойлонуу картасын тартыңыз. Окуучулар ар бирине пайдалуу варианттарды сунушташсын.
- Окуучулар менен бөлүмдөгү материалды кайталаңыз. Окуучуларга денебизге кантип кам көрө аларыбызды эстөөгө жардам берүү үчүн Мугалимдин колдонмосунун артындагы Ой жүгүртүү түзүмү 4 - Тегерек моделди колдонуңуз.

**Тереңдетилген окуу үчүн идеялар**

- Окуучуларга тамак-аш жетишсиздигинен жабыркаган балдардын сүрөттөрүн көрсөтүңүз. Аларга жетиштүү тамак-ашка жана туура тамактанууга ээ болуунун маанилүүлүгүн түшүндүрүңүз.
- Окуучулардан бир жумалык рацион/диета планын түзүүсүн сураңыз, анда негизги тамак-аш топторун камтыган тамак-аштар көрсөтүлсүн.

**Ата-энелер менен иштөө**

- Ата-энелерди балдары менен күн сайын жеген тамактарын талкуулоого үндөңүз. Алардан бул тамак-аш азыктары эмне үчүн пайдалуу экенин айтуусун сураңыз. Үйдө пайдалуу закускаларды (женил тамактарды) даярдоого үндөңүз.

kitep.edu.kg

| |
|---|
| **Дифференциация**<br>**Кыйынчылык жараткан тапшырмалар:**<br>Интернеттеги сүрөттөрдү же азык-түлүктөрдүн таңгактарындагы маалыматтарды колдонуп, бул тамак-аштар ден соолукка пайдалуу же зыяндуу экенин аныктоону сунуштаңыз.<br>**Колдоо көрсөткөн тапшырмалар:**<br>Окуучуларга тамак-аш тегереги схемасын көрсөтүңүз. Алар ар бир тамак-аш түрүнүн канча өлчөмүн жеши керектигин талкуулаңыз. Андан кийин алардан ар кандай тамак-аш түрлөрүн тамак-аш тегереги схемасында туура жерлерге жайгаштырылуусун сураңыз. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү бол от. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 2 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)** | • Окуучуларга көнүгүү жасаганда кандай сезимдер болорун ойлонуп көрүүнү сунуштаңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Көнүгүү жасаганда кандай өзгөрүүлөрдү байкайсыңар?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мен демим кысылат. Тердейм. Мен суусадым. Суу ичким келет. Чарчайм.) |
| Көнүгүү<br>**(30 мүнөт)** | • Иш дептеринин 12–13-беттериндеги 2А-тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга тапшырманын 1-суроосунда байкоолорду жүргүзө турганын билдириңиз. 2-суроодо окуучулар пайдалуу тамактар тууралуу суроо берип, түшкү тамакка эмне салуу керектигин чечишет.<br>• Окуучулар 2А-тапшырмасын мурунку сабакты кайталоо катары аткарган болушу керек. Окуучулардан жоопторун бөлүшүүсүн сураңыз. (Күтүлгөн жооптор: 1. а. эртең мененки тамак; б. түшкү тамак; в. кечки тамак; 2. Жооптор ар кандай болушу мүмкүн.)<br>• Иш дептеринин 14–15-беттериндеги 2В-тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан көнүгүү жасаганда эмне болорун ойлонуусун сураңыз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга жабдууларды туура колдоно турганын, абанын көлөмүн стандарттуу эмес бирдиктерде өлчөй турганын жана эмне болорун болжолдой турганын билдириңиз. Окуучулар бул иш-аракетти нускамаларды аткаруу менен коопсуз аткарышы керек. Алар таблицаны толтуруу менен байкоолорду чогултуп, натыйжалардагы жөнөкөй мыйзам ченемдүүлүктү табышат. Аягында окуучулар изилдөөнү сүрөттөп, натыйжалар алардын болжолдоолоруна дал келген-келбегенин белгилешет.<br>• **Сактык жана коопсуздук эскертүүлөрү:** Иш-аракетти баштоодон мурун, окуучулардын бири-биринен коопсуз аралыкта экенине жана тепкичтерден өйдө-ылдый басканда этият болоруна ынаныңыз. Окуучуларга баштары айланып же өзүн жаман сезишсе, иш-аракетти токтотуу керектигин билдириңиз. Сиздин өлкөңүз, шаарыңыз жана/же мектебиңиз тарабынан көрсөтүлгөн сактык жана коопсуздук чараларын так сактоо маанилүү.<br>• Окуучуларды бештен турган топторго бөлүңүз.<br>• 1-4-кадамдарды кыскача өтүңүз.<br>• Окуучулардын көңүлүн робот-талисмандын сүйлөө көбүгүнө буруңуз. Окуучуларга денеге жетиштүү энергия керек болгондуктан, көнүгүү учурунда тезирээк дем аларыбызды түшүндүрүңүз.<br>• Топтордун ар бир мүчөсүнө тапшырманын практикалык бөлүгүн аткарууга жана жоопторду толтурууга убакыт бериңиз. Ар бир топко секундомер бериңиз.<br>• Эгерде тепкичтер жок болсо, белгиленген аймакта коридордо же спорт аянтчасында ары-бери чуркоосун сураңыз.<br>• Окуучулардан 5 жана 6-суроолорго жооп берүүсүн сураңыз. Таблицаны толтурууда колдоого муктаж болгон окуучуларга жардам бериңиз. (Күтүлгөн жооп: 5. Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. 6. Ооба. Ооба. Өсүүчү мыйзам ченемдүүлүк.)<br>• Окуучулар жыйынтыктарын бөлүшүп, көнүгүүдөн мурунку жана кийинки дем алуу абалын салыштырышсын.<br>• Окуучуларга көнүгүү алдында жана андан кийин дем алган абанын көлөмүнүн стандарттуу эмес өлчөө бирдиги алынган демдердин саны экенин түшүнүүгө жардам бериңиз. Класс катары, абанын көлөмү менен жасалган активдүүлүктүн ортосундагы үлгү жөнүндө жыйынтык чыгарыңыз. Класстагы бардык окуучулар менен бирге абанын көлөмү менен жасалган көнүгүүнүн көлөмүнүн ортосундагы мыйзам ченемдүүлүк тууралуу жыйынтык чыгарыңыз. |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуучулардан Окуу китебинин 30-бетиндеги “Билимиңди текшер” бөлүмүндөгү суроого жооп берүүсүн сураңыз. (Күтүлгөн жооп: Жооп ар кандай болушу мүмкүн. Туура тамактануу, өзүбүздү таза кармоо, жетиштүү эс алуу жана уктоо, күн сайын көнүгүү жасоо.)<br>• Окуучулардан бөлүмдүн аягында жетишкендиктерин баалоо үчүн Окуу китебинин 30-бетиндеги тиешелүү “Мен билем” кутучаларын белгилөөсүн сураңыз. Сабактын аягында бардык жаңылыш түшүнүктөр тактaлышын камсыз кылыңыз. |

## Кичи бөлүм Б Биздин тиштерибиз

**Сабактардын саны: 3**

| |
|---|
| ***Кичи бөлүмдүн окуу максаттары**<br>**2Бс.О2** Адамдын тиштеринин ар кандай түрлөрүн аныктоо, алардын функцияларына кандайча ылайыктуу экенин түшүндүрүү жана тиштерге кам көрүү жолдорун сүрөттөө<br>**2ИОЖИм.О1** Модель объектти же идеяны так, түшүнүктүү түрдө көрсөтөрүн билүү<br>**2ИОЖИм.О2** Тааныш болгон система же идеянын физикалык моделин жасоо жана колдонуу.<br>**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.<br>**2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү. |
| **Негизги терминдер**<br>• сүт тиштер, кылкыйма тиштер, кашка тиш, азуу тиштер, туруктуу тиштер, кичи азуу тиштер, тиштин кариеси |
| **Көп кездешкен жаңылыштыктар**<br>**1-жаңылыштык:** Биз чоңойгондо чыккан тиштерди жоготсок, кийин дагы жаңы чоң адамдардыкындай тиштер өсүп чыгат.<br>**Туура түшүнүк:** Адамдын жашоосу бою болгону эки топ тиши болот.<br>**Кантип түшүндүрүү керек:**<br>**Суроо бериңиз: Жалпысынан адамда канча топ тиш болот?**<br>Кээ бир окуучулар биринчи тиштерин жоготуп, азыр чоң адамдардыкындай тиштер чыгып жатканын байкашкан. Ошондуктан алар бул процесстин кайра кайталанып, жаңы тиштер дагы чыгат деп ойлошу мүмкүн.<br>Окуучуларга адамдын өмүр бою болгону эки топ тиши болорун баса белгилеңиз — сүт тиштери жана туруктуу тиштер.<br>Окуучулардан чоң ата-чоң энелеринин тиштеринин ортосунда боштуктар бар экенин байкап-байкабаганын сураңыз. Окуучуларга тиштерибизге кам көрүү өтө маанилүү экенин эскертиңиз, анткени алар түшүп калса, жаңы тиштер кайра чыкпайт. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 3 (80 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү жана Диагностикалык баалоо **(10 мүнөт)** | • Окуу китебинин 31-бетиндеги “Ой жүгүртүп көрчү! “ бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан баарынын тиштеринин саны бирдейби деп сураңыз. (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн.)<br>• **Суроо бериңиз: Силердин тишиңердин саны ата-энеңирдикиндейби?** (Күтүлгөн жооп: Жок.) |
| Көнүгүү **(20 мүнөт)** | • Окуу китебинин 31-бетиндеги “Кел, изилдейли” бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучуларды бештен турган топторго бөлүңүз.<br>• Окуучулардан топтордо суроолорун талкуулап, жоопторун таблицага жазуусун сураңыз.<br>• Алардан таблицадагы маалыматтын негизинде 3-суроого жооп берүүсүн сураңыз.<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучулардын ар бири өзүнчө адам экенин жана ар кимдин тажрыйбасы ар кандай болорун белгилеңиз. Алар классташтары сүйлөп жатканда аларды урматтоо менен угушу керектигин баса белгилеңиз. |
| Түшүндүрүү (45 мүнөт): | • Окуу китебинин 32-беттен 35-бетке чейинки “Кел, үйрөнөлү!” бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Сүт тиштер деген эмне?** (Күтүлгөн жооп: Сүт тиштер – биздин биринчи тиш топтомубуз. Алар ошондой эле бала тиштер деп да аталат.)<br>• Көпчүлүк балдардын болжол менен 20 сүт тиши болорун жана алар беш же алты жашка чыкканда сүт тиштерин жогото баштаашарын түшүндүрүңүз.<br>• Мурунку иш-чарадагы окуучулардын жоопторун колдонуп, алардын сүт тиштери бир убакта түшпөй турганын көрүүгө жардам бериңиз.<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** “Сөз куржуну” бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.<br>түзүм – окшош нерселердин тобу<br>тиш чыгуу – көрүнө баштоо<br>• **Суроо бериңиз: Сүт тиштерибиз түшкөндө эмне болот?** (Күтүлгөн жооп: Жаңы тиштер өсө баштайт.)<br>• Сүт тиштерибиз түшкөндө, бир гана жолу туруктуу тиштердин жаңы топтому өсөөрү түшүндүрүңүз. Бул туруктуу тиштердин топтому эгер кандайдыр бир тиштер түшүпн<br>• **Суроо бериңиз: Туруктуу тиштер канча убакытка чейин сакталат?** (Күтүлгөн жооп: Туруктуу тиштер ден соолугу чың болсо, өмүр бою сакталышы мүмкүн.) Окуучулардын жооптору 1-жаңылыштык аныктоого жардам берет (бөлүмдүн башындагы “Көп кездешкен жаңылыштыктар” бөлүмүн караңыз). |



kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| | • **Тил байлыгын өрчүтүү:** "Сөз куржуну" бөлүмүндөгү сөздүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.<br>алмашат – ордуна башкасы келет<br>• Окуу китебинин 34-бетиндеги адамдын тиштеринин сүрөтүн же моделин карап чыгуусун сураңыз.<br>• Окуу программасынын "Илимий ой жүгүртүү жана иштөө" бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, модель объектти же идеяны так жана түшүнүктүү көрсөтүп берүүчү каражат экенин билдириңиз. Аларга адамдын тиштеринин схемасы же модели ар кандай тиштерди көрүүнү жана салыштырууну жеңилдете турганын түшүндүрүңүз.<br>• Окуучулардан тиштердин ар кандай түрлөрүн карап, андан кийин ар бир түрдүн формасын сүреттөөсүн сураңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Эмне үчүн тиштер ар түрдүү формада жана өлчөмдө болот деп ойлойсуңар?** (Күтүлгөн жооп: Тиштердин ар кандай түрлөрү ар кандай функцияларга ээ.)<br>• Окуучулар китебинин 34-бетиндеги тиштердин ар кандай түрлөрүн жана алардын функцияларын карап чыгыңыз.<br>"кашка тиштер", "кылкыйма тиштер", "кичи азуу тиштер" жана "азуу тиштер" терминдерин тааныштырып, талкуулаңыз.<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** "Сөз куржуну" бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.<br>функция/кызмат– бир нерсенин максаты<br>бет – бир нерсенин сырткы же үстүнкү бөлүгү же катмары<br>майдалоо – бир нерсени порошокко же кичинекей бөлүктөргө айландыруу<br>үзүү – бөлүп тартуу<br>чайноо – бир нерсени сындыруу үчүн өтө катуу басуу<br>• **Суроо бериңиз: Тиштерибизге кантип кам көрө алабыз?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Стоматологго баруу. Тиштерибизди үзгүлтүксүз тазалоо. Курамында көп шекер бар тамак-аштан алыс болуу.)<br>• Окуу китебинин 35-бетиндеги тиштерге кам көрүү жолдорун окуучулар менен бирге карап чыгыңыз.<br>• Тиштерибиздин жабышчаак катмарында табылган микробдор тиштерибизге зыян келтириши мүмкүн экенин түшүндүрүңүз. Микробдорду кетирүү үчүн тиштерибизди үзгүлтүксүз тазалашыбыз керек.<br>• Окуучуларды Окуу китебинин 34-бетиндеги иш-аракетке кайрылыңыз.<br>• Окуу программасынын "Илимий ой жүгүртүү жана иштөө" бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга моделдин чыныгы объектти көрсөтөрүн жана аны көрүүнү жана изилдөөнү жеңилдете турганын түшүндүрүңүз. Окуучулардан өздөрүнүн тиштери менен жасалган моделдин ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды ойлонуусун сураңыз.<br>• Окуучуларга тиштердин моделин жасап, аны тиш тазалоонун жакшы техникасын көрсөтүү үчүн колдоно турганын айтыңыз.<br>• Окуучуларга тиштердин жана бүйлөлөрдүн моделин жасоо үчүн кызгылт жана ак түстүү чопону бериңиз. Алардан тиш этин жасоо үчүн кызгылт пластилинди, ал эми тиштерди жасоо үчүн ак пластилинду колдонуусун сураңыз. |
| Сабакты жыйынтыктоо **(5 мүнөт):** | • Окуучулар менен бирге оОздо кандай тиш түрлөрү бар экенин жана тиштерге кантип туура кам көрүү керектигин кайталап чыгыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Эгерде биз тиштерибизге кам көрбөсөк, эмне болушу мүмкүн?** (Күтүлгөн жооп: Тиштер чирип/кариес болуп, оОздон алынууга туура келет. Чоң адамдардын тиштери кайра өсүп чыкпайт.) |

**Сабакка киришүүнүн альтернативдүү жолдору**

- Окуучулардан тилдерин колдонуп, тиштерин санап жана сезүүсүн сураңыз. Алардан тиштери жөнүндө эмнени байкашканын талкуулоосун сураңыз. Бардык тиштердин формасы жана өлчөмү бирдейби, ошондой эле алар бири-бирине кандайча окшош же айырмалуу экенин байкоосун сураңыз.
- Окуучулардан күзгүгө карап, оозундагы тиштердин ар кандай түрлөрүн байкоосун сураңыз.

**Негизги сабак үчүн альтернативдик иш-аракеттердин идеялары**

- Окуучуларды топторго бөлүңүз. Ар бир топ тиштерге кантип кам көрүү керектигин ролдук оюн аркылуу көрсөтүшсүн.
- Окуучуларга ар кандай тамак-аш азыктарын берип, ар бир тиш түрү эмне кылып жатканын байкоосун сураңыз. Кашка тиштер тамак-ашты кесет же тиштейт, кылкыйма тиштер тамак-ашты үзөт, ал эми кичине азуу тиштер жана азуу тиштер тамак-ашты майдалап, чайнашат. Бул тамак-ашты оңой жутууга жардам берет.
- **Сактык жана коопсуздук эскертүүлөрү:** Окуучуларга кандайдыр бир тамак-аш берүүдөн мурун, аллергиялары же өзгөчө тамактануу талаптары бар-жогун текшериңиз.

**Сабакты жыйынтыктоонун альтернативдүү идеялары**

- Окуучуларга тиштер топтомунун схемасын бериңиз. Алардан тиштерин тазалабаса жана өтө көп канттуу тамак жесе, тиштери кандай көрүнөөрүн көрсөтүү үчүн тиштерди боёп чыгуусун сураңыз.

**Тереңдетилген окуу үчүн идеялар**

- Окуучулардан кээ бир тиштердин ооздун белгилүү жерлеринде эмне үчүн жайгашканын жана аларды башка жерлерде (мисалы, кылкыйма тишти ооздун артында, ал эми азуу тишти ооздун алдында) жайгаштыруу эмне үчүн ылайыксыз болорун түшүндүрүүсүн сураңыз.
- Окуучулардан ар кандай жаныбарлардын тиштеринин сүрөттөрүн кароосун сураңыз. Алардан өздөрүнүн тиштери менен бул жаныбарлардын тиштеринин ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды талкуулоосун сураңыз.

**Ата-энелер менен иштөө**

- Ата-энелерди балдарына тишти туура тазалоо жана жип менен тазалоо ыкмаларын көрсөтүүгө үндөңүз.
- Ата-энелерди балдары менен бирге тиштерге кам көрүү жолдору боюнча плакат жасоого чакырыңыз.


**Дифференциация**

**Кыйынчылык жараткан тапшырмалар:**
Окуучулардан чириген/кариес болгон тишке эмне болорун билүүсүн сураңыз.

**Колдоо көрсөткөн тапшырмалар:**
Окуучуларга тиштер түзүмүнүн схемасын жана тиштердин ар кандай түрлөрүн белгилөө үчүн жардамчы сөздөрдү бериңиз. Аларды ар бир тиш түрүнүн функцияларын сүрөттөөгө үндөңүз.

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 4 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)** | • Модель ооздогу тиштердин ар кандай түрлөрүн түшүнүүгө жардам берерин түшүндүрүңүз. |
| Көнүгүү<br>**(30 мүнөт)** | • Окуу китебинин 36-бетиндеги “Технологиялар жөнүндө кеп!” бөлүмүн карап чыгыңыз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга суроого жооп табуу үчүн экинчилик маалымат булагын колдоно алаарын билдириңиз.<br>• Окуу программасынын “Илимдин күнүмдүк жашоодогу колдонулушу” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, илимий билимдер жана ой жүгүртүү азыркы учурда мурунку убактагыдан айырмаланарын эске салыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Илгерки жана бүгүнкү күндөгү адамдардын рационунда/диетасында кандай айырма бар?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай. Мурунку диета табигый жана кайра иштетилбеген тамак-аштан, мисалы, буудай, күрүч, жашылчалар жана мөмө-жемиштерден турган. Бул тамактар азыркы тамактарга караганда тишке азыраак зыян келтирчү.)<br>• Окуучулардын “Технологиялар жөнүндө кеп!” бөлүмүндөгү суроого байланыштуу табылгаларына таянып, туура тамактануу дени сак тиштерге алып келерин белгилеңиз.<br>• Окуу программасынын “Илимдин күнүмдүк жашоодогу колдонулушу” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, бул иш-аракеттин аягында илимди өз ишинде колдонуучу бир адамды аныктай алышарын түшүндүрүңүз.<br>• Окуучулардан эски тиш щеткасын колдонуп, моделдин тиштерин жана тиш эттерин тазалоосун сураңыз. Окуучуларга микробдорду жана тиштерде калган тамак-аш бөлүкчөлөрүн кетирүү үчүн ар бир тишти туура тазалоо керектигин эскертиңиз.<br>• Иш дептеринин 16-бетиндеги 2С-тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан Иш дептеринин 16-бетиндеги 2С-тапшырмасындагы суроолорду аткаруусун сураңыз. (Күтүлгөн жооп:<br>1.<br><br>2. а. күнүнө эки жолу<br>б. стоматологго, кариес) |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуучулардан Окуу китебинин 36-бетиндеги “Билимиңди текшер” бөлүмүндөгү суроолорго жооп берүүсүн сураңыз. (Күтүлгөн жооп: Алты айда бир жолу стоматологго баруу. Тиштерибизди күнүнө эки жолу тазалоо. Өтө көп канттуу тамак жебөө.)<br>• Окуучулардан бөлүмдүн аягында жетишкендиктерин баалоо үчүн Окуу китебинин 36-бетиндеги “Мен билем” кутучаларын белгилөөсүн сураңыз. Сабактын аягына чейин бардык жаңылыш түшүнүктөр такталышын камсыз кылыңыз. |

kitep.edu.kg

## Кичи бөлүм В Оору деген эмне? Сабактардын саны: 5

***Кичи бөлүмдүн окуу максаттары**

**2Бп.О2** Оору деген эмне экенин сүрөттөө жана адамдардагы оорунун жалпы белгилерин сүрөттөө.
**2ИОЖИм.О3** Схема менен сүрөттүн айырмасын сүрөттөө.
**2ИОЖИб.О1** Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо.
**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.
**2ИОЖИи.О5** Суроого жооп табуу үчүн берилген экинчилик маалымат булагын колдонуу.
**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.
**2КИ.01** Илимий билимдер жана ой жүгүртүү азыркы кезде мурдагыдан кандайча айырмаланарын талкуулоо.
**2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү.
**1КИ.04** Илим айлана-чөйрөгө болгон таасирибизди түшүнүүгө кантип жардам берерин талкуулоо.

**Көп кездешкен жаңылыштыктар**

**1-жаңылыштык:** Колубузда көрүнгөн кир болбосо, аларды жууштун кереги жок.
**Туура түшүнүк:** Колубуз таза көрүнгөн күндө да, аларды жуушубуз керек.
**Кантип түшүндүрүү керек:**
**Суроо бериңиз: Таза көрүнгөн полго түшкөн тамакты жеген коопсузбу?** Окуучуларга микробдор биз көрө алгыс өтө кичинекей экенин, ошондуктан алар таза көрүнгөн жерде да болушу мүмкүн экенин белгилеңиз. Окуучуларга жуулган жана жуулбаган колдордогу микробдордун сүрөттөрүн көрсөтүңүз. Колубузду жана беттерди таза көрүнгөн күндө да жууш канчалык маанилүү экенин баса белгилеңиз.

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 5 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү жана Диагностикалык баалоо<br>**(5 мүнөт)** | • Окуучулар китебинин 37-бетиндеги “Ой жүгүртүп көрчү!” бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Ооруп калганда эмне үчүн алсыз жана чарчаган сезесиңер деп ойлойсуңар?** (Күтүлгөн жооп: Денебиз мурункудай дени сак эмес.) |
| Көнүгүү<br>**(10 мүнөт)** | • Окуучулардан ооруп калганда ооруну сезген дене мүчөлөрүн колу менен көрсөтүүсүн өтүнүңүз.<br>• Окуучулардан оорулардын белгилерин сүрөттөөсүн сураңыз. Окуучуларга аларды сабактын кийинки бөлүгүндө адамдын дене түзүлүшүнүн контурунда оорунун белгилерин белгилешерин билдириңиз. |
| Түшүндүрүү<br>**(20 мүнөт):** | • Окуу китебинин 37–38-беттериндеги “Кел, үйрөнөлү!” бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Ооруганда өзүңөрдү кандай сезесиңер?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы, өзүн жаман сезүү, алсыздык.)<br>• Окуучулардын көңүлүн робот-талисманга буруңуз.<br>• **Суроо бериңиз: Жөтөлгөндө же мурдубуз акканда эмне үчүн маска кийишибиз керек?** (Күтүлгөн жооп: Микробдорду жайылтпоо үчүн.)<br>• **Суроо бериңиз: Микробдорду башка кандай жолдор менен алыс кармай алабыз?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай. Тамактанардан мурда колубузду жуу. Денебизди таза кармоо.) Окуучулардын жооптору сизге 1-жаңылыштык аныктоого жардам берет (бөлүмдүн башындагы “Көп кездешкен жаңылыштыктар” бөлүмүн караңыз).<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** “Сөз куржуну” бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.<br>начар – жаман же өзүн жакшы сезбеген<br>алсыз – энергиясы жок<br>• Окуу китебинин 38-бетиндеги оорунун ар кандай белгилерин карап чыгыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Бул оорунун белгилерин качан башыңардан өткөрдүңөр?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн.)<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга ооруп жаткан адамдарга же ооруп жаткан үй-бүлө мүчөлөрү барларга жакшы мамиле жана боорукердик көрсөтүү керектигин эскертиңиз.<br>Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга схема тартып, аны мурунку беттеги ысытмасы бар кыздын сүрөтү менен салыштыра турганын билдириңиз. Алар өз байкоолорун схема тартуу аркылуу көрсөтүшөт. |

kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| | • Окуучуларды топтоштуруңуз. Топтогу бир окуучуну чоң кагазга жатуусун тапшырыңыз. Кагаз окуучунун бүт денесинин контурун камтууга жетиштүү чоң болушу керек. Сүрөттү тезирээк тартуу үчүн, эки окуучуга дененин айланасына контур тартууну тапшырыңыз. Жатып жаткан окуучуга кыймылдабай турууну эскертиңиз.<br>• Сызуу бүткөн соң, окуучулар оорунун белгилерин кандай дене мүчөлөрүндө сезишерин эске салып, ошол жерлерге белгилеп жазышат.<br>• Окуучуларга иш-аракетти аткарууга бир нече мүнөт убакыт бериңиз.<br>• Ар бир топ өзүнүн ишин класска көрсөтүп, кыскача түшүндүрмө берип чыгат.<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** "Сөз куржуну" бөлүмүндөгү сөздөрдүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.<br>оору – организмди кыйнаган, жагымсыз сезим<br>кычышуу – териде ыңгайсыз сезим, тырмагың же сүрткүң келет<br>кусуу – ашказандагы тамактын ооз аркылуу чыгышы<br>ич өтүү – суюк жана тез-тез суюк заң (денеден чыгарылган калдык) |
| Сабакты жыйынтыктоо **(5 мүнөт):** | • Окуучулардан Окуу китебинин 40-бетиндеги "Билимиңди текшер" бөлүмүндөгү суроого жооп берүүсүн сураңыз. (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Жөтөлүү, чүчкүрүү, ысытма, кусуу, ашказан оорусу, ич өтүү, тамак кычышуу, ысытма.)<br>• Окуучулардан бөлүмдүн аягында жетишкендиктерин баалоо үчүн Окуу китебинин 40-бетиндеги тиешелүү "Мен билем" кутучаларын белгилөөсүн сураңыз. Сабактын аягына чейин бардык жаңылыш түшүнүктөр такталышын камсыз кылыңыз. |

**Сабакка киришүүнүн альтернативдүү жолдору**

- «Микроб өткөр» оюну: Окуучулар ыр ырдап жатканда микробдун сүрөтүн бири-бирине өткөрүшөт. Ыр бүтөөрү менен сүрөт кимде калса, ал окуучу ооруп калгандай болуп, жыгылып түшүшү керек.

**Негизги сабак үчүн альтернативдик иш-аракеттердин идеялары**

- Окуучуларга дал келтирүү оюнун ойноого карталар топтомун бериңиз. Карталардагы сүрөттөр төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн: самын, антисептик, тиш пастасы жана тиш щеткасы, салфетка, аккан кран, шампунь, чүчкүргөн окуучу, жөтөлгөн окуучу, мурдун сүртүп жаткан окуучу, кир тиштери бар бала жана кир чачтуу бала. Окуучулар ар бир айланууда экиден картадан тандап, алар эмнеге жуп түзөрүн түшүндүрүшөт.
- Окуучулардан дарыгер жана бейтап катары роль ойноону сураңыз. Бир окуучу оорунун кээ бир белгилерин сүрөттөйт, ал эми экинчи окуучу ооруну диагноздоп, эмне кылуу керектигин кеңеш берет.

**Сабакты жыйынтыктоонун альтернативдүү идеялары**

- Окуучулардан ооруган учурун эстөөсүн сураңыз. Алардан кандай сезимде болгонун жана айыгуу үчүн эмне кылганын айтып берүүсүн сураңыз.
- "Саймон айтат" оюнун ойноңуз. Оорунун түрүн атап, окуучулардан оорунун белгисин аткаруусун сураңыз (мисалы, эгер Саймон суук тийди десе, окуучулар чүчкүргөн кыймылды көрсөтө алышат).

**Тереңдетилген окуу үчүн идеялар**

- Окуучулар Интернетти же илимий китептерди колдонуп, эч кандай белгилери жок оорулар жөнүндө изилдөө жүргүзүшү мүмкүн.

**Ата-энелер менен иштөө**

- Ата-энелер баласына ден соолугун сактоо зарылдыгын түшүндүрүп, оорубаш үчүн кандай кадамдар керек экенин чогуу талкуулашсын.

**Дифференциация**

**Кыйынчылык жараткан тапшырмалар:**

Окуучулардан үйрөнгөн оорунун белгилерин жабыркаган дене мүчөлөрүнө жараша топтоштуруусун сураңыз. (Күтүлгөн жооп: Тамак – жөтөлүү, тамак кычышуу; ашказан – ашказан оорусу, ич өтүү, кусуу; мурун – чүчкүрүү; дене – ысытма.)

**Колдоо көрсөткөн тапшырмалар:**

Окуучуларга адам денесин көрсөткөн схемага оорунун белгилерин белгилөө үчүн жардамчы сөздөрдү бериңиз. (Күтүлгөн жооптор: Тамак – жөтөлүү, тамак кычышуу; ашказан – ашказан оорусу, ич өтүү, кусуу; мурун – чүчкүрүү; дене – ысытма.)

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 6 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү **(5 мүнөт)** | • Мурунку сабакта үйрөнүлгөн оорунун белгилери жөнүндө түшүнүктөрдү эске салыңыз. |

kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| Көнүгүү<br>**(30 мүнөт)** | • Иш дептеринин 17–18-беттериндеги 2Г-тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, иш-чаранын биринчи бөлүгүндө алар сүрөттөрдү окшоштуктарына жараша иреттеп иргөөсүн билдириңиз. Иш-чаранын экинчи бөлүгүндө алар маскалар жөнүндө суроолорду берип, суроолоруна жоопторду кантип таба аларын талкуулашат.<br>• Окуу программасынын “Илимдин күнүмдүк  жашоодогу колдонулушу” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, акыркы суроодо алар адамдардын иш-аракеттери айланабыздагы тирүү жандыктарга кандай таасир этkenин түшүнүшү керек экенин билдириңиз. Бул тапшырма ошондой эле азыркы билимдин мурункудан кандайча айырмаланганына да токтолот.<br>• 1-суроодо окуучулардан оорунун белгилерин көрсөткөн сүрөттөрдү белгилөөсүн сураңыз. (Күтүлгөн жооп: 1. ысытмасы бар (дене табы көтөрүлгөн) кыз, ичи ооруган бала, жөтөлгөн кыз.)<br>• 2-суроодо окуучулардан суроолорду окуусун сураңыз. Аларды маскаларды колдонуу жөнүндө билүү үчүн бере турган тиешелүү суроолорду аныктоого алып келиңиз. Андан соң, жуп менен бирге бул суроолорго жоопту кантип табууга болорун талкуулашат.<br>(Күтүлгөн жооп: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн.)<br>• Бүткөндөн кийин, окуучуларга сүрөттөгү беткаптын үстүнө билдирүү жазууну тапшырыңыз. Окуучуларга түстүү карандаштарды колдонуп, масканы кооздоого убакыт бериңиз. Кээ бир окуучуларды маскаларындагы билдирүүлөрүн класска бөлүшүүгө чакырыңыз. (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн.)<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга бири-биринин иштерине урмат менен мамиле кылууну жана позитивдүү пикир айтууну эскертиңиз.<br>• Окуучуларга 3-суроого жооп берүүсүн тапшырыңыз. (Күтүлгөн жооп: 3. Бул аларды ооруп калуудан сактайт.)<br>• Окуучулар ата-энесинен мурдагы убактагы бейтаптарга кам көрүү кандай болгонун сурап, азыркы учур менен салыштырып келишет. (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн.) |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | Бул иш-аракеттин жыйынтыгында, окуучулардан ден соолукту кантип сактоо керектиги жөнүндө эмнелерди үйрөнүшкөнүн айтып берүүнү сураныңыз. |
| Үй тапшырма | • Иш дептеринин 19-бетиндеги “Сөз оюну” бөлүмүн үй тапшырма катары бериңиз. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 7 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)** | • Мурунку сабакта үйрөнгөн туура тамактануу боюнча түшүнүктөрдү кайталаңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Эгерде ар бир тамакта пайдалуу эмес тамактарды жей берсек, эмне болот?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы: ооруп калышыбыз мүмкүн, же алсырап калабыз.) |
| Көнүгүү<br>**(30 мүнөт)** | • Окуу китебинин 39-бетиндеги “Маселеге негизделген окуу” бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Бул иш-чара үчүн окуучуларды топторго бөлсө болот. Алардан эмне үчүн туура тамак-аш тандоо маанилүү экенин талкуулоосун сураңыз.<br>• Окуучулардан дени сак тамактануу үчүн чечимдерди табуу үчүн идеяларды бөлүшүүсүн жана бири-бири менен баарлашуусун сураңыз.<br>• Алардан китептин артындагы чаптамаларды колдонуп, пайдалуу тамак-аш тууралуу постер жасоону тапшырыңыз. (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн.)<br>• Ар бир топ өз постерин класстын алдында көрсөтүп, эмне үчүн дал ошол тамактарды тандашканын түшүндүрүп берет. |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуучулардан ден соолукка пайдалуу тамак тандоо боюнча эмнелерди үйрөнүшкөнүн бөлүшүп берүүнү сураныңыз. |

kitep.edu.kg

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 8 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| **Сабакка киришүү (5 мүнөт)** | • Айрым окуучуларды чакырып, “Көйгөйдү чечкенди үйрөнөлү!” бөлүмүнөн эмнелерди үйрөнүшкөнүн эстетүүнү сураныңыз. |
| Көнүгүү **(30 мүнөт)** | • Окуу китебинин 40-бетиндеги “Турмуштагы илим” бөлүмүн кайрылыңыз.<br>• Окуу программасынын “Контексттеги илим” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, диетологдор өз ишинде илимди колдонгон адамдар экенин баса белгилеңиз. Диетологдор эмне кылаарын кыскача сүрөттөп бериңиз.<br>• Окуу программасынын “Контексттеги илим” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, илимий билимдер жана ой жүгүртүү азыркы учурдан мурда кандайча айырмаланганын эскертиңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Диетолог ооруканадагы бейтаптарга кантип жардам берет?** (Күтүлгөн жооп: Алар бейтаптар үчүн атайын же ылайыктуу рациондор/диеталар боюнча кеңеш бере алышат.) |
| Сабакты жыйынтыктоо **(5 мүнөт):** | • Бул иш-чаранын жыйынтыгы катары, окуучулардан пайдалуу тамак-аш тандоо жөнүндө эмнени үйрөнгөндөрүн бөлүшүүсүн сураңыз.<br>• Окуучулардан бөлүмдүн аягында жетишкендиктерин баалоо үчүн Окуу китебинин 40-бетиндеги тиешелүү “Мен билем” кутучаларын белгилөөсүн сураңыз. Сабактын аягына чейин бардык жаңылыш түшүнүктөр такталышын камсыз кылыңыз. |
| Үй тапшырма | • Окуучуларга Окуу китебинин 41–42-беттериндеги “Көнүгүү барагын” үй тапшырма катары бериңиз. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 9 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү **(10 мүнөт)** | • Окуучулардан бул бөлүмдүн үч кичи бөлүмүндө үйрөнгөндөрүн төмөнкү суроолорду берүү менен кайталоосун сураңыз:<br>• **Суроо: Өзүбүздү кантип ден соолукта кармайбыз?** (Күтүлгөн жооптор: Туура тамактануу. Өзүбүздү таза кармоо. Жетиштүү эс алуу жана уктоо жана күн сайын көнүгүү жасоо.)<br>• **Суроо: Тиштердин төрт түрү жана алардын функциялары кайсылар?** (Күтүлгөн жооптор: Кескич тиштер, азуу тиштер, күчүк тиштер жана кичине азуу тиштер. Кашка тиштер, кылкыйма тиштер, кичи азуу тиштер жана азуу тиштер. Кашка тиштер тамакты тиштөө жана майда бөлүктөргө кесүү үчүн колдонулат. Азуу тиштер тамакты майдалоо жана чайноо үчүн колдонулат. Кылкыйма тиштер тамакты үзүү  үчүн колдонулат. Кичи азуу тиштер тамакты үзүү жана чайноо үчүн колдонулат.)<br>• **Суроо: Ооруганыбызды кантип билебиз?** (Күтүлгөн жооптор: Өзүбүздү алсыз жана чарчаңкы сезебиз. Адатта жасаган иш-аракеттерди жасай албай калабыз.) |
| Көнүгүү **(20 мүнөт)** | • Окуучулар мурунку сабактан үй тапшырма катары Окуу китебинин 41–42-беттериндеги “Көнүгүү барагын” аткарган болушу керек.<br>• Тапшырмалар боюнча суроолор менен жоопторду чогуу карап чыгыңыз. Бул формативдик баалоо аркылуу окуучулардын түшүнүгүн текшериңиз.<br>• Суроолордо текшерилип жаткан түшүнүктөр төмөнкүлөр:<br>1-суроо – Түшүнүктөр жана ката түшүнүктөр<br>2-суроо – Туура тамактануу<br>3-суроо – Денеге кам көрүү жолдору<br>4-суроо – Сүт тиштер жана туруктуу тиштер<br>5-суроо – Оорунун белгилери<br>• Окуучулар суроолорго жооп берүүдө кыйналган түшүнүктөрдү аныктап, зарыл болсо, ал түшүнүктөрдү кайрадан карап чыгыңыз. Окуучуларда дагы эле бар болгон ката түшүнүктөрдү оңдоңуз. |
| Сабакты жыйынтыктоо **(10 мүнөт):** | • 2-бөлүмдө үйрөнгөн түшүнүктөрдү жыйынтыктоо үчүн Иш дептеринин 20-бетиндеги “Келг, картага түшүрөлү!” бөлүмүн карап чыгыңыз. |
| Үй тапшырма | • Иш дептеринин 21-беттен 23-бетке чейинки “Кел, кайра карап чыгалы” бөлүмүн үй тапшырма катары бериңиз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, 2-суроодо алар объектилерди окшоштуктарына жараша иретке келтирип иргеп, топтоп, байкоолорун таблицага жазып алаарын билдириңиз. |

kitep.edu.kg

# Сунушталган жооптор

## Окуу китеби

### Көнүгүү барагы, 41-42-беттер


1. Туура, Туура эмес,  Туура, Туура эмес, Туура
2. чипсы, кекс, канттуу суусундуктар
3. Азамат, Равшан
4. жаш бала, чоң киши
5. Сүрөттөр 1, 3 жана 4

## Иш дептери

### Сөз оюну, 19-бет:

*Тигинен*
1. пайдасыз
2. энергия
3. жумуртка

*Туурасынан*
1. оорулар
2. зыян
3. суу
4. гигиена
5. тамак




### Кел, картага түшүрөлү – 20-бет:

Биз күчтүү жана ден соолукта өсүш үчүн, күнүгө _______ жолу тамактанабыз
Биз таза жана дени сак болуш үчүн, тиштерибизге  _______ жана _______
Ар кандай иштерди аткарууга энергиябыз толуп турушу үчүн, биз уйку жана эс алуу.
Денебиз күчтүү жана чың болушу үчүн, көнүгүү аткарып турушубуз керек
Биз ооруп калганда, денебиз ар кандай белгилер берет.
Туура тамактануу туура өлчөмдө колдонулган ар кыл түрдөгү тамактардан турат.
Суу жетиштүү өлчөмдө ичүү биздин ден соолугубуз үчүн маанилүү.
Биздин тиштерибиз бизге тамакты жардам берет.
Көпчүлүк балдардын сүт 20 тиши бар.
Көпчүлүк чоң кишилердин 32 туруктуу бар.
Биз беш же 6га чыкканда, биздин сүт тиштерибиз түшө баштайт.
Биз тырмак маал-маалы менен алып турабыз
Тамак жээрден мурда ______ жууйбуз.

бала      жуунуу      жуу      чайноо
дени сак
жуу

БУЛ ЖУМУШЧУ ДЕПТЕРГЕ ЖАРАША ТОЛТУРУЛДУ

### Кел, кайра карап чыгалы – 21–23-беттер:

1. Жашылча менен жемиштерди эле жей берүү бул туура тамактануу эмес.
Биз күн сайын алтыдан сегиз стаканга чейинки суу ичишибиз керек.

2.

| Пайдалуу азыктар: | Зыяндуу азыктар: |
|---|---|
| алма<br>капуста<br>тоок<br>балык | торт<br>картошка фри<br>бал муздак<br>картошка чипсылары |

3. Рашид
4. улуу киши
5. a) дене табынын көтөрүлүшү
   b) чүчкүрүү
   c) кусуу
   d) жөтөл

kitep.edu.kg

# 3-БӨЛҮМ ЖАШОО ЧӨЙРӨЛӨР

## *Бөлүмдүн окуу максаттары

| | |
|---|---|
| **2Ве.О1** | Өсүмдүк же жаныбар табигый түрдө жашаган чөйрө анын жашоо чөйрөсү экенин билүү. |
| **2Ве.О2** | Ар кандай жашоо чөйрөлөрүндө ар кандай өсүмдүктөр жана жаныбарлар бар экенин билүү |
| **2Ве.О3** | Жергиликтүү чөйрөлөрдү салыштырып, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктоо — мисалы, ысык/суук, кургак/нымдуу, өсүмдүктөр көп/аз, жаныбарлар көп/аз. |
| **2ИОЖИм.О1** | Модель объектти же идеяны так, түшүнүктүү түрдө көрсөтөрүн билүү. |
| **2ИОЖИм.О2** | Тааныш болгон система же идеянын физикалык моделин жасоо жана колдонуу. |
| **2ИОЖИб.О1** | Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо. |
| **2ИОЖИб.О2** | Эмне болору тууралуу божомолдорду жасоо. |
| **2ИОЖИи.О1** | Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо. |
| **2ИОЖИи.02** | Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу. |
| **2ИОЖИи.О3** | Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү. |
| **2ИОЖИи.О5** | Суроого жооп табуу үчүн берилген экинчилик маалымат булагын колдонуу. |
| **2ИОЖИи.О6** | Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу. |
| **2ИОЖИс.О1** | Изилдөө учурунда эмне болгонун жана ал күтүлгөн божомолдорго шайкеш келген-келбегенин сүрөттөө. |
| **2КИ.02** | Илим биз колдонгон же тааныган нерселердин кантип иштээрин кантип түшүндүрүп берерин талкуулоо. |
| **2КИ.03** | Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү. |
| **2КИ.04** | Илим айлана-чөйрөгө болгон таасирибизди түшүнүүгө кантип жардам берерин талкуулоо. |

## Окуучулардан күтүлгөн алдын ала билими

Бул бөлүмдү баштоодон мурун, окуучулар төмөнкү нерселерди билиши күтүлөт:

- Жаныбарларга, анын ичинде адамдарга, жашоо үчүн аба, суу жана ылайыктуу тамак-аш керектигин билүү.
- Өсүмдүктөрдүн жашоосу үчүн жарык жана суу керек экенин билүү.
- Күн жылуулуктун жана жарыктын булагы экенин билүү.

kitep.edu.kg

# Бөлүмдөр боюнча окутуу планы

**Сунушталган окутуу мөөнөтү:** 10 сабак (Ар бир сабак 1 же 2 окуу саатын камтышы мүмкүн.)

| Кичи бөлүмдөр | Сабак-тардын саны | Окуу максаттары: биология, химия, физика, Жер жана космос | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө | Контексттеги илим | Керектелүүчү ресурстар жана материалдар |
|---|---|---|---|---|---|
| **А**<br>Айлана-чөйрө жана жашоо чөйрө | 4 | **2Ве.О1** Өсүмдүк же жаныбар табигый түрдө жашаган чөйрө анын жашоо чөйрөсү экенин билүү. | **2ИОЖИм.О1** Модель объектти же идеяны так, түшүнүктүү түрдө көрсөтөрүн билүү.<br>**2ИОЖИм.О2** Тааныш болгон система же идеянын физикалык моделин жасоо жана колдонуу.<br>**2ИОЖИб.О2** Эмне болору тууралуу божомолдорду жасоо.<br>**2ИОЖИи.02** Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу.<br>**2ИОЖИи.О3** Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү.<br>**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо – сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.<br>**2ИОЖИс.О1** Изилдөө учурунда эмне болгонун жана ал күтүлгөн божомолдорго шайкеш келген-келбегенин сүрөттөө. | **2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү.<br>Илим айлана-чөйрөгө болгон таасирибизди түшүнүүгө кантип жардам берерин талкуулоо. | • **Окуу китеби**, 44–48-беттер<br>• **Иш дептери**, 24–26-беттер<br><br>Иш дептери, 24–25-беттер үчүн:<br>• Кашык, жумуртка табагы, кара топурак,<br>• 20 даана жашыл буурчак, суу чачуучу бөтөлкө, суу, карандаш, түтүкчө, кайчы, скотч<br><br>Иш дептери, 26-бет үчүн:<br>• Пластилин, үйдөн же класстан табылган ар кандай буюмдар<br><br>Кошумча материалдар:<br>• Жаныбарлардын маскалары<br>• Коңуз, кумурска же көпөлөк<br>• Ар кандай жашоо чөйрөлөр тууралуу китептер же сүрөт карталар |

kitep.edu.kg

| Кичи бөлүмдөр | Сабак-тардын саны | Окуу максаттары: биология, химия, физика, Жер жана космос | Илимий ой жүгүртүү жана иштөө | Контексттеги илим | Керектелүүчү ресурстар жана материалдар |
|---|---|---|---|---|---|
| **Б**<br>Ар түрдүү жашоо чөйрөлөрү | 6 | **2Ве.О2** Ар кандай жашоо чөйрөлөрүндө ар кандай өсүмдүктөр жана жаныбарлар бар экенин билүү<br>**2Ве.О3** Жергиликтүү чөйрөлөрдү салыштырып, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктоо – мисалы, ысык/суук, кургак/нымдуу, өсүмдүктөр көп/аз, жаныбарлар көп/аз. | **2ИОЖИб.О1** Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо.<br>**2ИОЖИб.О2** Эмне болору тууралуу божомолдорду жасоо.<br>**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.<br>**2ИОЖИи.О5** Суроого жооп табуу үчүн берилген экинчилик маалымат булагын колдонуу.<br>**2ИОЖИс.О1** Изилдөө учурунда эмне болгонун жана ал күтүлгөн божомолдорго шайкеш келген-келбегенин сүрөттөө. | **2КИ.02** Илим биз колдонгон же тааныган нерселердин кантип иштээрин кантип түшүндүрүп берерин талкуулоо.<br>**2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү.<br>**2КИ.04** Илим айлана-чөйрөгө болгон таасирибизди түшүнүүгө кантип жардам берерин талкуулоо. | • **Окуу китеби,** 49–63-беттер<br>• **Иш дептери,** 27–34-беттер<br><br>Окуу китеби, 50-бет үчүн:<br>• Окуу китебинин арткы бетиндеги чаптама беттеринен алынган чаптамалар<br><br>Иш дептери, 28–29-беттер үчүн:<br>• Интернет же илимий китептер<br><br>Кошумча материалдар (каалоого жараша):<br>• Балык салынган аквариум же террариум<br>• Гүл идиштериндеги өсүмдүктөр<br>• Тактага тартылган таблица<br>• Жумшак оюнчук же топ<br>• Жашоо чөйрөлөрүн чагылдырган сүрөт карталары<br>• Интернет<br>• Ой жүгүртүү түзүмү 5 – Салыштыруу жана айырмалоо (Мугалимдерге арналган колдонмонун арткы бетинен) |

## Кичи бөлүм А Айлана-чөйрө жана жашоо чөйрө

**Сабактардын саны: 4**

***Кичи бөлүмдүн окуу максаттары**

**2Ве.О1** Өсүмдүк же жаныбар табигый түрдө жашаган чөйрө анын жашоо чөйрөсү экенин билүү.
**2ИОЖИм.О1** Модель объектти же идеяны так, түшүнүктүү түрдө көрсөтөрүн билүү.
**2ИОЖИм.О2** Тааныш болгон система же идеянын физикалык моделин жасоо жана колдонуу.
**2ИОЖИб.О2** Эмне болору тууралуу божомолдорду жасоо.
**2ИОЖИи.02** Берилген жабдууларды туура жана ылайыктуу колдонуу.
**2ИОЖИи.О3** Стандарттык эмес бирдиктер менен өлчөө жүргүзүү.
**2ИОЖИи.О6** Байкоолорду жана/же өлчөөлөрдү чогултуу жана каттоо — сүрөттөргө түшүндүрмө берүү жана жөнөкөй таблицаларды толтуруу аркылуу.
**2ИОЖИс.О1** Изилдөө учурунда эмне болгонун жана ал күтүлгөн божомолдорго шайкеш келген-келбегенин сүрөттөө.
**2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү.
**2КИ.04** Илим айлана-чөйрөгө болгон таасирибизди түшүнүүгө кантип жардам берерин талкуулоо.

**Негизги терминдер**

- айлана-чөйрө, жашоо чөйрөсү, баш калкалоочу жай

**Көп кездешкен жаңылыштыктар**

**1-жаңылыштык:** Чөп жана бак-дарактар өсүмдүк эмес.
**Туура түшүнүк:** Чөп жана бак-дарактар да өсүмдүктөр.
**Кантип түшүндүрүү керек:**
**Суроо бериңиз: Сиз билген гүлдүү өсүмдүктөр менен чөптүн жана бак-дарактардын кандай окшоштуктары бар?** Айрым окуучулар "өсүмдүк" деген сөздү гүлдүү өсүмдүктөр менен гана байланыштырышат (мисалы, роза же гибискус). Бирок бардык өсүмдүктөр гүл чыгара бербейт. Гүлдүү өсүмдүктөр да кээ бир гана шартта гүлдөйт. Биз дайыма чөптөрдөн же бак-дарактардан гүлдөрдү көрө бербейбиз, анткени алар гүлдөшү үчүн белгилүү шарттар керек. Окуучуларга чөптүн жана бак-дарактын жалбырактары башка өсүмдүктөр сыяктуу эле жашыл болорун түшүндүрүңүз. Айрымдарынын тамыры, сабагы жана гүлдөрү да болот.

**2-жаңылыштык:** Курт-кумурскалар жана башка майда жаныбарлар жаныбар эмес.
**Туура түшүнүк:** Курт-кумурскалар жана башка майда жаныбарлар жаныбар. Алар тирүү жандыктар.
**Кантип түшүндүрүү керек:**
**Суроо бериңиз: Курт-кумурскалардын бир жерден экинчи жерге жылганын көрдүңүз беле?** Окуучуларга өсүмдүктөр менен жаныбарлар тирүү жандыктар экенин түшүндүрүңүз. Курт-кумурскалар жаныбарлардын бир түрү. Аларга жашоо үчүн аба, суу жана тамак керек. Алар жылышат, көбөйүшөт, өсүшөт жана өлүшөт. Сабакка коңуз, кумурска же көпөлөк алып келип, алардын дене мүчөлөрү бар экенин жана кыймылдай аларын көрсөтүңүз.

**3-жаңылыштык:** Өсүмдүктөр жана жаныбарлар бир жерде адамдар аларды ошол жерге койгондуктан табылат.
**Туура түшүнүк:** Өсүмдүктөр жана жаныбарлар айлана-чөйрөдө өздөрү жашайт, анткени алар үчүн тамак-аш, суу жана баш калкалоочу жай бар.
**Кантип түшүндүрүү керек:**
**Суроо бериңиз: Кимдир бирөө даракка чыгып, куш үчүн уя жасап жатканын көрдүңүз беле?** Кээ бир окуучулар ата-энелеринин гүл сатып алып, бакчасына отургузганын көргөн болушу мүмкүн. Же зоопарктагы жаныбарлар адам алып келгендиктен ошол жерде экенин билишет. Окуучуларга көптөгөн өсүмдүктөр жана жаныбарлар өздөрү үчүн ылайыктуу чөйрөдө табигый түрдө жашаарын көрсөтүңүз. Бул алардын тамак-аш, суу жана баш калкалоочу жай таба алган жерлери. Ошол шарттар алардын жашоосу үчүн маанилүү.

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| Сабак 1 (40 мүнөт) | |
|---|---|
| Сабакка киришүү **(5 мүнөт)** | • Сиз окуучулар китебинин мазмунундагы бул бөлүмдүн окуу максаттарына кайрылып, окуучуларга бөлүм жөнүндө жалпы маалымат бере аласыз.<br>• Сабакка жаныбардын маскасын кийип келиңиз (мисалы, маймыл, жолборс же акула).<br>• Окуучуларга: "Мен үй-бүлөм менен жашай турган жер издеп жатам" — деп айтып, кайсы жер эң ылайыктуу болоорун алардан сураңыз.<br>• **Суроо бериңиз: "Үй-бүлөм менен жашоого ылайыктуу жерди тандоодо эмнелерди эске алышым керек?"** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Тамак-аш, уктаган жер, суу, жамгырдан коргонуу үчүн баш калкалоочу жай ж.б.)<br>• Сабакты Окуу китебинин 44–45-беттериндеги сүрөттү көрсөтүү менен баштаңыз. |

| | |
|---|---|
| | • **Суроо бериңиз: "Эмне үчүн жаныбарлар бул жерде жашашат?"**<br>(Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Бул жерде ичкенге суу бар. Тамак таба алышат.)<br>• Окуучулардан кыска жазуу иш-аракетин аткаруусун сураңыз.<br>(Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Бул жерде кеңдик бар. Жаныбарлар үчүн тамак жана суу жеткиликтүү.) |
| Диагностикалык баалоо<br>**(5 мүнөт)** | • Окуу китебинин 46-бетиндеги "Ой жүгүртүп көрчү!" бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан китептерден, видеолордон же телеберүүлөрдөн көргөн жаныбарларды эске түшүрүп, айтып берүүлөрүн өтүнүңүз.<br>• Окуучуларга алар эстей алган жаныбардын түрү менен ал жаныбар жашаган жердин ортосундагы байланышты талкуулоого жардам бериңиз. |
| Көнүгүү<br>**(20 мүнөт)** | • Окуу китебинин 46-бетиндеги "Кел, изилдейли" бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Сактык жана коопсуздук эскертүүлөрү: "Кел, изилдейли" тапшырмасын баштаардан мурун, окуучуларга мектептин бакчасындагы же парктаги өсүмдүктөр менен жаныбарларды коопсуз аралыкта байкоо жүргүзүү керектигин эскертиңиз. Мамлекет, шаар же мектеп тарабынан коюлган коопсуздук чараларын так сактоо маанилүү экенин баса белгилеңиз.<br>• Окуучуларды төрт топко бөлүңүз. Ар бир топ мектептин бакчасына же паркка барып, көргөн өсүмдүк жана жаныбарлар боюнча байкоо жүргүзөт. Ар бир окуучуга мээлей (колкап) берип коюуга болот.<br>• **Суроо бериңиз: "Көргөн өсүмдүктөрдү сүрөттөп берсеңер?"** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Кээ бир өсүмдүктөр чоң, кээ бирлери кичине. Айрымдарынын жалбырактары чоң, айрымдарыныкы кичине. Кээ бир өсүмдүктөр гүлдөйт.)<br>• Бул суроо 1-ката түшүнүктү аныктоого жардам берет.<br>• **Суроо бериңиз: "Бул өсүмдүктөрдү кайсы жерден көрдүңөр?"** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Айрымдары жерде өсөт. Айрымдары дарактын үстүндө өсөт. Айрымдары сууда өсөт.)<br>• **Суроо бериңиз: "Кайсы жаныбарларды көрдүңөр?"** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: ийнеликтер, аарылар, куштар, дарак кескелдириктери, жөргөмүштөр, кумурскалар, балыктар, бакалар ж.б.)<br>• Бул суроо 2-ката түшүнүктү аныктоого жардам берет.<br>• "Илимий ой жүгүртүү жана иштөө" бөлүмүнө байланыштыруу үчүн окуучуларга байкоолорун жөнөкөй таблицага жазып алаарын билдириңиз.  Окуучуларга таблица маалыматты уюштурууга жана аны анализдөөнү жеңилдетүүгө жардам берерин түшүндүрүңүз.<br>• Окуучулар Окуу китебинин 46-бетиндеги таблицаны толтурушсун. Таблицаларды карап чыгууга жана бир классташы менен бирге талкуулоого убакыт бериңиз.<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга мээ чабуул учурунда классташтарынын сунуштарын сыйлоо абдан маанилүү экенин баса белгилеңиз. Окуучуларга кезектешип сунуш берүүнү эскертиңиз. Аларды өсүмдүктөр жана жаныбарлар жөнүндө көбүрөөк билүүгө бири-бирине жардам берүү үчүн сунуштарды берүүгө үндөңүз. |
| Түшүндүрүү<br>**(5 мүнөт)** | • Окуу китебинин 46-бетиндеги "Кел изилдейли!" бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан сейилдөө учурунда байкагандарын эстеп чыгууну сураныңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Бул жерди өсүмдүктөр жана жаныбарлар жашоо үчүн эмне ылайыктуу кылат?** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Бул жерде тамак, суу жана баш калкалоочу жай бар.)<br>• Окуучулардан мурунку иш-аракеттен байкалган өзгөчөлүктөрдү колдонуп, суроого жооп берүүсүнө жардам бериңиз. Алар ар түрдүү сунуштарды келтире алышат.<br>• Бул сунуштарды тактага же постерге жазып, сабактын жүрүшүндө кайрылып турууга болот. |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуучулар мурунку топторунда иштөөнү улантышат.<br>• Ар бир топтон төмөнкү суроолорго жооп берүү менен байкоолорун бөлүшүүнү сураңыз:<br>• **Суроо: "Жаныбарлар баш калкалай турган кандай жерлерди байкадыңар?"** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: жалбырактардын астында, бутактарда, таштын астында)<br>• **Суроо: "Жаныбарлар тамак таба турган кандай жерлерди көрдүңөр?"** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: өсүмдүктөрдөн, башка майда жаныбарлардан) |

kitep.edu.kg

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

<table>
<tr><th colspan="2">Сабак 2 (40 мүнөт)</th></tr>
<tr><td>Сабакка киришүү жана Диагностикалык баалоо<br>(10 мүнөт)</td><td>
<ul>
<li>Окуучулардан мурунку сабакта мектеп бакчасында же паркта эмнелерди байкашканын эстөөсүн сураңыз.</li>
<li>Суроо бериңиз: Кайсы жаныбарларды байкадыңар? Аларды кайсы жерден көрдүңөр? (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: жалбырактардын үстүндө, бутактарда, сууда ж.б.)</li>
<li>Жоопторду мурунку сабакта колдонулган схемага же тактага кошуңуз.</li>
<li>Окуучуларды жаныбарлар жашаган жерлер жана эмне үчүн ал жерлерде жашай турганы тууралуу ой жүгүртүүгө жетелеңиз.</li>
<li>Окуучулардан жаныбарлар менен алардын жашаган чөйрөлөрүнүн ортосундагы байланыштытүшүндүрүп берүүсүн сураныңыз.</li>
</ul>
</td></tr>
<tr><td>Көнүгүү<br>(15 мүнөт)</td><td>
<ul>
<li>Окуучулардын көңүлүн өз үйүнө буруңуз.</li>
<li>Окуучуларга үйлөрүндөгү нерселер (жарыктын түрү, керебеттин түрү, ысык/суук/шамалдуу/жарык/караңгы экени) алардын чөйрөсүн түзөрүн жана алардын үйү алардын жашоо чөйрөсү экенин түшүнүүгө жардам бериңиз.</li>
<li>Бул түшүнүктү өсүмдүктөр менен жаныбарлар жашаган чөйрө менен байланыштырыңыз.</li>
<li>Суроо бериңиз: Өсүмдүктөр жана жаныбарлар жашаган чөйрөдөн эмнелерди алышат? (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: суу, тамак, баш калкалоочу жай)</li>
<li>Окуучуларга жуп болуп талкуу жүргүзүүгө убакыт бериңиз.</li>
<li>Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга жоопторун жөнөкөй таблицаны толтуруу менен жазып алаарын билдириңиз. Окуучуларга таблица маалыматты уюштурууга жана аны изилдөөнү жеңилдетүүгө жардам берерин түшүндүрүңүз. Сиз окуучулардын жоопторун таблицага жаза аласыз.</li>
</ul>
<table>
<tr><th>Даракта жашаган жаныбарлар таба ала турган тамак-аштын түрү</th><th>Даракта жашаган жаныбарлар таба ала турган баш калкалоочу жайдын түрү</th></tr>
<tr><td>Жалбырактар<br>Мөмөлөр<br>Уруктар<br>Кумурскалар<br>Курт-кумурскалар<br>Курттар</td><td>Бутакта<br>Жалбырактардын астында<br>Сөңгөктө<br>Уяда</td></tr>
</table>
<ul>
<li>Суроо бериңиз: Эмне үчүн өсүмдүк же жаныбар белгилүү бир жашоо чөйрөсүндө жашайт деп ойлойсуңар? (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: Алар тамак таба алышат. Суу бар. Баш калкалоочу жай бар.)</li>
<li>Бул суроого жооптор 3-жаңылыштык боюнча окуучулардын түшүнүктөрүн аныктоого жардам берет.</li>
<li>СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу): Окуучуларга классташтарынын ойлоруна урмат менен мамиле кылуунун маанилүүлүгүн эскертиңиз. Ар ким кезек менен сүйлөп, бири-бирин колдоп, өсүмдүктөр жана жаныбарлар тууралуу көбүрөөк үйрөнүүгө жардам бериши керек.</li>
</ul>
</td></tr>
<tr><td>Түшүндүрүү<br>(10 мүнөт):</td><td>
<ul>
<li>Окуу китебинин 47–48-беттериндеги “Кел, үйрөнөлү” бөлүмүн карап чыгыңыз.</li>
<li>Окуучулар мурунку иш-чарада талкуулаган ойлорун эстешсин.</li>
<li>Суроо бериңиз: Жашоо үчүн тирүү жандыктар чөйрөдөн эмнелерди алышат? (Күтүлгөн жооптор: Тамак, суу, баш калкалоочу жай)</li>
<li>Окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү үчүн, Окуу китебинин 47-бетиндеги робот маскоту берген суроого көңүл буруңуз. Окуучулардан бардык жаныбарлар, анын ичинде адамдар, бир эле чөйрөдө жашай алабы деген ойлорун бөлүшүүсүн сураңыз. Суроону бардык жаныбарлар бир эле чөйрөдө жашаса эмне болорун суроо менен кеңейтиңиз.</li>
<li>Окуу китебинин 48-бетин чогуу карап чыгыңыз. Айрым окуучулар көлмөнү көрө элек болушу мүмкүн. Көлмө — бул суу кыймылдабаган же акпаган, тузсуз суунун кичинекей аянты экенин түшүндүрүңүз. Ал дарыя же деңиздей терең эмес.</li>
<li>Тил байлыгын өрчүтүү: ‘Сөз куржуну’ бөлүмүндөгү сөздү түшүндүрүңүз:<br>суу астында – суунун бетинен төмөн</li>
<li>Окуу китебинин 59-бетиндеги ‘Турмуштагы илим’ бөлүмүнө кайрылыңыз.</li>
<li>“Контексттеги илим” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, экологдор өз ишинде илимди колдонгон адамдар экенин баса белгилеңиз. Окуучуларга экологдор эмне кылаарын кыскача сүрөттөп бериңиз.</li>
</ul>
</td></tr>
</table>

kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| Сабакты жыйынтыктоо **(5 мүнөт):** | • Окуучулар Окуу китебинин 48-бетиндеги “Билимиңди текшер” бөлүмүндөгү суроого жооп беришсин. (Күтүлгөн жооп: Тамак, суу, орун, баш калкалоочу жай)<br>• Окуучулар 48-беттеги “Мен билем” кутучаларын белгилеп, бөлүм аягында өздөрүнүн жетишкендиктерин өз алдынча баалашсын.<br>• Сабактын аягына чейин бардык туура эмес түшүнүктөр оңдолгондугуна ынаныңыз. |
| Үй тапшырма | • Кийинки сабакка жумуртканын картон салынуучу кутусун (лотогун) алып келүүсүн тапшырыңыз. |

**Сабакка киришүүнүн альтернативдүү жолдору**

- Окуучуларды топторго бөлүңүз. Окуучуларды белгилүү бир жаныбар экенин элестетүүгө чакырыңыз. Алардан үй-бүлөсү жана өзү үчүн үй куруусун сураңыз. Алар кайсы жерде жашагысы келет? Үйүндө эмнелер болуусун каалашат?
- Окуучуларга төмөнкү суроолор боюнча сүйлөшүүнү сунуштаңыз:
  - канаттуулар кайда жашайт
  - чычкандар кайда жашайт
  - таракандар кайда жашайт
- Бул жаныбарлар эмне үчүн дал ошол жерде жашай турганын окуучулардан сураңыз.

**Негизги сабак үчүн альтернативдик иш-аракеттердин идеялары**

- Окуучуларды топторго бөлүңүз. Ар бир топко жаныбарлардын ар кандай түрлөрү жана алардын жашоо чөйрөлөрү жөнүндө китептерди бериңиз. Топторду китептерди изилдеп, китептерден көргөн жаныбарлары жана алардын жашоо чөйрөсү жөнүндө үйрөнгөндөрүн бөлүшүүсүн сураңыз.

**Сабакты жыйынтыктоонун альтернативдүү идеялары**

- Окуучуларга ар түрдүү жашоо чөйрөлөрүнүн сүрөт карталарын көрсөтүңүз. Алардан бул чөйрөлөрдө кандай өсүмдүктөр жана жаныбарлар жашашы мүмкүн экенин айтып беришин сураныңыз.

**Тереңдетилген окуу үчүн идеялар**

- Окуучулардан ар кандай жашоо чөйрөлөрүн жана ошол жашоо чөйрөлөрүнүн чөйрөсүн изилдөөсүн сураңыз. Окуучуларга бул жашоо чөйрөлөрүнүн сүрөттөрүн тартып, жаныбарлар бул жашоо чөйрөлөрүндө кайда жашаарын белгилөөсүн айтыңыз.

**Ата-энелер менен иштөө**

- Ата-энелерди үй-бүлөсүн бакчага же паркка алып чыгууга үндөңүз. Алар балдары менен бирге жашоо чөйрөсүн байкап, ал чөйрөдө эмнелер бар экенин аныктап сүйлөшүшсүн.

**Дифференциация**

**Кыйынчылык жараткан тапшырмалар:**
Окуучулардан Интернетти же илимий китептерди колдонуп, жер астындагы жашоо чөйрөсү жөнүндө көбүрөөк билүүсүн сураңыз. Алар жер астында кандай чөйрө бар экенин, аба жана суу бар же жок экенин изилдешсин.

**Колдоо көрсөткөн тапшырмалар:**
Окуучуларга көлмөнүн схемасын көрсөтүңүз. Алар көлмөдө кандай жаныбарлар жашайт деп ойлогондорун тартуусун же жазуусун сураңыз.

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| Сабак 3 (40 мүнөт) | |
|---|---|
| Сабакка киришүү **(5 мүнөт)** | • **Суроо бериңиз: Өсүмдүктөр чөйрөсүнөн эмнеге муктаж?** (Күтүлгөн жооптор: Суу, топурак, күн нуру, тамак-аш.)<br>• Окуучуларга өсүмдүктөр — тирүү организмдер экенин белгилеп өтүңүз.<br>• **Суроо бериңиз: Тирүү жандыктарга жашоо үчүн эмне керек?** (Күтүлгөн жооптор: Тамак-аш, суу, аба.)<br>• Окуучуларды тирүү жандыктар болгон өсүмдүктөргө да жашоо үчүн аба керек экенин түшүнүүгө алып келиңиз. |
| Көнүгүү **(30 мүнөт)** | • Иш дептеринин 24–25-беттериндеги 3А тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуучуларды 1–3-кадамдарды аткарууга жетектеңиз. Ар бир окуучуга 20 даана жашыл буурчактын уругун жана топурак бериңиз. Эгерде жумуртка табагы (лотоктору) жок болсо, пластик стакан же тамак куюучу идиштерди колдоно алышат.<br>• 7 жана 8-кадамдарды аткарууда кошумча колдоо керек болгон окуучуларга жардам көрсөтүңүз.<br>• Окуучуларга өз орнотууларын байкоого жана Иш дептеринин 24-бетиндеги 4-суроону талкуулоого убакыт бериңиз. Окуучулардан жоопторун бөлүшүүсүн сураңыз. (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Жумуртка лотогу, топурак, суу.) |

kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| | • Окуучуларга аба дагы жашыл буурчак үрөндөрүнүн жашоо чөйрөсүнүн бөлүгү экенин өзгөчө белгилеп өтүңүз.<br>• "Илимий ой жүгүртүү жана иштөө" бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, жабдууларды туура колдонушу керек экенин, эмне болорун болжолдой турганын жана изилдөө учурунда эмне болгонун сүрөттөп, натыйжалар алардын болжолдоолоруна дал келип- келгендигин айта турганын билдириңиз.<br>• Окуучулар ошондой эле көчөттүн бийиктигин стандарттуу эмес бирдикте өлчөп, байкоолорун таблицага жазып алышат.<br>• Окуу программасынын "Контексттеги илим" бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, 10-суроодо адамдын аракеттеринин чөйрөгө тийгизген таасирин карашаарын айтыңыз.<br>• Окуучуларга уруктарын күн сайын сугаруу жана байкоо жүргүзүү керек экенин эскертиңиз.<br>• Окуучулардан суроолорго жооп берүүсүн сураңыз. (Күтүлгөн жооптор:<br>4. Топурак, суу, аба.<br>5. Кээ бир же бардык үрөндөр кичинекей өсүмдүктөргө айланат. (Окуучуларга үрөндөр өсө баштаганда, алар "көчөттөр" деп аталаарын тааныштырыңыз.) Бардык үрөндөр өспөй калышы мүмкүн.<br>8. Окуучулардын сүрөтү көчөттүн сүрөтү болушу керек, бир нече жалбырактары менен. Эгерде жашыл буурчак үрөндөрүнүн бири да өнбөсө, окуучулардан себеби эмнеде болушу мүмкүн экенин сураңыз (мисалы, өтө көп суу, жетишсиз топурак). Окуучулар тартылган көчөттүн жанына чыныгы саманды скотч менен чапташы керек.<br>9. Жооптор ар кандай болушу мүмкүн.<br>10. Өсүмдүктөр соолуп, жакында өлүшү мүмкүн.) |
| Сабакты жыйынтыктоо **(5 мүнөт):** | • Окуучулардан жумуртка лотогундагы үрөндөрүн кайсы жерде сакташы керектигин талкуулоосун сураңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Үрөндөрүңөрдүн жакшы чөйрөгө ээ болушун камсыз кылуу үчүн күн сайын эмне кылышыңар керек?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Үзгүлтүксүз сугаруу. Аларды жылуу жерде кармоо. Жетиштүү аба бар терезенин жанында кармоо.) |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 4 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| **Сабакка киришүү (5 мүнөт)** | • Класс менен жалпы талкуу жүргүзүңүз:<br>• **Суроо бериңиз: Өсүмдүктөр жана жаныбарлар жашай алган кээ бир жерлер кайсылар?** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Суу ичинде, дарактын үстүндө, таштын астында, бакчада ж.б.) |
| Көнүгүү (30 мүнөт) | • Иш дептеринин 26-бетиндеги 3Б тапшырмасына кайрылыңыз.<br>• Окуу программасынын "Илимий ой жүгүртүү жана иштөө" бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга модель объектти көрсөтөрүн жана алар жашоо чөйрөнүн моделин жасай алаарын эскертиңиз.<br>• Окуу программасынын "Контексттеги илим" бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, иш-чаранын аягында алар кээ бир жаныбарларды үй жаныбары катары кармаса эмне болушу мүмкүн экенин билишет деп билдириңиз.<br>• Окуучуларга Иш дептеринин 26-бетиндеги 3Б тапшырмасын аткаруусун сураңыз. (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн.)<br>• Окуучуларга жардам катары жашоо чөйрөлөр тууралуу китептерди же сүрөт карталарды берсеңиз болот.<br>• Окуучуларга бул ресурстарды колдонуп, өздөрүнүн жеке моделин бүтүрүүгө убакыт бериңиз.<br>• Окуучулардан 2-суроого жооп берүүсүн сураңыз.<br>• Аларды үй жаныбары катары кармоого мыйзамсыз болгон жаныбарларга эмне болушу мүмкүн экени жөнүндө пикирлерин айтууга үндөңүз. (Күтүлгөн жооп: 2. Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Жаныбар өлүп калышы мүмкүн.) |
| Сабакты жыйынтыктоо (5 мүнөт): | • Окуучулар өздөрүнүн моделдери жөнүндө айтып беришсин.<br>• **Суроо бериңиз: Моделиңерге эмнелерди коштуңар?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы, баш калкалоочу жай, кээ бир өсүмдүктөр, кээ бир жаныбарлар.) |
| Үй тапшырма | • Окуучуларга ар кандай жашоо чөйрөлөр жөнүндө маалымат топтоо тапшырмасын бериңиз.<br>• Окуучуларга ар кандай жашоо чөйрөлөрү жөнүндө билүү үчүн Интернет же илимий китептер сыяктуу экинчилик маалымат булактарын колдоно аларын эскертиңиз. |

kitep.edu.kg

| Кичи бөлүм Б | Ар түрдүү жашоо чөйрөлөру | Сабактардын саны: 6 |
|---|---|---|

| |
|---|
| ***Кичи бөлүмдүн окуу максаттары**<br>**2Ве.О2** Ар кандай жашоо чөйрөлөрүндө ар кандай өсүмдүктөр жана жаныбарлар бар экенин билүү<br>**2Ве.О3** Жергиликтүү чөйрөлөрдү салыштырып, окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктоо — мисалы, ысык/суук, кургак/нымдуу, өсүмдүктөр көп/аз, жаныбарлар көп/аз.<br>**2ИОЖИб.О1** Айланабыздагы дүйнө тууралуу суроолорду берип, жоопторду кантип табууга болорун талкуулоо.<br>**2ИОЖИб.О2** Эмне болору тууралуу божомолдорду жасоо.<br>**2ИОЖИи.О1** Объекттерди, материалдарды жана тирүү организмдерди окшоштуктары менен айырмачылыктарына карап иретке келтирүү жана топтоо.<br>**2ИОЖИи.О5** Суроого жооп табуу үчүн берилген экинчилик маалымат булагын колдонуу.<br>**2ИОЖИс.О1** Изилдөө учурунда эмне болгонун жана ал күтүлгөн божомолдорго шайкеш келген-келбегенин сүрөттөө.<br>**2КИ.02** Илим биз колдонгон же тааныган нерселердин кантип иштээрин кантип түшүндүрүп берерин талкуулоо.<br>**2КИ.03** Илимди баары колдонорун түшүнүү жана илимди кесип катары колдонгон адистерди таанып-билүү.<br>**2КИ.04** Илим айлана-чөйрөгө болгон таасирибизди түшүнүүгө кантип жардам берерин талкуулоо. |
| **Негизги терминдер**<br>• суу жашоо чөйрөсү, чөл, чөптүү талаа, муздуу жашоо чөйрөсү, тропикалык жамгыр токойу |
| **Көп кездешкен жаңылыштыктар**<br><br>**1-жаңылыштык:** Бардык өсүмдүктөр жана жаныбарлар бардык чөйрөлөрдө жашай алышат.<br>**Туура түшүнүк:** Жашоо үчүн керектүү нерселерди чөйрөдөн ала алган өсүмдүктөр жана жаныбарлар гана ошол чөйрөдө жашай алышат.<br>**Кантип түшүндүрүү керек:**<br>**Суроо бериңиз: Чөлдө ак аюуну көрдүңөр беле?** Муну 1-бөлүмдө аюулардын калың жүнү бар экенин, бул аларды өтө суук жерде жашоого ылайыктуу кылаарын үйрөнгөндөрү менен байланыштырыңыз. Окуучуларга ак аюу чөлдө жашай албайт, анткени ал жер өтө ысык экенин түшүндүрүңүз. Ак аюу муздак чөйрөдө гана жашай алат. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 5 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)** | • Сиз класска аквариум же террариум алып келсеңиз болот.<br>• **Суроо бериңиз: Бул жашоо чөйрөсүндө кандай өсүмдүктөр жана жаныбарлар жашайт?** (Күтүлгөн жооп: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн.) |
| Диагностикалык баалоо<br>**(5 мүнөт)** | • Окуу китебинин 49-бетиндеги “Ой жүгүртүп көрчү!” бөлүмүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучулар үй тапшырмасында изилдеген жашоо чөйрөлөрүн эстеп, айтып беришсин.<br>• Айрым окуучуларга башка чөйрөлөр тууралуу тапкан маалыматтарын бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк бериңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Эмне үчүн кээ бир чөйрөлөрдө жаныбарлар аз, башкаларында көп болот?** (Күтүлгөн жооптор: Мисалы, тамак-аш менен суу жетишсиз болушу мүмкүн. Жашоо чөйрөсү өтө ысык же өтө суук болушу мүмкүн.) |
| Көнүгүү<br>**(15 мүнөт)** | • Окуу китебинин 49–50-беттериндеги “Кел, изилдейли” бөлүгүнө кайрылыңыз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, бул иш-чарада алар тирүү жандыктар жөнүндө суроолорду берип, алардын кайда жашаарын аныктай турганын билдириңиз. Алар ошондой эле жоопторду кантип табаарын талкуулашат. Иш-чаранын экинчи бөлүгүндө окуучулар байкоолорун көрсөтүү үчүн схемадагы чаптамаларды колдонушат.<br>• Окуучулардан 1-суроодогу кумурсканын, суугалдактын (лотостун), таш баканын жана гибискустун сүрөттөрүн кароосун сураңыз. Окуучулардан бул өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды көрүшкөнбү жана кайсы жерден көргөнүн сураңыз.<br>• 2-суроодо окуучуларга жашоо чөйрөсү сунушталат. Мурунку сабакта түзүлгөн схема же картага кайрылыңыз. Окуучуларга китептин аркасындагы чаптамаларды алып, аларды туура жерге чапташ үчүн убакыт бериңиз. (Күтүлгөн жооптор: Канаттуу жаныбар — даракка; лотос жалбырагы жана балык — сууга; гүл — өсүмдүккө.) |

kitep.edu.kg

| | |
|---|---|
| | • **Суроо бериңиз: Эмне үчүн бул өсүмдүктөр жана жаныбарлар ушул бакчада жашай беришет?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Мисалы: жетиштүү суу, тамак жана баш калкалоочу жай бар. Бакча аба менен камсыз.) Окуучуларга бул суроону бир классташы менен талкуулоого убакыт бериңиз. Айрым окуучулардан өз талкуусун бөлүшүүсүн өтүнүңүз. Бул жооптор аркылуу сиз 1-жаңылыштык бар экенин аныктай аласыз (бөлүм башындагы Көп кездешкен жаңылыштыктарга кайрылыңыз).<br>• **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга мээ чабуул учурунда классташтарынын сунуштарын сыйлоо абдан маанилүү экенин баса белгилеңиз. Окуучуларга кезектешип сунуш берүүнү эскертиңиз. Аларды жашоо чөйрөлөрү жөнүндө көбүрөөк билүүгө бири-бирине жардам берүү үчүн сунуштарды берүүгө үндөңүз. |
| Түшүндүрүү<br>**(10 мүнөт):** | • Окуу китебинин 51-бетиндеги “Кел, үйрөнөлү” бөлүгүнө кайрылыңыз.<br>• Окуучулардан мурунку иш-чарадан талкуулаган ойлорун эстеп, суроолорго жооп берүүгө колдонушун сурангыла.<br>• **Суроо бериңиз: Тропикалык токойдон эмнелерди таба алабыз?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Чоң  дарактар, кичинекей өсүмдүктөр, таштар, жаныбарлар, курт-кумурскалар.)<br>• Окуучуларга жуптары менен талкуулоого убакыт бериңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Тропикалык токойдун жашоо чөйрөсүн кандайча сүрөттөй аласыңар?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Көп дарактар бар. Жаныбарлар үчүн тамак бар. Суу бар. Жарык бар.)<br>• Окуучуларга тропикалык токойдун чөйрөсү нымдуу жана жылуу экенин белгилеңиз. Мындай шартта жашай ала турган өсүмдүктөр менен жаныбарлар ушул чөйрөдө кездешет. Окуучуларга 1-бөлүмдөн үйрөнгөн тери каптамалардын өзгөчөлүктөрү тууралуу эскертиңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Нымдуу жана жылуу чөйрөдө жаныбарларда кандай тери каптамасы болушу мүмкүн?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Жүндөрү калың эмес. Кургак болууга жардам бере турган тери каптамасы)<br>• **Тил байлыгын өрчүтүү:** “Сөз куржуну” бөлүмүндөгү сөздүн маанисин баса белгилеп түшүндүрүңүз.<br>камсыз кылуу – берүү<br>• Окуу китебинин 52-бетиндеги “Кел, үйрөнөлү” бөлүгүнө кайрылыңыз.<br>• **Суроо бериңиз: Чөптүү талааларда эмнелерди таба алабыз?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Чөптөр, дарактар.)<br>• Окуучуларга классташы менен талкуулоого убакыт бериңиз.<br>• **Суроо бериңиз: Чөптүү талаадагы чөйрөнү кандайча сүрөттөй аласыңар?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. Дарактар аз. Ачык мейкиндик. Чөп көп. Жарык көп.)<br>• Окуучуларга чөп талаалардын жашоо чөйрөсү ысык жана жарык экенин түшүндүрүңүз. Бул чөйрөдө жашай алган өсүмдүктөр жана жаныбарлар гана чөп талааларда жашайт. |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):** | • Окуучуларды тропикалык токой менен чөптүү талаада кездешүүчү жаныбарлардын түрлөрү жана алардын жашоо чөйрөсү менен өз ара байланышын көрүүгө багыттаңыз.<br>• Мугалимдин колдонмосунун арткы бөлүгүндөгү “Ой жүгүртүү түзүмү 5 – Салыштыр жана айырмала”бөлүмүн толтурууну тапшырып, окуучулардан тропикалык токой менен чөптүү талааны салыштырып, айырмачылыктарын аныктап чыгышын сураңыз. |
| Үй тапшырма | • Окуучуларга Окуу китебинин 59-бетиндеги “Технологиялар жөнүндө кеп!” бөлүгүн үй тапшырма катары аткарууну тапшырыңыз.<br>• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга жаныбарлардын кыймылын байкоо үчүн окумуштуулар колдонгон куралдар жөнүндө көбүрөөк билүү үчүн Интернет же илимий китептер сыяктуу экинчилик маалымат булагын колдоно аларын эскертиңиз.<br>• Окуу китебинин 57–58-беттериндеги “Көйгөйдү чечкенди үйрөнөлү” бөлүгүнө даярдануу үчүн, окуучулардан гибискус же иксора өсүмдүгү сыяктуу гүл идиштеги өсүмдүктү даярдоосун сураңыз. Кактусту колдонбоңуз, анткени бул өсүмдүк аз суу талап кылат жана практикалык иштин максаттуу натыйжасын өзгөртүшү мүмкүн. Класс ичинде дагы бир нече гүл идишти коюп коюу пайдалуу болот. Окуучулардан гүл идиштеги өсүмдүктү “Көйгөйдү чечкенди үйрөнөлү” иш-чарасын аткарардан мурун эки жума бою үйдө кармоосун сураңыз. Окуучуларга гүл идиштеги өсүмдүктү жетиштүү жарык бар үйдүн ичине коюп, эки жума бою сугарбоосун тапшырыңыз. Окуучуларга 1-кадам үчүн божомолдоолорун талкуулап, жаза алаарын билдириңиз. |

**Сабакка киришүүнүн альтернативдүү жолдору**

- Окуучулар үчүн жашоо чөйрөсүнө виртуалдык саякат уюштуруңуз. Саякат учурунда окуучулардан жашоо чөйрөсүндө кездешүүчү өсүмдүктөр менен жаныбарларды аныктап чыгууну өтүнүңүз. Ошондой эле, окуучулар бул чөйрөдө табылган нерселерди (мисалы, суу, жарык, өсүмдүктөр, таштар ж.б.) белгилеп кетишет.
- Табият паркынан адисти чакырып, бакча же парктагы жашоо чөйрөсү тууралуу баяндап берүү сунушталат.

kitep.edu.kg

**Негизги сабак үчүн альтернативдик иш-аракеттердин идеялары**

- Окуучуларды топторго бөлүп, ар кандай материалдарды колдонуп бакчанын, аквариумдун же көлмөнүн моделин жасап чыгууга багыттаңыз.
- Алар моделге ошол жашоо чөйрөсүндө кездешүүчү өсүмдүктөр менен жаныбарларды кошо алышат.

**Сабакты жыйынтыктоонун альтернативдүү идеялары**

- Ар бир окуучу белгилүү бир жашоо чөйрөсүн жана анын айлана-чөйрөсүн сүрөттөп берет. Калган окуучулар бул чөйрөдө кандай өсүмдүктөр менен жаныбарлар болушу мүмкүн экенин болжолдошот.

**Тереңдетилген окуу үчүн идеялар**

- Окуучулардан муздуу жашоо чөйрөсүн жана ал ал жактагы чөйрөнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу билип келишсин.
- Окуучулардан чөлдө, суу өтө аз жерде, өсүмдүктөр менен жаныбарлар кантип жашай аларын изилдөөсүн сураңыз.

**Ата-энелер менен иштөө**

- Ата-энелерге үйлөрүндө гүл идиштериндеги өсүмдүктөрдүн бакчасын уюштурууну сунуштаңыз. Алар көпөлөктөрдү тартуу үчүн гүлдүү өсүмдүктөрдү кошо алышат. Ошондой эле, бул бакча чөйрөсү өсүмдүктөр менен көпөлөктөргө эмнелерди камсыз кылып жатканын бирге талдап чыгышсын.

**Дифференциация**

**Кыйынчылык жараткан тапшырмалар:**
Ар кандай жашоо чөйрөсү тууралуу изилдөө жүргүзүп, жөнөкөй схема же таблица түзүп, класска бөлүшсүн.

**Колдоо көрсөткөн тапшырмалар:**
Тропикалык токойдун сүрөтүн берип, ошол жерде кандай жаныбарлар жашашы мүмкүн экенин айтып берүүнү өтүнүңүз.

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 6 (80 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)** | • Класстын ичиндеги бардык желдеткичтерди өчүрүңүз.<br>• **Сураңыз: “Өзүңөрдү кандай сезип жатасыңар?”** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы: абдан ысык, ыңгайсыз)<br>• **Сураңыз: “Азыркыдан да ысык болгон чөйрөдө жашай алат белеңиз?”** (Күтүлгөн жооп: Окуучулардын жообу ар кандай болушу мүмкүн.) |
| Диагностикалык баалоо<br>**(5 мүнөт)** | • Окуучуларга мурунку сабакта үйрөнгөн тропикалык токойлор жана чөптүү талаалар жөнүндө эстөөгө жана талкуулоого жардам бериңиз. Айрым окуучулардан ошол жашоо чөйрөлөрүндө кандай өсүмдүктөр менен жаныбарлар жашай турганын айтып беришин сурангыңыз. Ошол чөйрөлөрдүн чөйрөлүк өзгөчөлүктөрү тууралуу да айтышсын.<br>• **Сураңыз: “Эмне үчүн өсүмдүктөр менен жаныбарлар тропикалык токойдо же чөптүү талаада жашай алышат?”** (Күтүлгөн жооптор: Ар кандай болушу мүмкүн. Өсүмдүктөр жана жаныбарлар жашоо үчүн керек болгон нерселерди чөйрөдөн таба алышат – мисалы, тамак, суу, баш калкалоочу жай.) |
| Көнүгүү<br>**(15 мүнөт)** | • Окуучуларды топторго бөлүңүз жана аларга төмөнкү жаныбарлар жөнүндө талкуу жүргүзүүнү сунуштаңыз: төөлөр, пингвиндер, сегиз буттар (осьминог).<br>• Ар бир жаныбар тууралуу окуучулардын сүрөттөмөлөрүн тактага таблица түрүндө жазып коюңуз.<br>(Күтүлгөн жооп: Жооптор ар кандай.) |

| | **төөлөр** | **пингвиндер** | **сегиз буттар (осьминог)** |
|---|---|---|---|
| Сүрөттөмө | Ысык чөйрөдө жашай алган жаныбарлар<br><br>Көп суу талап кылбаган жаныбарлар | Өтө суук жерде жашай алган жаныбарлар<br><br>Калың куш жүндөрү бар жаныбарлар<br><br>Өсүмдүктөрдү жебеген жаныбарлар | Сууда сүзө алган жаныбарлар |

- **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучуларга мээ чабуул учурунда классташтарынын сунуштарын сыйлоо абдан маанилүү экенин баса белгилеңиз. Окуучуларга кезектешип сунуш берүүнү эскертиңиз. Аларды ар кандай жашоо чөйрөлөрү жөнүндө көбүрөөк билүүгө бири-бирине жардам берүүгө үндөңүз.

kitep.edu.kg

<table>
<tr>
<td>Түшүндүрүү<br>(50 мүнөт)</td>
<td>
<ul>
<li>Окуу китебинин 53-бетиндеги сүрөткө кайрылыңыз.</li>
<li>Сураңыз: Чөлдө эмнелерди көрүүгө болот? Окуучуларга коңшусу менен жоопторун талкуулоого убакыт бериңиз. (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы, кум, таштар, төөлөр, чаяндар.)</li>
<li>Сураңыз: Чөлдүн чөйрөсүн кандайча сүрөттөй аласыз? (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Бул жер абдан ысык. Суу өтө аз. Бул жерде өсүмдүктөр жана жаныбарлар аз жашайт.)</li>
<li>Окуучуларга чөлдүн чөйрөсү абдан ысык жана кургак экенин белгилеңиз.</li>
<li>Окуу китебинин 54-бетиндеги сүрөткө кайрылыңыз.</li>
<li>Сураңыз: Муздуу жашоо чөйрөсүндө эмнелерди көрүүгө болот? (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Муз, суу, айсберг, ак аюулар, пингвиндер) Окуучуларга коңшусу менен жоопторун талкуулоого убакыт бериңиз.</li>
<li>Сураңыз: Муздуу жашоо чөйрөсүн кандайча сүрөттөй аласыз? (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Өсүмдүктөр жок. Бул жер абдан суук. Бул жерде муз көп.)</li>
<li>Окуучуларга муздуу жашоо чөйрөсү абдан суук жана шамалдуу экенин белгилеңиз.</li>
<li>Окуу китебинин 55-бетиндеги сүрөткө кайрылыңыз.</li>
<li>Сураңыз: Суу чөйрөсүндө эмнелерди көрүүгө болот? (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Бул жерде суу көп. Балыктар жана суу өсүмдүктөрү жашай алат.)</li>
<li>Окуучуларга коңшусу менен жоопторун талкуулоого убакыт бериңиз.</li>
<li>Сураңыз: Суу чөйрөсүн кандайча сүрөттөй аласыз? (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Айрым өсүмдүктөр бар. Ал толугу менен суу менен курчалган.) Окуучуларга сууда жашаган жаныбарлар «суу жаныбарлары» деп аталат экенин белгилеңиз.</li>
<li>MCE Cambridge тиркемеси аркылуу окуу китебинин 55-бетиндеги суу чөйрөсү тууралуу видеону иштетип бериңиз. MCE Cambridge тиркемеси аркылуу видеону экранга көрсөтүңүз.</li>
<li>Окуу китебинин 56-бетиндеги сүрөткө кайрылыңыз. Окуучуларга 56-беттеги маалыматты карап чыгууга убакыт бериңиз.</li>
<li>Окуучулардын бөлүшкөн маалыматтарын тактага таблица түрүндө жазсаңыз болот.</li>
<li>Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга жашоо чөйрөлөрүнүн ортосундагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды табууну үйрөнүшөөрүн билдириңиз.</li>
<li>Окуучуларга бул окшоштуктарды жана айырмачылыктарды жөнөкөй таблицаны толтуруу менен жазып алаарын айтыңыз. Таблицаны колдонуу маалыматты уюштурууга жана аны изилдөөнү жеңилдетүүгө жардам берерин түшүндүрүңүз.</li>
</ul>
<table>
<tr><th></th><th>Окшоштуктар</th><th>Айырмачылыктар</th></tr>
<tr><td>Муздуу жашоо чөйрөсү</td><td rowspan="2">Аларда өсүмдүктөр жана жаныбарлар өтө аз.</td><td>Муздуу жашоо чөйрөсү абдан суук.</td></tr>
<tr><td>Чөл</td><td>Чөл абдан ысык.</td></tr>
</table>
<table>
<tr><td></td><td>Окшоштуктар</td><td>Айырмачылыктар</td></tr>
<tr><td>Чөптүү талаа</td><td rowspan="2">Аларда көп өсүмдүктөр жана жаныбарлар бар.</td><td>Чөптүү талаа  чөп көп, бир аз дарактар бар.</td></tr>
<tr><td>Суу чөйрөсү</td><td>Суу чөйрөсүндө суу көп</td></tr>
</table>
<ul>
<li>Окуу китебинин 59-бетиндеги «Технологиялар жөнүндө кеп!» бөлүмүнө кайрылыңыз.</li>
<li>Айрым окуучуларды жаныбарлардын кыймылын байкоо үчүн окумуштуулар колдонгон шаймандар тууралуу табылган маалыматтарын класс менен бөлүшүүгө чакырыңыз.</li>
</ul>
</td>
</tr>
<tr>
<td>Сабакты жыйынтыктоо<br>(5 мүнөт):</td>
<td>
<ul>
<li>Окуучуларга Окуу китебинин 60-бетиндеги «Билимиңди текшер» бөлүмүндөгү суроого жооп берүүнү сунуштаңыз. (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Экөө тең нымдуу чөйрөлөр. Экөөндө тең жаныбарлар көп. Тропикалык токойдо дарактар көп, ал эми суу чөйрөсүндө өсүмдүктөр аз. Суу чөйрөсүндө суу көп.)</li>
<li>Окуучулардан бөлүмдүн аягында жетишкендиктерин баалоо үчүн Окуучулар китебинин 60-бетиндеги “Мен билем” кутучаларын белгилөөсүн сураңыз.</li>
<li>Бул сабактын аягына чейин бардык туура эмес түшүнүктөр такталып, оңдолгонуна ынануу керек.</li>
</ul>
</td>
</tr>
<tr>
<td>Үй тапшырма</td>
<td>
<ul>
<li>Окуучуларга Иш дептеринин 28–29-беттериндеги 3Г-Тапшырмасында көрсөтүлгөн жашоо чөйрөлөрү кайсы өлкөлөрдө кездешерин изилдөөнү үй тапшырма катары бериңиз.</li>
<li>Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга бул жашоо чөйрөлөрү жөнүндө көбүрөөк билүү жана ар бир жашоо чөйрөсүн кайсы өлкөдөн таба алаарын аныктоо үчүн Интернет же илимий китептер сыяктуу экинчилик маалымат булагын колдоно аларын эскертиңиз.</li>
</ul>
</td>
</tr>
</table>

kitep.edu.kg

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

<table>
<tr><th colspan="2">Сабак 7 (40 мүнөт)</th></tr>
<tr><td>Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)**</td><td>
• Окуучуларга жумшак оюнчук же топту жай ыргытыңыз. Ким кармаса, өткөн сабактан эстеген жашоо чөйрөсүнүн бирин айтып берет.<br>
• Бардык жашоо чөйрөлөрү айтылып бүткөнчө бул иш-аракетти улантыңыз.
</td></tr>
<tr><td>Көнүгүү<br>**(15 мүнөт)**</td><td>
• Иш дептеринин 27-бетиндеги 3В-тапшырмасына кайрылыңыз. Окуучуларга Окуу китебинин 51–56-беттерин карап чыгууга убакыт бериңиз.<br>
• Окуучуларга Иш дептеринин 27-бетиндеги 3С-ишмердүүлүктү аткарууну сунуштаңыз.<br>
• Окуу программасынын “Илимий ой жүгүртүү жана иштөө” бөлүмүнө байланыштыруу үчүн, окуучуларга тирүү жандыктарды таблицага топтоштура турганын билдириңиз.<br>
• Окуучуларга жоопторун текшерүүнү сунуштаңыз. Эгер күмөн санашса, жанындагы окуучу менен кеңешип, туура жоопту жана анын себебин бирге талкуулашсын. (Күтүлгөн жооп:
<table>
<tr><th>Жашоо чөйрөсү</th><th>Тропикалык токой</th><th>Чөл</th><th>Муздуу чөйрө</th></tr>
<tr><td>Жаныбар/Өсүмдүк</td><td>тукан, жөргөмүш, маймыл, дарак</td><td>төө, кактус</td><td>ак аюу</td></tr>
<tr><td>Чөйрө</td><td>нымдуу, жылуу</td><td>кургак, ысык</td><td>суук, шамалдуу</td></tr>
</table>
</td></tr>
<tr><td>Көнүгүү<br>**(15 мүнөт)**</td><td>
• Иш дептеринин 28–29-беттериндеги 3Г-тапшырмасына кайрылыңыз.<br>
• Окуучулардан изилдөөлөрүнөн чогулткан маалыматты бөлүшүүсүн сураңыз.<br>
• Сиз алдын ала окуучуларга жардам берүүчү маалымат камтылган китептерди жана сүрөттөлгөн карточкаларды даярдап койсоңуз болот.<br>
• Окуучуларга бул китептерди жана сүрөт карточкаларды карап чыгууга убакыт бериңиз. Окуучулар кайсы өлкөдө кайсы жашоо чөйрөсү кездешерин аныктап, маалымат менен бөлүшүшсүн.<br>
• Окуучулар таблицаны толтурушсун. (Күтүлгөн жооп:
<table>
<tr><th>Жашоо чөйрөсү</th><th>Өлкө</th></tr>
<tr><td>Чөптүү талаа</td><td>Жаңы Зеландия,<br>Австралия,<br>Америка,<br>Кытай,<br>Индия<br>(Башка туура жооптор да кабыл алынат)</td></tr>
<tr><td>Чөл</td><td>Африка,<br>Кытай,<br>Индия,<br>Сауд Аравиясы<br>(Башка туура жооптор да кабыл алынат)</td></tr>
<tr><td>Муздуу жашоо чөйрөсү</td><td>Гренландия,<br>Норвегия,<br>Россия,<br>Аляска (АКШ),<br>Канада</td></tr>
</table>
• Окуучулар Иш дептеринин 29-бетиндеги 3Г-тапшырмасынын 2 жана 3-суроолоруна жооп беришсин.<br>
• Окуучуларга жоопторун текшерүүнү эскертиңиз.Эгер күмөн санашса, жанындагы окуучу менен кеңешип, туура жоопту жана анын себебин бирге талкуулашсын.<br>
(Күтүлгөн жооп: 2-суроо: Чөлдүү жашоо чөйрөсүн кайдан тапса болот? Ак аюулар кайда жашашат?<br>
3а: жаныбарлардын көптүгү, нымдуулук<br>
3б: жаныбарлардын аздыгы, өсүмдүктүн аздыгы
</td></tr>
<tr><td>Сабакты жыйынтыктоо<br>**(5 мүнөт):**</td><td>
• Окуучулар 3В жана 3Г ишмердүүлүктөрүндөгү жоопторун салыштырып, талкуулашсын.<br>
• Окуучулардан жашоо чөйрөсү тууралуу бир нерсени эстеп айтып беришин сурангыла. (Күтүлгөн жооптор: Ар түрдүү болушу мүмкүн.)
</td></tr>
<tr><td>Үй тапшырма</td><td>
• Эки жума мурун үй ичинде отургузулуп багып жүргөн идиштеги өсүмдүккө байкоо жүргүзүүнү тапшырыңыз.
</td></tr>
</table>

kitep.edu.kg

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 8 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(5 мүнөт)** | • Окуучулар Окуу китебинин 57–58-беттериндеги “Көйгөйдү чечкенди үйрөнөлү” бөлүмүнүн 2а-кадамын аткарышкан болушу керек.<br>• Сиз бул иш-чарага бөлүп койгон гүл идиштеги өсүмдүктү да алып чыгышыңыз мүмкүн. |
| Көнүгүү<br>**(25 мүнөт)** | • Бул сабакты өткөрүү үчүн Интернет жеткиликтүү болушуна шарт түзүңүз.<br>• Окуучулардан 1-кадамга берген жоопторунун туура экендигин текшерүүсүн сураңыз.<br>• Окуучулар топтордо иштеп, 2бдан 5ке чейинки суроолорго жооп беришсин |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(10 мүнөт):** | • **СЭО (Социалдык-эмоционалдык окутуу):** Окуучулар бул учур алардын суроо берүү ыкмалары жана кандай суроо берип жатканы тууралуу ой жүгүртүүгө жакшы мүмкүнчүлүк экенин түшүнүшсүн. Суроолор байкоолорго негизделиши керек жана башка бирөөнүн сезимине доо кетирбеши керек. Суроолор жооп аркылуу маалымат алууга жана билимди өркүндөтүүгө жардам бериши керек. Мисалы:<br>– «Өсүмдүктөр тирүү жандыкпы?»<br>– «Жамгыр жаабаса, өсүмдүктөр башка жактан суу ала алабы?»<br>• Окуучулар өз жоопторун баалашсын жана аларды кантип жакшыртууга болорун талкуулашсын.<br>(Күтүлгөн жооптор:  2б. Ар түрдүү болушу мүмкүн. Өсүмдүк өтө алсыз көрүнөт. Айрым жалбырактар куурагaн. Айрым жалбырактар түшүп калган. Топурак кургап калган. Сабагы соолуп калган. 3. Жооптор ар түрдүү болушу мүмкүн. 4. Суу. 5. Өсүмдүктөрдү сугара алабыз. Өзүн-өзү сугаруучу шаймандарды колдонсок болот.) |
| Үй тапшырма | • Иш дептеринин 30-бетиндеги «Сөз оюну» тапшырмасын бериңиз.<br>• Окуу китебинин 61–62-беттериндеги «Көнүгүү барагы» тапшырмасын да үй тапшырмасы катары берилсин. |

## Сабактын планы

Төмөндө көрсөтүлгөн сабак планы мугалимдер үчүн онлайн форматта жеткиликтүү болот. Аны өз муктаждыктарына жараша түзөтүп, ылайыкташтырып колдонсо болот.

| **Сабак 9 (40 мүнөт)** | |
|---|---|
| Сабакка киришүү<br>**(10 мүнөт)** | • Окуучулар ушул бөлүмдөгү эки кичи бөлүмдө үйрөнгөндөрүн эстеши үчүн төмөнкү суроолорду бериңиз:<br>• **– Суроо: Чөйрө деген эмне?** (Күтүлгөн жооптор: Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Өсүмдүктү же жаныбарды курчап турган нерселердин баары анын чөйрөсү.)<br>• **– Суроо: Жашоо чөйрөсү деген эмне?** (Күтүлгөн жооп: Бул өсүмдүк же жаныбар табигый жашаган жер.)<br>• **– Суроо: Жашоо чөйрөлөрүнүн кандай түрлөрү бар?** (Күтүлгөн жооптор: Тропикалык токой, чөптүү талаа, чөл, муздуу жашоо чөйрөсү жана суу чөйрөсү.)<br>• **– Суроо: «Кээ бир жашоо чөйрөлөрү кандайча окшош болушу мүмкүн?»** (Күтүлгөн жооп: Алардагы өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын саны окшош болушу мүмкүн.)<br>• **– Суроо: «Кээ бир жашоо чөйрөлөрү кандайча айырмаланат?»** (Күтүлгөн жооптор: Кээ бири суук болсо, кээ бири ысык болот. Кээ бири кургак болсо, кээ бири нымдуу болот.) |
| Көнүгүү<br>**(20 мүнөт)** | • Окуучулар мурунку сабакта үй тапшырмасы катары Окуу китебинин 61–62-беттериндеги «Көнүгүү барагы» бүтүрүшү керек болчу.<br>• Эми ошол баракчадагы суроолорду жана жоопторду бирге карап чыгыңыз. Бул формативдик баалоо катары колдонулуп, окуучулардын түшүнүктөрүн текшерүүгө жардам берет.<br>• Суроолор аркылуу текшерилип жаткан түшүнүктөр:<br>– Суроо 1 – түшүнүктөр жана туура эмес түшүнүктөр<br>– Суроо 2 – жашоо чөйрөсүн сүрөттөө<br>– Суроо 3 – ар кандай жашоо чөйрөлөрүн жана ошол чөйрөлөрдө жашаган жаныбарларды аныктоо<br>– Суроо 4 – ар кандай жашоо чөйрөлөрүн таануу<br>• Окуучулар кыйынчылык жараткан түшүнүктөрдү аныктаңыз жана керек болсо ошол түшүнүктөрдү кайра түшүндүрүңүз. Эгерде туура эмес түшүнүктөр болсо, аларды оңдоңуз. |
| Сабакты жыйынтыктоо<br>**(10 мүнөт):** | • 3-бөлүмдө үйрөнүлгөн түшүнүктөрдү кайталоо үчүн Иш дептеринин 31-бетиндеги «Кел, картага түшүрөлү» бөлүмүн бирге карап чыгыңыз. |
| Үй тапшырма | • Иш дептеринин 32–34-беттериндеги «Кел, кайталайлы» бөлүгүн үй тапшырмасы катары бериңиз. |

kitep.edu.kg

# Сунушталган жооптор

## Окуу китеби

### Көнүгүү барагы, 61-62-беттер

1. Туура эмес, Туура эмес, Туура, Туура эмес, Туура
2. ал жерде жашаган жаныбарлардын саны аз
3. Жооптор ар кандай болушу мүмкүн. Мисалы, суудагы жашоо чөйрөсү жана балык, чөл жана төө
4. суу чөйрөсү
   чөл
   муздуу аймак
   чөптүү талаа

## Иш дептери

### Сөз оюну, 30-бет:

1. чөптүү талаа
2. ысык
3. муздуу
4. чөйрө
5. баш калкалоочу жай
6. суу
7. маймылдар
8. тропикалык жамгырлуу токой
9. өсүмдүктөр
10. ак илбирс

Жашыруун сөз: ЖАШОО ЧӨЙРӨ

### Кел, картага түшүрөлү – 31-бет:

Жашоо чөйрө — бул өсүмдүк же жаныбар табигый кездешкен жери.

Тропикалык жамгырлуу токойдун айлана-чөйрөсү нымдуу жана жылуу.

Чөптүү талаанын айлана-чөйрөсү – ачык жана ысык.

Муздуу жашоо чөйрөсү – суук жана шамалдуу.

Чөл айлана-чөйрөсү — ысык жана кургак.

Суу жашоо чөйрөсүнүн айлана-чөйрөсүндө суу көп болот.

Айлана-чөйрө жаныбарларга, тамак, баш калкалоочу жай, суу жана алардын жашоосу үчүн мейкиндик берет.

### Кел, кайра карап чыгалы – 32–34-беттер:

1. Муздуу – суук жана шамалдуу
   чөл – ысык жана кургак
   тропикалык жамгырлуу токой – нымдуу жана жылуу
   чөптүү талаа – ысык жана жарык

2. тамак-аш, баш калкалоочу жай, суу

3. 1-жооп: чөл
   2-жооп: муздуу
   3-жооп: суу чөйрөсү
   4-жооп: чөптүү талаа

4. Адил жана Мээрим

kitep.edu.kg